# КУСЕЙИН ЭСЕНКОЖОЕВ

## *Чыгармалар жыйнагы*



Кусейин ЭСЕНКОЖОЕВ

84 Киз
Э 84

# ЧЫГАРМАЛАР ЖЫЙНАГЫ

*Аңгемелер жана ырлар*

Бишкек
2018

Инв. № 5795

# КУСЕЙИН ЭСЕНКОЖОЕВ
(1920–1944)

*Балдар жазуучусу Күсейин Эсенкожоев Жети-Өгүз районундагы Ичке-Булуң айылында 1920-жылы туулган. 1937-жылы орто мектепти бүтүрүп, ошол эле жылы күзүндө Фрунзедеги педагогикалык окуу жайына (педучилищега) кирип, аны артыкчылык дипломму менен аяктайт. 1938–1939-жылдары Кыргызстан Мамлекеттик басмасында редактор жана балдар адабиятты бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт. 1939-жылы сентябрь айынан баштап Кыргызстан мамлекеттик педагогикалык институтунун студенти болуп калат. К.Эсенкожоев институттун экинчи курсун аяктап, Алма-Атадагы офицерлерди даярдоочу согуш мектебине жиберилип, согушка лейтенант наамындагы офицер катары катышкан. Ал курсту аяктаган соң Ташкенде, Москвада болуп, андан согушка кирет. Калуга шаарында согуштан жаракат алып, госпиталда жатат да, сакайгандан кийин 1942-жылы 28-августтан баштап майданга кайра кирет. Андан бери карай ал жөнүндөгү маалыматтар үзүл-кесил болуп толук сакталбаган. 1944-жылдын март айында Кыргызстан Жазуучулар Союзуна жазган каты жазуучунун 1944-жылы каза болгонун ырастайт.*

*К.Эсенкожоев жазуу аракетин эрте баштаган. Анын чыгармачылык өмүр жолу бар болгону 4–5 жыл-*

*га гана созулган. Ал учурда кыргыз балдар адабияты боюнча жазылган чыгармалар сейрек, ал эми илимий фантастикалык жанрлардын үстүндө эмгектенген К.Эсенкожоевден башка акын-жазуучулар чыга элек эле. Жазуучу алгач орус жана башка элдердин көркөм адабияттарынан таасир алып, анан чыгарма жазууга белсенгендиги байкалат. Айрыкча Жюль Верндин, Даниел Дефонун, Джонатан Свифтин фантастикалык, Байрондун романтикалык чыгармаларын, орус классикалык адабиятынын Пушкиндин, Лермонтовдун ырларын сүйүп окуп, алардан таалим-таасир алгандыгы тууралуу да маалыматтар бар.*

*Студенттик жылдар «жаш жазуучунун алгачкы кыска өмүрүнүн эң соңку эпилогун түзөт». Ушул институттан ал мектеп жылдарынан башталган айрым адабий чыгармачылык ишин жыйынтыктап, «Саякатчы бала» (1937), «Үчүнчү шар» (1939), «Родинанын уулу» (1939) ындын илимий-фантастикалык чыгармаларын жарыкка чыгарып, кыргыз адабиятында мурда болуп көрбөгөн учкул ойдун жанры – илимий фантастикалык чыгарманын алгачкы чыйырын салат. Андан тышкары «Шарше» (1939) аттуу реалисттик аңгемесин, «Канаттуулар» (1939) поэмасын жана көп сандаган ырлардын циклин басмага жарыялайт. Ошол эле мезгилде кээ бир поэмалардын образдары ачылбай, окуялары аякталбай, үтүр коюлган боюнча калат, ага капыстан чыккан согуш себеп болгон.*

*К.Эсенкожоевдин «Саякатчы бала» аттуу фантастикалык чыгармасы ошол кездеги чыгармалардан кескин айырмаланып, илимий фантастикага үндөгөн мүнөзү менен жалпы окурмандардын көңүлүн*

өзүнө бура алган. Бирок, жаш жазуучудан чыныгы илимий-фантастикалык чыгармадагы татаал сюжеттүүлүктү, көтөргөн чоң проблемаларды талап кылуу орунсуз болмок. Жазуучунун прозалык чыгармаларына мүнөздүү болгон биринчи жактан баяндоо ыкмасы ушул «Саякатчы балада» колдонулган. Кескин өзгөрмөлүү, окуялуу курч сюжеттерден түзүлгөн бул аңгеме «Тоо тике атканда», «Шарда учканда», «Талаага чыкканда», «Мамонтту тирилткенде», «Көгүчкөндөр окуганда», «Бардык жерде жүрүүчү кайык» аттуу бөлүмдөрдөн куралган. Темалардын ортосундагы логикалык байланыш сакталбаган. Ар бири өз-өзүнчө окуя боло турган чакан аңгемелер. Ырас, азыркы окурмандардын көркөм табитинин деңгээли менен чен-өлчөм жасоого болбогон, примитивдүү, илимий фантазияга же элдик оозеки чыгармачылыктагы калптар жанрына жатпаган бөлүмдөрү да бар. Бул чыгарма 1936 жылы кыргыз тилине которулган Э.Распенин «Мюнхаузендин башынан өткөргөндөрү» аттуу окуялуу аңгемелеринин таасири астында жазылгандыгы баамга урунат. Автор ал чыгармадан реалдуу окуяларга фантастикалык түс берүүнүн айрым жолдорун кабыл алып, аны чыгармачылык менен пайдаланган.

Илимий-фантастиканын элементтери ачыгыраак көрүнгөн «Бардык жерде жүрүүчү кайык» аттуу бөлүмдө каарман кыялында жасап алган кургакта, сууда, абада жүрө алган кайыгы менен жерди айланат. 1961 жылы Гагарин жана улуу окумуштуулар чындыгы эрдикке тете жасаган зор окуяны утурлай кыялданган бул табылганы — автордун илимий-фантас-

тикага, анын талаптарына карата жасаган туура кадамы десек болот. Каалаcа суу астында, каалаcа үстүндө, кургакта жүрө алган, зарыл учурда самолет болуп учуп кете берген согуштук техника мына азыр чыгып отурат. 30-жылдарда ал Эсенкожоевдин гана фантазиясы эле. Ушул чыгармаларына удаалаш анын «Үчүнчү шар», «Родинанын уулу» аттуу фантастикалык чыгармалары жарык көрдү. Бул чыгармаларында санаттык деңгээл көтөрүлүп, ойлору олуттуу, кыял чабыттары дагы арымдуу боло баштаганы байкалат.

Жазуучунун ушул чыгармалары — келечекте илимий-фантастикалык жанрда жаза турган жаштарга үлгү көрсөтө турган мааниге ээ болуу менен бирге, кыргыз адабиятындагы фантастикалык жанрга негиз салуучу катары ысымы адабият тарыхында калды.

Күсейин Эсенкожоев 1939-жылы СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү болгон.

# *САЯКАТЧЫ БАЛА*

## I. ТОО ТЕКЕ АТКАНДА

Жолдоштор, мен өз башымнан бир топ окуя өткөргөндүктөн, аларды сиздерге айтып берем.

Мен жаш болсом да, көптү көрдүм. Саякатчылык да кылып көрдүм, мергенчилик да кылып көрдүм. Мына ошондогу болуп өткөн чындыктан сиздерге сүйлөп берейин. Окуучулар, менин бул көргөндөрүмдү сиздер калп деп да ойлоорсуздар, жок, андай эмес, мен мындай иштерди башымдан өткөргөндүктөн айтканы жатам.

Алгач, эң жаш кезимдеги баштан өткөргөн окуядан баштайын. Мен биринчи жолу мергенчиликке чыктым. Кийик атып алуучу куралдарым мына булар болду: кайыңдан ийген, кендирден чыйратмасы бар жаам, ит мурундун өзөгүн алып таштап жасаган таш мылтыгым. Жаамдын огу болсо жоонураак чийден сап кылып, учуна темир учтаганмын. Таш мылтыгымдын сүмбөсү сынбасын үчүн четинден жасагам. Анын огун болсо тоголоктоп, албай майга кайнатып алгам. Себеби, тийген жандыкка бир жагынан тийсе, экинчи жагынан чыгып кетүү үчүн жасалган амал эле.

Ошентип камданып алып чоң бир тоого мергенчиликке чыктым. Көп эчкилердин жайылып жүргөн өңүтүнө жеткенимде, тоо эчкилер эң эле жакын келди, бирок мени көрбөдү. Мен алар көрбөсө экен деп, бир таштын түбүндө өңүттөп отурам, мурда атып көрбөгөндүктөн, ыраактан атпай, жакын келгенде атайын дедим. Бирок, жаамдын огу бирөө эле. Андыктан, ал жоголуп кетпес үчүн, энем бир топ тоголок жип ийрип берген. «Жаанын огу жоголуп кетпесин, ушул жипти жаанын огуна байлап, өзүңдүн бир нерсеңе байлап туруп, атып жүр» деген эле энем. Мен энемдин айтканындай кылып ал жипти жаамдын огунун сабына байлап, бир учун белиме байлап, анан алдыма жакын кирип келген бир чоң тоо эчкинин текесин атып жибердим. Атып жибергенден кийин эле ал быжыкырып, үркүп, качып жөнөдү. Тоголок жип чубалып бүткөнчө качып бара жаткан текени карап тура бердим. Тоголок жип чубалып бүткөндөн кийин эле, качып бара жаткан теке мени дердеңдетип сүйрөп алды. Теке деле качып бара жатат, мен деле текенин артынан дердеңдеп сүйрөлүп, андан калышпай кетип бара жатам. Бир маалда тоо теке жарга чыга качты. Жарга чыга качканда, жардын алды жагында бутум жерге тиер-тийбес болуп калды. Теке ансайын жогорулап кача берди, мен ансайын дагы жогорулап жардын бооруна асыла бердим. Бир маалда тоо теке жардагы түнөгөн короосуна жетти окшойт. Мен ойдолобой да, ылдыйлабай да токтоп калдым. Антип калгандан кийин, белимдеги байланую жипти кармап жогору чыга бердим. Бир аздан кийин бир чоң үңкүргө жеттим. Үңкүр капкараңгы, баягы жипти тартып көрсөм былкылдабайт. Жипти акырын

кармап коюп, үңкүрдүн төр жагына баратсам, баягы тоо текем эчак эле өлүп калыптыр. Жаам бир жагынан тийип, экинчи жагынан чыгып кеткен экен. Жип ошол октун сабында эле байлануу бойдон жүрүптүр. Менин белимдеги жип менен жаанын огуна байланган жип туташ болгондуктан, теке мени сүйрөп жүргөн экен.

Эми мен ал текени кантип үйгө жеткирем, көтөрөйүн десем көтөрө албайм. Кандайча үйгө жеткирүүнү бир аз туруп ойлондум. Көрсө, аны жеткирүү оңой эле экен...

Бир аз күтсөм, тоо эчкилердин тобу деги бир короосуна келчүдөй эмес. Тоо эчкилер келгенде, алардын бирин алдап кармап алып, өлгөн тоо текени үстүнө артып кетем деп тургам.

Бир аздан кийин тоо эчкилер короонун оозу жагынан эле шагырап кирип келишти. Мен акырын короонун бир жагына жашына калдым. Алардын баары тең эле аткан текени тегеректеп, маарап калышты. Мен акырын төрт аяктап, эчки сыяктуу маараган болуп, көп эчкилерге жакындап бардым. Эчкилер мага таң калгансып карап калышты. Бирок, чоң теке мени качырып калды. Мен андан коркпой, сүзгөнү келе жатканда тура калып мүйүзүнүн ортосуна кире качтым. Ал теке мени өлтүрмөк тургай кандайча кутуларын билбей, башын араң көтөрүп калды. Мен эки мүйүзүнүн ортосунда туруп, акырын-акырын жонун сылап, мойнун кашып жатып, өзүмө үйүр кылып алдым. Анан акырын гана үстүнө минип алып, маңдай-башын сыласам, абдан жоош болуп калды. Менин мингениме берки эчкилер таңыркап карап калышты. Бирок, алар да үйүр боло баштады. Ошентип, ал жерде 15 күн туруп

калдым. Күндүзү үйрөтүп алган текемди минип алып, берки эчкилерди айдап, жакшы от жайыттарына алып барып тойгузуп келем. Ал эми баягы өлдү деген теке өлгөн эмес экен. Жөн эле эси оош жатып калыптыр. Кийинчерээк аны короого былк этпей жаткырып, жерден жакшы чөп, суу алып келип берип жатып, мал кылып алдым. Кийинчерээк, мага абдан жакшы үйүр болду, кайда барсам да, оңол айыккан теке эрчип жүрчү болду.

Ошентип, бул тоо эчкилерди үйүр кылып алгандан кийин, аларды айдап алып үйгө кетүүнү ойлодум. Мингич текени минип алып, тоо эчкилерди он алтынчы күн дегенде короодон чыгарып, үйдү көздөй айдап жөнөдүм.

Акырындап үйдү көздөй айдап жайып отурдум. Бир маалда бир-эки эчким жайылып бара жаткан жерден эле тууп жиберсе болобу. Улактарды күнгө кармап бир аз убакытка кургатып алдым. Улак салып жүрчүн куржунум бар эле. Экөөнү куржундун эки көзүнө салып, баягы айыккан текеге артып койдум. Минип бара жаткан текемден кийинки чоңу ошол эле. Үңкүрдүн короосунан эртең менен чыктым эле, кечинде шагыраган көп эчкини үйгө айдап кирип бардым. Ордодон бир топ күн өткөндөн кийин баягы короого бир барып келейин деп ойлодум. Себеби, кайрадан баягы короого эчки келип калса өзүмө көнүктүрүп, үйдөгү эчки айдап келүүнү макул таптым. Энем да менин айткан оюмду макул көрдү. Ошентип, азык-түлүгүмдү камдап алып, баягы короону көздөй жол тарттым.

Короого жетип бардым. Бирок, баягы короо эмес, башка бир жаңы короо өндөнөт. Мен ал короонун ашыктыгын билүү үчүн тор жагына жүрүп отурдум. Бирок.

берки короонуку төрү жакын эле, бул короонун төрү эң эле ыраак окшойт. Себеби, дагы эле төрүнө жете албай кетип эле бара жатам.

Бара жатып эле, бир маалда «күп» эле жыгылып түштүм. Түшкөндө, сууга кулап түшүп, ал суу эки жакка бөлүнө түштү. Бирок, мен сууга чөгүп эле бара жаттым. Ал суу көлбү, деңизби, агын суубу, ал жагы мага белгисиз. Себеби, жер алды караңгы, эч нерсе көрүнбөйт. Өзүм сууга түшкөнүмдү гана билдим. Сууда сүзүп, чабак уруп жүрүүнү кыйын билүүчү элем, ошондуктан гана чөкпөй калдым, чабак уруп барам. Мен ал суудан кантип кутулуп жер бетин көрөрүмдү билбей, бир топко ойлондум. Ойлонсом да, эч айла табылгыдай эмес.

Дале суу үстү менен чабак уруп жүрүп олтурдум. Бирок, капкараңгы, эч бир күн шооласы, жарык дүйнө көрүнбөйт. Кайда бара жатканымды билбеймин. Суу үстү менен гана кетип бара жатам. Ошентип кетип бара жатсам, алыс жактан бир жарык шоола көрүндү. Көрүнгөнү менен абдан алыс. Алыс болсо да ошол жарыкты көздөй жүрүүгө туура келди.

Жүрүп отуруп ал жарыкка жакындадым. Көрсө, ал жарык жер астында тоо тукумдарынын бир асыл дуусунан көрүнөт. Андан сууга түшкөн жарык күнгө чагылышкан айнектей жаркырайт. Анын жарыгынан жогору жактын капталган жер экенин ошондо билип жүрөм. Ошол жарыктын жанынан, суудан бир аз ашып көмөрүлүп турган бир ташка чыгып эс алдым. Кечорлоц тимагым сууга чыланып калган. Чыланса да жөн тонуп алдым. Сууга көз жиберип карасам, ушунчалык тунук,

ушунчалык мелүүн жана мында жер үстүндөгү суулардай кыбыраган жандык көрүнбөйт. Экинчи бири, жер астындагы суунун жана жердин бир айырмачылыгы: андан тырмактай өскөн өсүмдүк көрө албайсың. Жана урап турган кум, таш жок, баары тең эле мизилдеген гранит менен капталган.

Ал жерге жашоо мүмкүнчүлүгү болбогондуктан, ишти кылып бир жактан чыгамбы деген үмүт менен сууда сүзүп жөнөдүм.

Чыныгы караңгылык эми басты. Мурунку эки түкүм асылынан чыккан жарыктан да ажырадым. Же күндүз жарыгы жок. Күн шооласын көрбөгөндөн кийин түнбү же күнбү, жер астына түшкөнүмө нече күн, нече түн болду — бул жагы да мага белгисиз. Же саатым жок, убакытты да билүүгө болбойт. Ошентип олтуруп, бир жактан бир кичине болор-болбос дагы бир жарык шоола көрүнө баштады.

Мен ал шооланы көргөндөн кийин турчумунбу — ошол жакты көздөй шуулдап сүзүп олтурдум.

Бир аздан кийин жарык шоолага да жакындадым. Ал жарык шоола күндүн нурунан түшкөн жарык экени аныкталды. Ал жарыктын так өзүнө жетип бардым. Көрсө, терең казылган бир кудук аркылуу күн шооласы жерге түшүп жаткан экен. Кудуктун түбүнөн жер үстүндөгү жарыкты карадым. Көзүмө жалгыз гана кагарган көк асман көрүндү. Бирок, эбегейсиз бийик кудуктан кандайча чыгаарым белгисиз. Тыш жактан эч бир жандык көрүнбөйт. Адам баласы жакын чөлдө жок сыяктуу. Анда-мында гана сайраган куштардын үнү араң-араң угулат. Бир маалда, ырактан чыккан дабыш пайда боло баштады. Адамдыкы шекилдүү.

Ал дабыш барган сайын жакындай берди. Бир аздан кийин кудуктан суу алабыз деп, аркан байлап, чакасын калдыратып кудуктун түбүндөгү сууну колдой түшүрүштү.

Булар мени көрөө коркот го деп, кандайча коркутпай тышка чыгуунун акылын таптым.

Биринчи чака түшкөндө чапанымды чечип чакага илээштирип жибердим. Экинчи чака түшкөндө бутумдагы чокоюмду чакага салып жибердим. Үчүнчү чака түшүп келе жатканда кудуктун түбүнөн көрүнө калып, өлгөн киши сымал калкыгансып калдым. Чака суудан төмөн түшкөндө да суу үстүндө калкып калдым. Анан чаканы тарта баштаганда акырын чаканын үстүнө суналып, өлгөн адам сыяктуу чака менен көтөрүлүп олтурдум. Акырында, суу алып жаткан адамдар чаканы тышка тартып алаар менен чочуп, мага ушунчалык таң калышты. Анан алар мага тамактарынан берип тойгузушту. Мен эс алып, «кудук тазалаганы келип, түшүп кеткен элем» дедим. Сөзүмө ишенгендей болушту. Алардан мен кайдан келе жатканларын, ошол жерлердин аталыштарын сурап алдым. Алар кербенчилер экен. Мен чыккан кудук ушул жердеги кумдуктагы кудук экендигин өздөрү кеп салышып олтурушту.

Ал кудук азыр ойлосом Африканын Сахара чөлүндө, же кызыл кум, кара кумда, же болбосо Тибет дөңсөөсүндө болуусу тийиш. Тууралап айтып берүүгө эсимден чыгып калыптыр.

## 11. ШАРДА УЧКАНДА

Жолдош окуучулар, мени тоо эчки гана кармап жана жердин катмарындагы сууну эле сууруп чыккан экен дебегиле. Мен андан башка дагы бир топ кесиптерди кылдым.

Биринчи жолу Италиянын окумуштуусу Леонардо да-Винчинин абага учуу деп максат коюп жана ал абага учууга бир топ аракет кылып шар көтөргөнүн уккандан кийин, мен да андан артык түшкөндөй шар жасоого кириштим. Шар тууралуу түзгөн планым анем экийбужча жакты. Анан мен биринчи жолу шар жасай баштадым. Ал шарым абдан жакшы болуп чыкты. Эми анын ичине кандай учуучу жеңил газды толтуруу керек, мына ошол жагы кыйынчылык келтирди. Бирок, аны да ойлой-ойлой таптым. Мен билем, суу эки газдан турат (водород жана кислород). Водороду абдан жеңил. Ошондуктан, жасаган шарымдын ичине водород толтурууга туура келди. Мен аны кантип толтурууга тийишмин, кантип водородду суудан бөлүп алам. Ушул жагы мени бир топ ойлонтту. Мен анын да амалын таптым.

Бир чоң казанга суу куюп, анын оозун бекем капкактап, капкакты тешип, бир узун темир түтүк орноттум да, түтүктүн орто ченинен бир чоң мешке от жагып, түтүктү ошол оттун ортосунан алып өттүм. Түтүктүн учун эки айрым кылдым. Себеби, водород жана кислороду айрылбай келген суу бир идишке агып түшсүн үчүн, газга айландырганда кислород темир түтүк ичинде калып, водород шарга барып кирсин үчүн түтүктүн бир башын шардын оозуна киргизип туруп, бек таңып, казанды баркылдатып кайната бердим. Шар улемдин

улам толо берди. Бир аздан кийин шар топтомолок болду, андыктан эми учууга туура келди. Мен мурун эле шардын алдый жагына өзүм олтуруп учуу үчүн, бир адамдык кылып жакшылап үй жасап койгом. Ал үйдү водородго толгон шардын алдына алып келип таңдым. Абага толгон шардын оозун бекем байлап, өзүм үйгө түшүп, энем мени коштошуп алып, асманга учуп жөнөдүм.

Шар уламдан-улам жогорулап бара жатат. Мен үйүмдүн терезесинен жерди карап бара жатам. Энем мени карап, колун булгалайт. Бирок, үнүн уккадым. Шар көкөлөгөндөн көкөлөй берди. Жер алыстагандан алыстай берди. Бир маалда түнөргөн бир шоокасыз капкараңгы жерге түш келдим. Бул жер абанын кайсы болугу экени мага белгисиз. Караңгылык бул жерди чылк баскан. Төмөн карасам, жер көрүнбөйт. Жогору карасам, ай, күн көрүнбөйт. Ошентсе да, шар жогорулап эле көтөрүлүп бара жатат. Мен эмне болсом ошол болоюн деп жайбаракат, эки жакты карап, чөнтөгүмдөгү күнүмдүк дептериме көргөн-билгенимди жазып кетип бара жатам. Шарым тынбастан эле жүрүп кетип бара жатат. Бул шардын кайда барып токтоорун билбейм. Капкараңгы, эч жылчыксыз. Абадан башка мыдыр эткен эчтеке жок. Же бир дабыш, же бир жандык, же бир жарык, же табияттын бир бөлүкчөсүнөн бирөө да жок.

Жер жакты карасам – деле капкараңгы. Эч нерсе көрүнбөйт. Күн болуп жатканы, түн болуп жатканы белгисиз, өзүм кайсы кургактыкта же кайсы суунун үстүндө кетип бара жатканым да белгисиз.

Өзүм гана СССР аймагынын үстүндө тургандай болом. Капиталисттик өлкөлөрдүн астрономик жапа шар

учуруучуларына: мен СССРдин акылман, билимдүү, эмгек уулунанмын дегендей болуп ичимден кубанып коюп бара жатам. Анан эле бир маалда шар ары да кетпей, бери да кетпей токтоп калды. Бул токтолушуна таң калдым. Үйүмдөн түшө калып эмнеге учпаганын көрөйүн деп, андан да коркom. Себеби, жерди көздөй түшүп кетемби дейм. Ошентип, кантээр амалды билбей, бир топко ойлонуп турдум да, шар түшпөгөндөн кийин мен түшмөк белем деп, үйүмдөн секирип түштүм. Секирип түшкөнүм менен жерге кулап түшкөнүм жок. Түшкөн жерден эле басуу таянычым жок болуп, токтоп тура бердим. Шарым эмне учпайт экен деп, ары-бери басып, эки жагым карадым. Карасам, баары эле жакшы өңдүү. Бирок, эмнеге учпасын билбедим.

Өзүмдүн да кулап кетпегениме таң калдым да, өзүмө өзүм суроо берип коём: «Мен эмне үчүн кулап жерге түшпөйм?». Бирок, бул суроону өзүм да чече албадым...

Ошентип, кайра шардагы үйүмө келип түштүм да, бир аз тынышып, эс алып олтурдум.

Бир маалда калың караңгылыктын арасынан бир чоң жер формасындагы бир нерсе уламдан-улам мага түштөшүп, жакындаган оңдонуп келе берди. Шар ансайын дагы ошол жер сыяктуу формадагы нерсени көздөй акырындап уча берди. Бир маалда шардын которулуп сызганы мага анык сезилди.

Бир нече убакыттан кийин эле баягы жер формасындагы жерге жетип калдык. Жерине барып шар-марым менен аман-эсен түшүп калдым. Ал жер башка жер көрүнөт. Жаралып бүткөндөн тоолор, тунук акпаган коюулангаn суулар. Бирок, көпчүлүгү муз. Кээ-кээ жерде гана муздa кылайып өскөн лишайник, мох

сыяктуу өсүмдүктөр учурайт. Андан башка ырымга чөп жок. Жана айбан, адам аттуунун сапы тургай жыты жок сыяктуу. Акырын гана мох, лишайник өңдөнгөн өсүмдүктүн түбүн байкап карасам, көзгө илинер-илинбес бир курт жүргөн сыяктуу. Андай турмуш жок жерде жүрүүгө мүмкүн эмес. Андыктан кантип өз жеримди көрөм? Кантип учам? Бул суроо менин башымды бир топ катырды. Жүргөн жерим 9 планетанын кайсынысы экенин да билбедим. Бирок, ойлоп-ойлоп баамдап байкасам, ай шекилдүү, себеби, ай жерге жакын жүрөрүн билет эмесминби.

Мен бир топ күн жүрүп калдым, ал жерде күндүн кеч кириши, таң атышы биздикинен бат сыяктуу. Себеби, жерде жүргөндө түн ичинде эки ойгончу элем, бул жерге келгени түн ичинде бир эле ойгончу болдум... Дааналап, белгилей албайм, себеби, жерден учканда саатымды унутуп таштап салыпмын.

Мен элди сагындым, жерди сагындым. Бирок, кетүүгө келгенде, ойлорум башты бир топ катырды. Эмне кылуу керек деп ойлоп жүрүп, колумдун тырмагы өсүп кеткенин да билбей калыптырмын. Тырмагымды алайын деп үйүмдөгү көмүркойгумдун ичиндеги бычагымды алып тышка чыгайын дегиче болбой эле шар көтөрүлүп жөнөдү. Мен сүйүнгөнүмдөн ыйлай албай күлүп да жиберген экемин.

Ошентип, учуп жүрүп олтурдум. Билбейм, жерди көздөй учуп бара жатамбы, кайсы жакты көздөй учуп бара жатканымды билбедим. Бир маалда баягы басып өткөн караңгылыкка туш келип калдым. Ал караңгылыкка туш келип калгандыктан, жерди көздөй жол тарткандыгымды ошондо билдим.

Бир маалда жердеги жарыктын шооласы калың караңгылыктын арасынан көзүмө байкала баштады. Ошентип олтуруп, ылдыйлаган сайын ылдый түшүүнү катуулай баштады. Мунун себеби, Курский Аномалия магнити бычакты тартып жаткан экен. Бычак менен биз түшүп келе жатыппыз. Көрсө, айда экинде жер айланып олтуруп, бычакка туш келгенде тарткан экен. Ошентип, Курский Аномалияга келип түштүм. Бычакты ошондо таштадым да, шарым көтөрүлүп, үйүмө келдим. Бычакты таштаган себебим — бычакты алып жүрсөм, Курский Аномалия кайра-кайра тартып эле бастыра турган эмес. Бирок, бычагым абдан жакшы эле да, аны кийикчилеп жүргөндө да алып жүргөн болчумун...

## III. ТАЛААГА ЧЫККАНДА

Мен бир күнү талаага чыктым. Чыгуунун себеби, табигый шарттар менен жана талаа айбандары менен бир аз таанышып өтүү эле.

Бир мезгилде, талаадан, конуп олтурган бир кушка кез келдим. Ал куш болсо, бир бүркүттү тыткылап жеп олтурган экен. Мени көрө койду да, жеп жаткан бүркүтүн таштап, мага талпынды.

Куш качырып, мени тебүүгө даярданып кирди. Мен андан кандайча кутуларымды билбей, башымда кийип турган тумагымды кушту көздөй ыргытып жибердим. Куш шыш этип, тумакты илип алып жөнөп кетти.

Куш сызып алып, тумакты мыкчып, көкөлөп бара жатат. Кийик көрүнсө атайын деген кичине тапан-

чимдын огун ошол тумагымдын кырбуусуна салып койдум эле. Ал ок ошол бойдон тумак менен кетиптир. Кийик атып алойын деген жалгыз огум тумак менен кошо кетип калгандыгына мен бир топ капаландым. Кайдан ок таап үйгө бир кийик атып аларды билбей, бир аз ойлоно түшүп, ок-дарыны бат эле таап койдум. Чөнтөгүмдө ширенкенин баштарын сыдырып алган бир куру патронум бар эле. Ошого кяк ортосунан салдым дагы. ок ордуна бир ташты салдым да, патрондун оозун бекитип, бир дагы атылуучу ок дүрмөт камдап алдым.

Эми мага бир кийикке кезигүү керек болду. Ошондуктан, кийик атуу үчүн бир калың токойду аралап, кийик табылат менен жүрүп олтурдум. Бир маалда алдымдан саксактап бир аюу кол салууга качырып калды. Мен атайын деймин, бир гана дүрмөтүм бар. Атпайын деймин, качырып эле кирип келе жатат. Муну эмне кылуу керек? Мен анын эмне кыларды таптым. Тапанчамды алдым да, шыказламыш болуп маңдайына туруп калдым. Аюу да менден коркконсуп, токтой түшүп жай басты.

Акырындап акырындап олтуруп, көзүмдөн көзүн айырбай эле бетме-бет келип тиктешип калды. Мен көзүмдү ирмесем эле жарып салчудай, бирок мен көзүмдү ирмебей эле тиктешип тура бердим. Көзүм да талып бүтчү, андан кийин күтүүларымды билбедим. Айдап келгенден кийин бир сүрөткө түштүм эле. Аны эстесем, чөнтөгүмдө жүргөн экен, аны акырын чөнтөгүмдөн алдым да, алды жагымдагы бир чопко илип, аюуну карата койдум. Аюу ал сүрөттү караган бойдон кала берди. Өзүм акырын жылып алып, жөнөп кете бердим.

Жүгүрүп бара жатсам, баягы куш алып кеткен тумагым жатат. Тумактын ар жагында куш өлүп жатат. Тумагымды көргөндөн кийин огум бир бекен деп чуркап бардым. Бирок огум жок, кайда түшүп калганы белгисиз. Тумагымды көрүп-көрүп кийип алдым да, куш эмне болуп өлгөнүн билүү үчүн куштун жанына бардым. Эмнеден өлгөнү белгисиз. Бутун карасам, патронумдун от берүүчү арт жагына куштун бир бармагы батып калган экен, ошондуктан ал огум от алып, атылып кетиптир. Кушка ошонун ичиндеги огу тийип өлүптүр.

## IV. МАМОНТТУ ТИРИЛТКЕНДЕ

Менин Сибирь жакта эң бир кызыктуу жумушум чыгып калып, барып калдым. Сибирге барганда жеке эле ал жумушумдун артынан түшпөй, башка дагы илим изилдөө жагына кирише баштадым. Сибирде жашоочу түрлүү улуттар менен аңгемелеше баштадым. Алардын жеринин шартына жана элинин шартына акырындап көнүгүштүм. Бирок, менин оюмдан чыкпаган бир санаа да бар. Ал болсо, кайнозой арасында[1] түндүктү муз каптаганы эсимде. Ошондуктан, ал учурда жашаган мамонт жана пил сыяктуу айбандардын Сибирде жашагандыгы да эсимде. Ошондой болгондуктан мамонттун муз доорунан калган калдыгын табууга кириштим. Мен кандайча мамонттун калдыгын табууга киришкендигимди силдерге айтып бербейм, мамонтту издегендигим туура да болуп чыкпас. Июль айынын бири дегенде бир тунгустун итине чана кошуп, аны жол-

[1] Эра бир нече доорго бөлүнөт.

доп кылып, зорчитип жөнөдүм. Баруучу жерим Түндүк Муз деңизи. Түндүк деңизинин муздарынын арасына катып калган мамонттордун калдыгын табамбы деген ой менен жүрүп отурдум. Иттери таскактап, жолдошум жүгүбүздү сүйрөп олтурду. Арийне, иттердин таскактап чуркашы да эп эле, себеби, эки кишиге күчтүү иттерден ондуу чегип алгандан кийин чуркабай койчу беле. Ошондой болсо да, бир кара ала тайган чабалактап жүрбөй калды. Мунун жүрбөй калганына эмне себеп болду. Албетте, мунун жүрбөй калгандыгына дагы бир топ тоолуу жаткан себептер бар болуп чыкты.

Мен анын жанындагы жолдошум — иттердин ээсинен сурадым.

— Мунун жүрбөй калган себеби эмне болду экен? — дедим. Жолдошум анын жүрбөй калган себебин толугу менен айтып берди. Көрсө, ал кара ала тайганды мурунку күнү да чанага чегип суутпай койгон экен. Ошондуктан, ысык кетип калып, ал күнү жүрбөй калганынын себеби ошол болуп чыкты.

Кара ала тайганды чанадан чыгарып, чананын үстүнө жаткызып алып, бет алып бара жаткан узун жолубузду уланта бердик. Бир маалда Түндүк Муз деңизине токтоосуз жетип барган экенбиз.

Ошентип, Түндүк деңиздин чет жагына чанабызды токтотуп, жүгүбүздү түшүрдүк да, өзүбүз мамонт калдыгын издөөгө кирише баштадык. Бир маалда тоодой болуп сүзүп жүргөн муздун арасынан эле жолдошум «таптым ооп, таптым» деп, кыйкырып калды. Мен да анын «таптым» деген кыйкырыгына кубанып, бала болуп чоңойгондон бери бир каткырып күлбөгөн ачуу кыйкырык менен: «Ай, айланайын абаке» деп, кыйкырып жиберген экенмин.

Ошентип, алып таптым деген тоодой музуңун төбөсүнө чыгып барып, жолдошум таптым деген муздун арасын карасам, мамонттун алдыңкы артылып чыккан тишинин бирөө муздан чыгып калган экен. Тиши менен буулап музду казып, тоңуп калган мамонтту муздан сууруп алдык. Акырында тоо муздун башынан жылдырып олтуруп, кабагына түшүрдүк да, чанага салып алып, жолдошумдун үйүн көздөй кайттык. Мамонтту жолдошумдун үйүнө алып келип, тышка отту чоң жактырып коюп, мамонттун музун эритүү үчүн ар жак, бер жагын отко кактай бердим. Бир маалда дем алгансып, бир дабыш мамонттон пайда боло баштады. Жана бир аздан кийин ички мүчөлөрүнүн музу эригенде чыны менен эле дем алып, башын ары-бери которуп, көзүн ача-жума берди.

Мен мунун тирилип, мал болорун билгениме абдан сүйүнүп кеткен экемин. Жолдошум дагы менин кайсы арадагы мамонттун тоңуп калгандыгын билгендигиме ошончолук кубанды. Бир аздан кийин мамонт башын чулгуп тура баштады. Бирок, мындан эчен кылым бою мурун тоңсо да, ички организми жана тышкы организмдери бузулбаган экен. Ошол бойдон аман-эсен гана тоңуп жата бериптир. Бирок, менин тирилткенимди билбестен чочуркап, «кайдан келгенсиң» дегенсип олурайып карап да коёт.

Кийинчирээк акырын-акырындан үйүр боло баштады. Мен ал мамонттун курсагын тойгузуу үчүн түрдүү тамактарды алып келип бере бердим. Алып келген тамагымды чочуркобай эле кылгып жей берди.

Бир канча убакыттан кийин артынан тезегин чыгара баштады. Мага анын тезегин текшерүүгө туура кел-

ди. Себеби, ошол мамонт музга катканда кандай чөп жеп жатканын билүүгө тийишмин. Мамонттун тезегин текшерип олтурсам, папоротник жана ийне жалбырактуу чөптөрдүн кээ бирлери учурайт. Мен ал мамонтту алып, үй жакка жол тартуума туура келди. Бир күнү жолдошум менен коштошуп, мамонтту минип алып, үйдү көздөй жонодум.

## V. КӨГҮЧКӨНДӨР ОКУГАНДА

Мен бир күнү бир зоого чыктым.

Зоонун боорунда көп көгүчкөндөр түнөптүр. Мен бул көгүчкөндүн эки-үч баласын алып келип, үйгө бакма кылуугу ойлодум.

Менин ал ойлогон оюм абдан туура болуп чыкты. Себеби, жар көгүчкөн бакма болсо, үйдү кайдан да болсо таап келерин билем. Ошондой болгондуктан зоодогу уяга чыгып барып, эки балапанды алдым да, үйдү көздөй жоноп кеттим.

Көгүчкөндүн ал балдарын абдан жакшы көрүп, абдан жакшылап бактым.

Мен жакшылап баккандан кийин, жанымдан кетпей, кайда барсам да ээрчип жүрө берчү болду. Ал эки балапанга акырындык менен тил да үйрөтө берчү болдум. Адеп эле үйрөнгөндө, «ат» деген сөздү үйрөнүштү, андан кийин «ок» деген сөздү үйрөнүштү. Себеби, мындай бир муундуу сөздү үйрөнүүгө оңой эмесби.

Кийинчирээк абдан кыйын сөздөрдү да айтчу болушту. Менин атымды, энемдин атын угуп, дароо айтып жана ким экенибизди да билип калчу болду. Мен

буларга жөкө гана сөз үйрөтпөстөн, окута да баштадым. Эң мурун «а, б, ч, к, ш, о, т» тыбыштарын үйрөтүп, андан сөз улап жазып окуттурчу да болдум. Эң мурун жогорку тыбыштан мындай деген сөз кураттырып окуттум. «Абы», «ач», «тоо» деген сөздөрдү окуттум. Кийинчерээк тыбыштын баарын үйрөткөндөн кийин, кайсы сөз болсо деле окуй берчү болду. Бирок, көпчүлүк сөздү «таш», «баш», «ат» деп окуйт. Кийинчерээк бардыгын тең бир ката кетирбей окучу болду.

«Көгүчкөндөр алиппеси» деген китептин кай жеринен болсо да, алдына ачып койсом окуй берер эле.

Ал алиппенин ичинде бир куплет мындай деген ыр бар эле:

Биз, биз бизми көгүчкөн,
Окуганга конушкон.
Кат жазууну үйрөнүп,
Дилай кызык көрүшкөн.

Ушул ырды эң сонун көрүшүп, экөө окуп да калар эле. Кийинчерээк байкасам, ошол ырды жаттап үйрөнүп алышыптыр.

Бир күнү эртең менен уйкудан көзүмдү ачсам, кондуруп койгон жерге конуп алып эле ырдап жатышат. Бул ким ырдап жатат экен деп көзүмдү ачып, башымды көтөрсөм, жакын жерде киши көрүнбөйт. Баягы кондуруп койгон көгүчкөндөрүмдү карасам, экөө жардашып туруп алып, ырдап жаткан экен. Мени көрө коюп уялып кетишти окшойт, баштарын канаттарына катышып эле, уктаган сыяктуу коңурук тарта башташты...

Мен да билер-билмексен болуп, жууркаными чүмкөнүп калдым.

Мен бул көгүчкөндөргө жеке гана сөз менен тыбыш үйрөткөн жокмун. Аларга жазууну жана цифра сандарын да үйрөтө баштадым. Ал цифра сандарын да бат эле үйрөнүп кетишти, цифраны үйрөнгөндөн кийин, арийне, анын санатына үйрөнүүгө тийиш. Анын санатын да жакшы үйрөндү. Бирок, кез-кез жерден адашып да калуучу болду. Ал адашкан санын буттарынын манжаларын санап эле, бат таап алышчу. Эң эле мурун 10го чейинки сандарды үйрөнүштү. Албетте, онго чейин билишкенден кийин, ар жагын деле бат билип кетишти.

Булар бутуна кармандын, калем кармап жазууну да үйрөнүшкөн. Бир бутун көтөрүп туруп калем же карандаш сунсаң, шып илип алчу. Бир буту менен бир нерсени кармап олтура берип, алдына кагаз коюп койсоң, экинчи буту менен жаза берчү.

Минтип алардын сабатсыздыгын жойгондон кийин, көгүчкөндөрдөн чыккан маданияттуу жана чоң билимдүү чыгаргым келди. Андыктан буларга тажрыйба менен киргизүү, сабак берүүгө туура келди. Жана бардык сабактан даярдана баштадым.

Ал жагына атайылап киргенден кийин коёмунбу. Бардык жагынан даярданып алып эле сабак бере берчү болдум. Алар менин сабагымды абдан жакшы көңүл коюп угушчу жана китептин баланча жеринен окугун десем, айтканымдай окуп, айтканымдай суроого жооп беришчү.

Мен аба тууралуу сабагымды жүргүзүп жатканда ушунчалык кызыгышып, эч жакты карабастан угушчу эле. Себеби, аба тууралуу сүйлөгөндө куштар эмне үчүн абада учат, жана кантип жыгылбай жүрөт, аны

абада алып жүргөн эмне күчү бар, ушундай сөздөрдү суроо берип коюп, жакшылап чечип, жакшылап айтканда таң калышып, мени карап калышар эле.

Алар менин колумда 8 жыл тарбияланып калышты жана ушунчалык жакшы окушту. А сиздерге түшүнүктүү болушу үчүн бир гана мисал айтып өтөйүн.

Бир жылдын ичиндеги орто мектептин эсеп сабагын 3 айдын ичинде гана окуп бүтүп коюшту. Мен деле программа менен бергим келет. Бирок, кээ бир жерлерин жаңы үйрөнө баштаганда, ой толгоп эле айтып коюшат. Жана кандай кыйынын берсем да чыгарып коюшат. Булар класстын кылдаты өткөндөгү сыноодон да ушунчалык жакшы өтүшөр эле.

Эсеп, физика ж. б. сабактан текшерүү, сынак болгондо, экөөнү эки жерге кондуруп коём. Себеби, бири чыгара албай жатса, биринен бири көрүшө коюшпасын деген максат эле. Антсем деле, мен доскага жазарым менен «чыгардым» дешип бере коюшат. Текшерип карасам, абдан туура чыгарышкан. Ошентип, 8 жыл ичинде жогорку окуу бөлүмдөрү менен тең билим алгандыктан, жогорку билимдүү деген документ бердим.

## VI. БАРДЫК ЖЕРДЕ ЖҮРҮҮЧҮ КАЙЫК

Бул китепченин окуучулары! Мен, дагы далайларды баштан өткөрдүм го!

Бир күнү ойлоп олтурсам, ойлоп жүргөн кесибимдин бирөөнү унуткан экенмин.

Мен жаңыдан жерчелей басып жүргөнүмдө, бир кумурска үйдөгү мен төгүп койгон чалчык суунун ары

айүжүнө өтүү аракетин кылып жатат. Бирок абдан кыйналды. Бир топко аракеттенип жатып деле ото албады. Бышкта эмнеси бар экен деп, абайлап олтурсам, ал жактагы тамдын түбүндө уясы бар экен. Мен уясына кантип кирер экен деп, кечке чейин ошол кумурсканын аракетин байкап олтура бердим. Улам суу соолуп кургап келе жатканда, акырын чакадагы суудан чөмүчкө сузуп келип, төгүп коём. Бир маалда кумурска ар жактан бир кургак куурайдын кичине сыныгын көтөрүп келип, суунун үстүнө салды да, өзү куурайдын сыныгынын үстүнө басып, алдынкы эки муруту менен сууну артка түрөй берди да, бир маалда суудан чыгып, уясына кирип кетти.

Мен ошо кезде кумурскача кайык жасап, бир деңизге барып саякаттык кылсам дедим. Анан бул ойду кумурска куурай алып келип, суудан өтүп кеткен күнү эле таап койгом. Бирок, ошондон бери эстебей, азыр эстегенимди карачы... Ошентип, абада учуучу, сууда сүзүүчү, жерде жүрүүчү кеме иштөөгө киришe баштадым. Ал кемени ушунчалык жакшы кылып жасадым. Жасаган кемем сууда сүзүүчү, көктө учуучу, жерде жүрүүчү болуп чыкты.

Андыктан, дүйнөнү бир айланып келүүгө туура келди. Ошондой болгондон кийин бир күнү дүйнөнү айланып келүү саякатына чыктым. Үйдөн энем менен коштоштум да, бир айда келем деген убаданы энеме бердим. Энем да менин убадамды макул тапты. Мен ошол күнү учуп алып, Улуу Тынч океанына түштүм. Ошондо суу менен сүзүп олтуруп, XV деген аралдан чыктым. Ал арал ушунчалык жакшы экен: көгөрүп турган жыгачтар, нечен түрдүү сайраган куштар, бы-

шып турган жүзүм, алчалар. Бирок кыбыраган адам иттүү жан жок сыяктуу. Мен ал жерге 6 күн туруп калдым, ошол алты күн ичинде жылт эткен от, кыбыр эткен адам үндөрүн уга албадым. Ал барган аралымды аралап чыктым. Үстүнөн кайыгым менен учуп, сүрөткө да түшүрүп алдым. Ошол сүрөтүмө адамдан башка аралда жүргөн жаныбарлардын баары тең эле түшүп калган.

Түрлүү маймылдар, эчен түрлүү тотулар, түрлүү-түрлүү түстөгү чымчыктар, эчен бир арстандар. Бирок, бул аралда адам пендеси жок сыяктуу. Бир аз убайлайын деп, тартып алган сүрөттөрүмдүн ар бир жерин байкап олтурсам, сүрөттүн четирээк жагында бир жалгыз тарбайган дуб жыгачынын түбүндө адам сыяктуу бир нерсе кошо түшүп калган. Бул адамбы, айбанбы, сүрөттөн айрып тааный албадым. Андыктан, токойдун үстүнөн кайра учуп, баягы жалгыз түп дубдун жанына барууну көздөдүм. Мен бир топ ойлонуп турдум да, ошол токойду көздөй кайыгымды учуруп алып жөнөдүм. Акырындап учуп олтуруп, баягы жалгыз түп дубга жакындадым. Ал дубду жана анын тегерегин чоң кылып даана сүрөткө түшүрүп алдым. Түшүргөн сүрөтүмдү абайлап байкасам, анык адам экен, даана эле белгиленди.

Эми ал адамга барып, кайдан келгендигин билип таанышууга туура келди. Мен шуулдап эле кайык менен жетип барууну туура тапбадым. Себеби, ал адам кокустан коркуп кетеби, алда эмне болуп кетет. Андыктан кайыкты бир теректин башына кондуруп, кулап кетпесин үчүн бек кылып байлап койдум да, колума тапанчамды кармап алып, баягы дуб жыгачтын түбүн-

де олтурган адамды көздөй бет алдым. Акырындап эки жагымды абайлап олтуруп, баягы дубга жакындадым. Эч дабышсыз акырындап дубдун ары жагына бардым. Баягы адам капкара, чачы өсүп кетиптир, кийими жок. Бир нерсени тыткылап жеп олтурган сыяктанат. Ар жагынан барып, «Аманчылык!» дедим. Мени жалт бир карады да, айкырып алып качып жөнөдү. «Бул эмне менден коркот, бул кандай адам болду экен» деп токтой түшүп, өзүмө-өзүм суроо берип туруп калдым.

Мен бул адамдын чыныгы ал-абалын билип кетүүм керек. Ошондой болгондуктан жаңыгы качкан адамдын артынан жөнөп олтурдум. Бир маалда деңиздин боюнда деңиз жакты карап олтурган баягы качкан адамыма туш келе түштүм. Деңиз жакты карап олтурганда «ой, адам» дедим. Дагы бир бакырып, деңизди көздөй качты. Бирок тереңдеп бара албай, мойнуна чейин деңиз суусу каптап калгандан кийин кайра тартып, мени көздөй бет алды. Мен анын келишин күтүп, деңиз боюнда тура бердим. Бир маалда түптүз мага келип эле кучакташып калды. Менин алпаган балбандык жайым бар эле. Акырын көтөрүп ала койдум. Жулунуп болбойт. Көтөрүп алып, баягы байлап койгон кайыгымдын жанына алып келип, кайыкка түшүрүп алып учуруп жөнөдүм.

Ошентип жыйырма күн, жыйырма түн дегенде үйгө келип түштүм. Баягы адам болсо кайык менен деңиз жээгине келип, кайра нете албай адашып калган жапайы (дикарь) адам болуп чыкты. Ал адам кийинчерээк тил үйрөнүп, менден окуй баштады.

Мен маданияттуу бир билимпоз киши кылып чыгаруга кирише баштадым.

*19/III 1937* жыл

## ҮЧҮНЧҮ ШАР

Жолдоштор! Мен өзүмдүн кесибимдин оргундуу жерлерин сиздерге айткым келет. Албетте, бул кесибимди билгенден кийин, сиздер да меники сыяктуу кесиптерди ойлонуунуздарды жана маанилүү жыйынтыктарга келүүңүздөрдү күтөмүн.

Мен бир күнү асманда калкып жүргөн жаандын буу ларын, абада сызып учуп жүргөн канаттуу куштардын учушун байкап, алардын асманда көтөрүлүп учуп жүргөндүгүнүн себептерин таба албай, көпкө ойлонуп жүрдүм. Бирок көп убакыттар өтсө да, алардын асманда көтөрүлүп, абада калкып жүргөндүгүн чече албадым. Мындай окуянын чындыгына жетүүдөгү максатым чоң эле. Мен ал максатка тажрыйба кылуунун натыйжасы менен гана жетеримди билдим. Ал максатты иш жүзүнө аткаруу үчүн бир топ чоң окуяларды өткөрүү керек болду.

Менин белгилүү оюма жардамдаш бир буюм табылса, ошол буюм аркылуу гана астымдагы чечилбеген максатты чечеримди билдим. Асманда дүйнөнүн боштугунан орун алып, жер шарын тегерете курчап турган абадан да жеңил бир буюм табуу керек эле. Ал буюмду сурапшырып жана тажрыйба кылып гана таптым. Ал табылган буюм асманда калкып жүргөн калың абанын

бир түрү болчу. Бул водород газы эле. Водород газы суу составынын үчтөн эки бөлүгүн ээлеп, жалпы абадан 14,5 эсе жеңил экендиги белгилүү.

Менин тилеген буюмум табылгандан кийин башы чечилбеген максатым да чечилди. Мен ал водород газын бир шарга толтуруп, оозун бууп, көккө коё бердим. Ал шарым жогорулагандан жогорулап, алыстай берди. Мен мындай жеңил газ аркылуу шардын жогорулап учушунан булуттардын жогоруда которулуп жүрүшүн билдим.

Мен эми экинчи шар жасап, ал шарга белгилүү оордукту көтөртүүгө ойлодум. Бир күнү экинчи шарымды жасап бүтүп, өзүмдүн багып жүргөн бир итиме жакшылап үй жасап, терезе салып, тамак камдап, абанын суюк катмарында кислороддун жетишсиздигин эске түшүрүп, иттин дем алууга керектүү абасын даярдап, газга толгон шар менен бирге чиркештирип, асманды көздөй учуруп коё бердим. Ит белгилүү бийиктикке чейин терезеден башын чыгарып барды да, алыстаган сайын караны жоготуп, кайда кеткени белгисиз болду.

Анан үчүнчү шар жасап, өзүм учууну туура таптым. Өзүм түшүүчү шарды абдан мыктап жасадым да, ага узак үй жасап, жолго алып жүрүүчү шаймандарымды жана азык-түлүктөрдү алып, белгисиз, калың аба боштугуна жол тартууну ойлондум. Акырында ал да орундалды. Абага которулуп уча баштадым. Шар көтөрүлгөндөн көтөрүлүп, жерден алыстагандан алыстай берди. Жердеги кыбыраган жан-жаныбарлар кичирейгенден кичирейди, алар барган сайын бойбоз болгон гана мейкин талаадай үлгүлдөп көрүндү. Бир аздан кийин эч нерсе көрүнбөй, белгисиз бир караңгы түнгө

сүңгүй баштадым. Шардын кайда жылып бара жатканын сезе албадым, аны токтото да албадым. Себеби, ал шарды белгилүү жакка башкаруучу тетик менде жок эле. Шардагы газды чыгарайын дейм, бирок корком, себеби, газды чыгаргандан кийин токтоосуз барып жерге тиерими билемин. Кармоочу эч теке жок. Жер шарын тегерете курчаган абанын арасында кетип бара жаткан жан мен гана болсом керек.

Күн нурун тоскон абанын суюк аба менин дем алышыма да суюктук кылгансып, дожим кысылып, башым каңгырай баштады. Бирок, абанын сейрек болушун эске алып, мен жолго чыгарымда, дем алдыруучу коюу абадан запас кылып алган элем. Ошол запас аба менен дем алып келе жаттым. Кыбыраган жан, «шырп» эткен дабыш жок.

Эч жылчыксыз караңгылыктын арасында гана келе жатам, келген жолум ушу го дегенсип, үйүмдүн терезесинен башымды чыгарып ылдый карайм. Бирок, мин карасам да көзүмө караңгылыктан башка эч нерсе көрүнбөйт. Күндүн ачык-бүркөгү да белгисиз. Учсуз, түпсүз узак жолдун кайсы жагын көздөй шардын көтөрүлүп бара жатканы белгисиз. Жерден кабар алгым келди. Кат жаздым да, навдын ичине салып ыргытып жибердим. Ал каттын мааниси мындай эле.

## АСМАНДАН АЛЫСКА КАТ

«Мен бир шар жасап, ал аркылуу көтөрүлүп, жогору учтум эле. Бирок менин шарымда кемчиликтер болгондуктан, өзүмдүн болжогон жериме бара албай, белгисиз жолго түшүп, суюк абанын арасында гана



Инв. № 5795

жогорулап кетип бара жатам. Жарык шооласы жок караңгылык. Ал караңгылыкты сөз менен айтып, көз менен болжолдоо мүмкүн эмес.

Мен 25-майда асманга учтум эле, ошондон бери нече сутка болгондугун да билбейм, себеби, мага күндүн чыкканы жана батканы билинбейт. Андыктан жер менен байланышуу үчүн кат жазып таштоого туура келди. Ким билет, бул катым кургак жергеби, же сууга түшөбү? Мейли, эмне болсо да, тобокелге салып, бул катты жазып, атымды коюп, пандын арасына тоголоктоп салып, ыргытып олтурамын, менин азыркы кыскача абалым ушул» деп жазып, кол койдум.

Мына, мен шар менен дагы эле көтөрүлгөндөн көтөрүлүп учуп бара жаткан сыяктанам. Жерди көздөй ыргыткан катымдан гана үмүт кылгансыйм. Бирок ал каттын кетишине бир топ убакыт болсо да, эч келчү жардамдын кабарынан сезилбейт. Шарды жарып жибергим келет, кайрадан сабыр кылам.

Аңгыча, калың караңгылыктын арасынан кулагыма угулган бир дабыш пайда болду. Сапар тарткандан берки дабыш укканым ушул гана. Кулакка чалынган бул дабыш сапаамы эчен түргө болду. Ал дабыш негедир уламдан-улам жакындай бергенсиди. Дабыш катуураак угула баштады. Алыстан угулган дабышты белгилеп ажырата билүүгө болбоду. Жерге ыргыткан катымдан бир жардам келе жатабы деген ойго да баттым. Бирок абанын жогорку катмарына менден башка ким келмек эле деген ойго чөгөмүн. Бир нерсе көзгө көрүнөр бекен деп, үйүмдүн терезесинен баш багып, көзүмдү ачып, айланамды карайм. Үн чыгарайын дейм, коркому. Дагы бир кырсыкка учурабагай элем деген ойго кетем.

Калың караңгылыкты жаңырткан үн жакындай берди. Бул эмненин үнү экен дегенсип, ага кулагымды тосуп тыңшадым. Ал үн кез-кези менен арсылдап үр-гөнсүп угулат. Мен ал үндү экинчи учурган шардагы ит болбосун деп болжодум. Кулагымды салып дабыш-ты тыңшайм. Дабыш чыны менен иттики экени жа-кындаган сайын айкындалды. Бирок, чыккан үн канча алыстыкта келе жаткандыгын билбейм, караңгыдагы абадан көп эле алыстыктан угулгандыгы белгилүү иш. Менин итим го деген үмүт менен итти атынан чакыра баштадым, ит ого бетер үнүн күчөттү. Муңдуу улуп, таанылгансып кыңшылай баштагансыды. Итимди улам сайын чакырып, калың караңгылыктын тынчын ал-гандай болом. Итим да мени белгисиз жерден учурат-кандай болуп, кубангансып улугандан улуду.

Аңгыча, жогорулап бара жаткан шарым бир буюм-га урунгандай сыяктанды. Итимдин дабышы жогору жактан чыккандай ачык айкындалды. Бир аздан кийин шарым кайрадан жогору көтөрүлгөндөй сезилди. Ит-тин шары үйүмдөн чыккан чырактын жарыгы менен көрүнө түштү да, шардын газы азайып, куушурулуп, ылдыйлап бара жатканы байкалды.

Терезеден колумду чыгарып, ылдыйлап кетип бара жаткан шарды кармай калдым. Кармаган шарымды үйгө тарттым да, ылдагы итти өз үйүмө чыгарып алып, шарды коё бердим. Ал жарылып калган экен, шуулда-ган бойдон жерди көздөй түшүп кетти. Итим кайдан жолуктуң дегендей мага эркелеп кыңшылады. Ага та-мак бердим. Ит мени сагынгандай көзүн бүлбүлдөтүп, улам сүйкөнөт. Мен «жыргайсың» деген ой менен башы-нан сыладым. Анан, менин ички сырымды ал билбей,

алып ички сырын мен билбей, сүйлөшүп акылдашпагандыгыбызга экөөбүз тең буулугабыз.

Бирок, менде чоң кубаныч пайда болду. Себеби, менден бир топ күн мурун кеткен итиме капыстан кездештим. Эми али-жүргүмө деле кездешпемин деген үмүт мени бир чоң кубанычка салгандай болот. Албетте, мындай чоң кубанычта ойдун, санаанын кайда кеткенин билбей, болуп жаткан окуяны күнүмдүк дептериме унутпас үчүн жазып да барамын.

Шардын кылкылдап жогорулаганын токтолгон сыяктуу болуп сезилди. Анын ылдыйлашы дагы кубандырды. Бирок бул шардын жарылгандыгынан ылдыйлаганыбы, же болбосо ит экөөбүздүн салмагыбыздан болгон ишпи, айтор белгисиз. Чындыгында салмактын басымынан болуп чыкты. Жаш жүрөк кабына батпай, алып учкандай болду. Итти ким билет. Ал айбан го, билеби, билбейби, бирок ал да кубанычта экендиги сезилет.

Бир маалда калың караңгылык суюлгансып, ылдыйлаган сайын жарыктын шооласы көзгө элестей баштады.

Шардын ылдыйлаганы ыкчамдагандай болуп, уламдан-улам караңгылык азайып, жарык көбөйө берди. Бир маалда күндүн көзүн көрдүк. Биз менен аралашкансып, жарык нурун бизге чачырата тийгендей болду. Бир калың булуттун үстүндө болдук. Андан ылдыйладык, калың булут күндүн көзүн калкалады. Бир маалда жаркылдаган чагылгандуу калың жаанга кездеше түштүк. Жер көрүнбөй калды, күн жаап жатат. Ит да ыңылдай албай кыңшылап, шардын бат түшүүсүн күтүп жайпалактайт. Жер, ай, ой-тиричилик... деген ичтеги

күңгүрөнгөн дабыш менен мен дагы терезеден башым-ды чыгарып карап турам.

Бир маалда, мунарланып тоо чокулары көрүнүп, мурда көрбөгөн, чокусун ак кар каптаган бийик тоо-го кеңдеп уучудай жакындап кирип келе жатабыз. Бир аздан кийин шар эки жагы жалама кызыл чополуу жардын бооруна жакындай баштады. Шарыбыз бир гана чакан көк чөптүү тектирчеге барып, конуп калды.

* * *

Алды жар, үстү аска, жолсуз түюк капчыгайдын арасында бир кичине тектирчеде корккон коён өңдө-нүп, агым аккан таштан ташка урунуп, көбүрүп агып жаткан сууну карап коёбуз да, олтурабыз. Жан сактап жашап турган жар боорундагы тектирчебиздин чоңду-гу чейрек гектардай гана жер. Биз турган мындай бел-гисиз жер жана агып жаткан алдыбыздагы суу карта боюнча кайсы жерде экени да сиздерге белгисиз. Бет-тешкен маңдай жагыбыз — жалама капчыгай. Туура жагыбыз болсо, бодурлуу аска таштар, үңүрөйгөн үң-күрлөр. Мындан башка көзүбүзгө эч нерсе көрүнбөйт.

Айдын шооласы — асмандан көк тиреген зоолор ашып келип, нурун чачыратат. Күндүз күн да түш-кө жакындаганда гана асман тиреген зоонун башынан ашып келип тийип, түш оогон ченде маңдай жагыбыз-дагы чоң зоого жашырынат да, кетет. Мындан башка эч нерсе көрүнбөйт. Шар менен кошо түшкөн азык ту-лугубуздун да түбүнө жакындады. Азык табууга дарманыбыз да жок. Өзүбүз жашап турган чейрек гектар ту-юк тектирчеде бизге тамак болуучу эч нерсе көрүнбөйт.

Жалгыз гана көзгө жагымдуу көк чөп. Андан башка эч нерсе жок. Мындай турмуш өтпөс жерден кантип кутуларымды да билбейм. Шар менен учуп, дагы башка жакка кетели деген үмүт болот. Бирок, шарыбыз жанаша турган жерибизге конордо, жонор жактын бир чоң бөрүккө урунуп жарылып калган. Эптеп жол таап, түшүп кетемби деген ойго батам да, жол карайм.

Албетте, өйдө жатыбызда асман тиреген бийик зоо жана алды жагыбызда көбүктүп чачып агып жаткан чоң суу болсо, көзгө чоочун жерден кандайча жол таамакчымын. Кандайча жол болмокчу. Жол жасап ылдый түшүүгө же жогору чыгууга колдонула турган куралым жок. Шар менен көтөрүлүүгө керектелчү майда курал гана бар. Мындан башка, ырымга да курал жок. Санаа көпкө ойлотот, акыл жетпейт. Итим да кантип кутулабыз дегендей кыңшылайт да, ички сырын мага айткансыйт. Бирок ал айбан, мен – адам, экөөбүздүн ортобузда акыл алмаштыруучу тил жок. Эртеден кечке аракет кылгансып, ойлойм да олтурам. Итим да менин оюма көз салгандай алыска көз жиберип, маңдай жагыбыздагы асман тиреп, көз жеткен бийик зоону тиктеп, бир нерсени көргөндөй болот да, «арс-арс» үрүп, шыйпаңдап тим болот. Мен да көк тиреген зоонун боорундагы арсак бодурлардын арасына көз жиберип, бир нерсе көрүнөбү деген үмүттө болом. Бирок, менин ал үмүтүм орундалбастый, көзүмө эч нерсе чалынбайт да, үмүт үзөм.

Биздин күнүмдүк бактыбызга жаралгансыган биз турган тектирдин күн чыгыш жагындагы зоокапын боорунан жылжып агып жаткан кичине булактан суу ичем да, үнөмдүк менен тамак жейм. Кагырап каткан

сухарды сууга бир кесимден салып, бир маал наар аламын да, итиме да бир маал наар алдырам. Шардагы үйүмө түнкүсүн кирип жатсам да, күндүзгүсү бул аймактан кутулуу аракетинде болом.

Ойлоном, санаага түшөм – кутулуу жолун таба албайм. Таң атат, күн батат, мен күн сайын аракетте болом. Албетте, канчалык аракеттенбейин, канчалык ойлонбоюн, бул жерден оңойлук менен кутулбай турганмын. Менде курал да жок, жалгыз гана бир бычагым бар. Анын кыры менен оттук ташты чактым. От учкуну пайда болду. Аны пахтага тутанттым. Бирок күйүүгө буюм жок болгондуктан, мен от аркылуу курал жасоо максатымды да таштадым. Мына мындай түйшүктөр менден кетпей турган болду. Күндөр өтүп жатты, азыгым да азайды. Мен өтө аракет кылсам да, өтө акыл таап ой жүгүртсөм да, бул кыйынчылыктан кутулуунун амалын таба албадым. Жашап турган жерибизге эч бир адамзат барган эмес. Жалгыз гана, канаттуулар бир азга коно калып, кайта учуп кетишет.

Мына ушундай абалда турушубузга он күн болуп калды. Он күндүн ичинде табияттын туткунунан бошонуп чыгуу акылын таба албадым. Өтө капага түштүм. Бир күнү ойлой-ойлой акыл таптым. Итимди кандай да болсо ушул зоодон чыгаруу максат болду. Зоонун боорундагы тектирченин батыш жак жээгинен оңтойлуураак, суунун жээгине түшүүчү бир изди итке көргөзүп, эмне болсоң ошол бол деп кол шилтеп, бозомол жаңдоолор менен итимди жакшы түшүндүрдүм, ал да менин сөзүмдү түшүнгөнсүп, зоонун боорундагы жолчо менен тырбалаңдап тырмышып, бутунун тырмактарын ташка матагансып жүрүп отуруп, суунун боюна эптеп

жетип, мени карап үрүп-үрүп, узак жолго түштүм дегендей жок болду.

Мен дагы бир нерсени унутканмын, итти карап ойлонуп кала бердим. Ал оюм анан — кат жазып туруп, иттин мойнуна байлап, анан белгисиз жолго салуу эле. Бирок, бул оюмду унуткардым.

Аскалуу зоонун боорунда мен гана жалгыз калдым. Итимдин кеткенине бир топ күн болуп калды. Бирок, эчен күндөр өтсө да, иттен кабар жок. Тоонун башынан кылайып, алтын нурун жерге сепкенсип күлүңдөгөн күн мага таң калгандай болот да, төрт саат чамасында мен турган жерге нурун чачып, андан соң асман тиреген тоонун ар жагына жашырынат.

Кантип кутулсам деген ой бул арада мени басат да турат. Мына ушундай абалда ойго батып, санаага чөмүлүп, алды жагымдагы агып жаткан заоо сууга көзүмдү жиберип отурдум. Аңгыча маңдай жагымдагы чоң зоонун этек жагынан арбаңдап качып бара жаткан бугунун артынан түшкөн, чоочун бир айбан көрүндү.

Бул кандай айбан экендиги азырынча белгисиз. Ал айбан арылап узай түштү да, көзгө илээшпей жок болду. Мына, менин бул жерден биринчи жолу айбан көрүшүм ушул.

Бир күнү азыгымды эсептесем, орто эсеп менен 10 күнгө гана жетерлик калыптыр.

«Мен азыгымды түгөткөндөн кийин эмне кылмакчымын, кандайча айла болмокчу. Чөп жеп тамактанамбы, же тамак бүтүп, чын эле өлүм коркунучунда каламбы. Кантем, мен эмнеге бул жагдайга туш келдим? Жарамсыз шар жасап, калын катарланган абага асмандап эмнеге учтум?» дейм да, өзүмдү өзүм кыл мышты эсептейм.

Мына ушинтип бир айылда жаш жандын айласын таба албай турганымда, жогору жагымдан иттин дабышы угулгандай болду. Сүйүнүч кирди. Бир маалда, жогору жагымдан шатырап кулаган майда таш аралаш кумдун шыгырап эшилип жатканы көзүмө көрүнө түштү. Ангыча ошол жогору жактан эрбең-сорбең этип көзгө илээшип, бир нерсе ылдый карай кулап келе жатты. Бул, кандайдыр бир жактан бир нерсенин запкысы тийип кулаган жапайы айбан болуп чыкты. Ал айбанга жакындап барып, акырын эки мүйүзүнөн тарттым. Тоо эчкинин токтолгон текеси болгондуктан ага менин алым жетпеди, ордунан кыймылдата албадым. Бирок, эптеп жатып жылдырып, кок чөптүү жерге алып келдим.

Мен бул кийикке таң калдым да, бирөө аттыбы, эмне кылды экен деп текшерип, ар жагын бер жагын карадым. Анын арткы бутунун санынан шуулдап кан чыгып жатканын байкап, акырын колум менен кармап көрдүм. Бутунун сынгандыгы сезилди. Бул мен үчүн азык болот деп сүйүндүм. Аны союп, этин кактыра баштадым. Азык да табылды. Өткөндөгү угулган иттин үнү эмнегедир угулбай калганына таң калам.

Бир күнү өткөндөгү окуяны ойго салып, оордумдун турган аянтчамдын суу жак чекесине келдим да, бир чоң таштын үстүнө чыгып, айлана-тегерегиме көз жиберип карап турдум. Бир маалда ар жактагы асканын боорунан, бир чоң үңкүрдүн оозунан бир нерсе башын чыгарып мени карайт да, кыйшайып уңулгандай болот. Бул эмне балакети болду деп чочуп, баягыга көз сала баштадым. Бирок аны эмне экендигин билбедим, себеби, анын башынан башка эч нерсеси көрүнбөдү.

Айла куруп, жүрөктү коркунуч басты. Мен чоң таштын түбүнө барып жаттым да, уйкуга кеттим.

Күн бүркөк, жер караңгы, зоонун боорунө уюлгуп келип тийген, ышкырган карапдай шамал пайда болду. Менден коркунуч кетпей, шамалга муңумду айткансып, кара таштын үстүнө отурдум. Ангыча, замбиректин атканcып чагылган жаркылдап, нөшөрлөп төккөн кара жамгыр куйду да турду. Асты жакта арыштап, таштан ташка тийип, экиленип агып жаткан суу бул арада кызыл кочкул болуп жатты. Менин жанымдагы жылжып агып жаткан кичине тунук булакча да кызыл кочкул болуп ашып-ташып, шарылдап аскадан түшүп, алды жактагы чоң сууга кошулат да, белгисиз узак жолуна түшкөндөй болот. Турган аянтчама жогорку жактагы зоодон шаркырап куюп жаткан жамгырдын суулары мени эчен коркунучка түшүрдү. Бир маалда аянтчамдын суу жак чекесинин бир бөлүгү «күп» деп кочүп, алдыдагы агып жаткан сууга түшкөндөй болду. Мени коркунуч үстүнө коркунуч баса берди.

Төгүп жаткан жаап бир аз токтолгонсуп, жай себелей баштады. Мен да бир аз эсимди жыйып, чоң кара таштын далдаасынан башымды чыгарып, тунук болуп жаткан табият окуяларын байкадым.

Эртеси аянтчамдын бир бөлүгүн байкап карасам, тең жарымы ураган бойдон сууга кеткен экен.

Мага жардам кылар иним менден бөлүнүп кеткенине 23-24 күндөй болсо да, ушул күнгө чейин кайрылып бир белги берүүгө жарабагандыгынан айбандын эссиздигине, акылсыздыгына капа болдум. Белгисиз жерден кулап келген тоо текенин эти да аз калды. Эсептеп келгенде, анын эти араң гана 7–8 күнгө жетер-

лик. Менин азыркы учурум, азыркы күн көрүүм ушул гана болду. Бул белгисиз жерге келип түшкөндүгүмө мына бүгүн эки ай үч күн болгон экен, ошончо убакыт өтсө да ойлогон ойлорум, кылган аракеттерим мен үчүн пайдасыз болуп чыкты.

Эгер менде өзгөчө курал-жабдык болсо, табияттын мындай туткунунан кутуларыма шек болбос эле. Куралдын болбогондугу, жердин тарлыгы дүйнө жарыгын бүгүн көрөм, эртең көрөм менен гана жашоодон үмүт үзүп, айла табылбай, амал бүтө тургандай болду. Эки ай үч күндөн бери менин алым кетип, күн бүткөнсүп көрүнөт.

Мен эмне үчүн мындай окуяга туш келдим экен деп ойлой бердим.

Бир күнү төрдө саканда олтуруп, оор уйкуга кетип калыпмын. Бир маалда, күпүлдөп колумду жалаган бир нерсени сездим. Уйкудан ойгонуп, көзүмдү ачтым. Маңдайымда көзү мага кадалган бир нерсе турат. Бул кандай нерсе экенин билбей, чочугам бойдон арсайган жүндүү айбанга жакшылап колумду жибердим. Ал — ою болуп чыкты!

Мен анын кайдан келгенин биле албай, каңтейип, экинчи кайгыга үчүнчү кайгы кошулуп, маңдайымдагы арсайган жырткычтан кантип кутуларымды билбедим. Жырткыч тишин арсайтып, алдыңкы эки колундагы тырмактарын чыгарып, жүнүн сапсайтып, денеме ырайымсыз кара тумшугун матырчудай, тырмагын денеге калачудай болуп, бетимди көздөй оозун арааңдай ачып турду. Мен кылпагымды түмкөй кийип, күнөөлүү немедей башымды ташка тошоп, эмне кылар амалын таба албай дармансыз болуп калдым.

Ачуулуу, ээн жаңырткан үн менен аюу бир бакырды да, мени чапчып алды. «Ай, өмүр, кантесиң?» деген ой-санаа жүгүрүп, акылым айран, эсим дал болду.

Кандайдыр калың кайгыга батып, аюунун чапчыганда кийимден өтүп денеме матырылган уулуу тырмагы чоң азапка салчудай болду. Кайгылуу түр менен башымды көтөрүүгө аракеттендим. Бирок аюу али бул арадан кете элек экен. Менин эки-үч айдан берки күн көрүп жыйнап турган азыкчамды бүт шимшилеп кыдырып чыкты. 4–5 күнгө жетерлик кургатып койгон тоо текенин эти чоң талдын түбүндө эле.

Аны аюунун жыттуу мурду чалып калдыбы, өмүргө үмүт кылган, жанымды сактай турган азыгымды таап жей баштады. Кантейин, ал жырткычка каршы турууга кубатым жетпейт. Жашоонун акыркы күнү, акыркы түнү деген ой менен асманды карап, көзүмдөгү мончоктогон жашты кылгырттым да, кыймылсыз жаттым. Бир маалда, менин азыктарымды жеп бүткөндөн кийин аюу кайрылып мени көздөй бет алды. Мен көзүмдү жумдум да, демимди ичке тартып, кыймылсыз абалга келе түшүп, сулк жатып калдым. Акырындык менен мени көздөй басып келип, бир нече ирет кулак-мурдумдан бери жыттагылап, ысык канга тумшугун малуучудай болуп туруп калды. Эми кылар айламды таба албай калдым. Акыркы гана амалды колдонуп көрбөсөм болбо турган эмес. Андыктан, курумдагы бычагымды алып, колума камдай кармап, бир калыбымда жата бердим. Жок, болбоду, кайрадан мурду-башымды жыттагылай баштады.

Колума кармаган бычак менен бет жагына күтүүсүз уруп калдым. Ал чаңырып алды да, менден бошонуп ту-

шуп, жалама зоо боорундагы бир из менен тырмышып жүрүп олтуруп, баягы белгисиз айбан башын чыгарган үңкүрге кирди да кетти. Мен дармансыз турун жаш өмүрүм өтүп, күнүм бүттү го деген санаа менен темтеңдеп басып, үмүт үзбөй тоо текенин катырылган этин карадым. Эч нерсе жок. Эми айла куруду, ал кетти, көз гунарды...

Менин наар татпаганыма бүгүн эки күн болду.

Кеч кирип, асмандан жылдыздар бирин-серин көрүнө баштаган убагы. Мендей жагымдагы мага беттешкен зоого муңумду айткансып, көзүмдү бирде ачып, бирде жумуп коём да, ачкалыктын айынан «кантем» деген сеңдүн түбүнө жөгил, чече албастан олтура бердим. Анын үстүнө, өткөндө аюунун тырмагы арка жагымды жаралантккан. Бул да экинчи жагынан көңүл-тынчы болду. Бир маалда негедир колумду жумшак тили менен жалаган бир нерседен чочуп, көзүмдү ачтым.

Мен ал арада калың уйкуга кирип калган экенмин. Карасам, маңдайымда бетме-бет өзүмдүн итим турат. Таанып үнү менен кыңшылап куйругун шыйпаңдатты да, ташка жөлөнүп жаткан мага сагынычтуу эркелей кетти. Анын кандайча келгендигине абдан таң калдым. Көзүмдү чоң ачсам, асмандан тийген айдын жарык нуру мени сүйгөндөй төгүлүп турду.

Бир аздан кийин итимдин үстүндөгү артылуу таңылчакты түшүрүп, аны ачып карай баштадым. Таңылчактын ооз жагына салынган эки барак кагаз колума келип урунду. Мен ал кагазды айдын жарыгына салып, ар бир  сөзүн окууга киришттим. Бирок, ай жарыгы катты окууга жетишерлик тийе албады. Мен ал эки барак кагазга жазылган жазуунун башындагы

«Уулум» деген гана сөздү араңдан зорго окудум. «Уулум» деген сөздү окугандан кийин калган сөздөрдүн жана каттын кайдан келгендиги белгилүү болду. Катты бүктөп, чөнтөгүмө салдым да, таңылчакты кайрадан сыдыра баштадым. Ал 5 килограмм салмагындагы таңылчакта төмөндөгүдөй буюмдар бар экен: 1 килограммдай таттуу нан, 1 килограммдай момпосуй жана калганы ошол сыяктуу тамак азыктары.

Тап атты, мен эки баракка жазылган катты окуй баштадым. Анын кыскача мазмуну мындай экен:

## Уулум

«Сенин шар жасап асманга көтөрүлгөнүңө бүгүн 92 күн болот. Мына ошол 92 күндөн бери сенин кайда экениңди биле албадык. Сенден мурун кекке учурган итиң бүгүн келди. Биз балам келер бекен, аман бекен деген ойдо болдук. Бирок, итиң жаман карып тартып, арыктап калыптыр. Ал келер замат кыңшылап жиберди, ошол боюнча тынчыбай койду. акырында анча-мынча азык артып, кайда барар экен деп коё бердик.

Билбейбиз, сага барар бекен же башкага барар бекен. Ошентсе да, иттин аман келишинен улам балам барар деген үмүттөбүз. Ким билет, балам, өлүүсүңбү, тирүүсүңбү? Кайда экениң белгилүү болсо, биз жактан жардам болор эле. Бирок, айбан кыңшылагындан башка эч белги бере албады. Ошондой болгондон кийин мына заир улатып, кат жазып олтурабыз» деп, каттын аягына «атаңдан» деп коюптур.

Мына бул катты окуганымдан кийин иттин үйгө баргандыгы анык сезилди. Үй менен кабарлашкан итим

келгенден кийин мындан аркы жашоом бар экендигин сездим. Бирок иттин менден ажырап, жол тартып кеткенине бүгүн 29 күн болду. Демек, 29 күн ичинде алыс жол басып келгени айкындалды.

Мен итти бир аз күн эс алдырып туруп, аны кайра жиберүүнү ойлодум. 4 күн болгондо жиберүүгө киришитим. Кат жазмак болдум. Бирок, менде кагаз, калем сыяктуулардан эч нерсе жок але. Бир айла таап, көк чөп менен үйдөн келген каттын аркасына жаздым. Ал көк чөп менен жазган жазуумдун кээ бир жерлери билинбей да калды.

Ал катка мындай деп жаздым эле:

## Баладан кат

«Мен болсом, эки жагы аска, алды күрүлдөгөн чоң суулуу жеөнүн бөюрүндө, бөтөнчө бир кичине тектирчеде турам. Азырынча күн көрүү бар. Бирок ал кичине тектирчени суу алып кетсе, же урап кочкуу жүрсө, анда жашоо бүтөт. Мен шар менен учуп жогоруга чыккандан кийин, кайра ал шар менен ылдыйлап отуруп, азыркы турган жериме түшүп болдум. Бул жерде жашап турганыма үч айдан ашты. Кайсы жер экендиги жана мен кайсы жерде экенимди биле албайм. Бирок иттин барып келгенине карагaнда, баарыбыз бир эле материктин үстүндө турат окшойбуз. Себеби, башка материк болуп суу, деңиз, көл аркылуу барса, иттин түшүп өтөр күчү болбогондон кийин силерге кайдан жетмек. Кыскасы, ит барары менен бир жардамчыларды көргөзгүлө!

Кат жазуучу балаңар», – дедим.

Китты чүнүрөккө орол, иттин мойнуна бекем байлап туруп, жолуна түшүрдүм. Итим да мени менен коштошкондой болду. Суунун жээгине түшөр замат мени бир карап эки-үч жолу үргөндөй болду да, көздөн кайым болду.

Менде эми үмүт жаралгандан кийин көп кападар болбой, иттин экинчи келишин күтүп жүрө бердим. Бирок, бул жагдайдан чыгуу аракетинде боло бердим. Ошондой болсо да, үйдөн жардам күтүүгө туура келди. Мендеги бир коркунуч – өткөндөгү аюу жана жаан эле. Мен андай убактылуу жоодон коргонуунун аракетин кыла баштадым. Эмгектенүүдөн башка эч кандай бош убактым болбоду. Көбүнчө, өткөндөгү келген аюунун жолун бекитүүнүн үстүндө болдум. Анын жолуна таш коюп тосо баштадым.

Экинчи жумушум, өзүмдүн жашаган аянтчамдын өрүө чепинен агып жаткан булактын кырына таш тизе баштадым. Себеби, жаан катуу жааган учурларда суу арыктын кыруусунан ашып аянтчамды бүт каптап кетпесин дедим.

Бир күнү «ай, аска-зоо, адыр-тоо, сенден качан кутулуп, кол берип коштошор экенмин» деген ойго чөмүп, эки жагымды карап, алыс жактарды абайлап, ачел укмуштуу зоолордун бооруна көз жиберип олтурган элем. Бир маалда, турган аянтчамдын ар жак жагындагы бир борчуктун тобо жагынан мага көз жиберип олтурган, көзгө чоочун, түрлөрү башка айбандарды байкадым. Булардын көз карашы – мага келип береешчүдөй көрүнөт. Үн чыгарып кыйкырайын дейм, корком, себеби, адам баласынын үнүн укпагандар ме-

нин үнүмдү укса дароо жетип келип бир балаа кылба-сын дейм. Бавырымп көзү мөлдөп болулбойт. Алардын андай турушу, андай көз жиберип карашы чоң корку-нуч болуп баса берди.

Бир маалда зоонун боору менен тырышып, ар бир бөрчүн тиштерге жармашып, мени көздөй түшө баш-ташты. «Кандай балаасы дагы түшүп келди экен!» — де-ген ойдо дале коркуп жаттым. Жалгыз бычагым жана таштан башка колумда эч нерсе жок. Айбандар мага бет алгандан бет алып, жакындай беришти.

Алардын саны 15тен кем эмес экен. Андан соң тек-тирчеге секирип түшө башташты. Мен аларга каршы күч жумшачудай болуп, эки колума эки таш алып, ордумдан турдум. Алар да мага жакындагандан жа-кындай берди. Аңгыча айбандар мени тегеректеди да калды. Кээ бирөөлөрү көздөрүн бакырайтып, жүнүн үрпөйтүшүп, тишин көрсөтүп ырылдашат. Кээ бирөө-лөрү жарып салам дегендей обдулушат. Кичирээктери чоңдору обдулса обдулуп, турса туруп калат. Кээ би-рөөлөрү эки-экиден алышып, шибер чөпкө оонап ка-лышат. Кыскасы, булардын кыймылдары ар бириники ар башка. Мен алардын ортосунда эки ташты эки ко-лума уучтаган бойдон турдум. Мага кантип тийишер айласын таба албашпай топтолушуп калышат. Мен да кантер айламды таба албадым.

Аңгыча бирөө ырылдап келип, арка жагыма асы-ла кетти! Ал асылганын көргөндө калгандары түрчүбү, жапырт гана талай баштады. Кээ бирөөлөрүнүн тыр-мактары кийимден өтүп, сөөгүмө жеткендей болот. Кээ бирөөлөрү арсыйган жырткыч тиши менен тыкылап тиштеп, тартып жатат. Мен эми өлдүм го деп, колума

кармаган бычагым менен далайын жаралата бердим.

Бирок, алымдын жетерлигин чындап сезгендей болдум, себеби, алардын чоңдугу мышыктай эле. Ошентсе да, алар ажор жана жырткыч эмеспи, кийимиме жабышып тыткылай беришти. Мен алардын мойнун бурап, күркүрөп агып жаткан чоң сууга көздөй ыргыта баштадым. Ыргыткандарым ачуулуу заар үнү менен чыпылдаган боюнча сууга күп этө түшүп, дымсыз агып кетип жатты. Калгандары дагы эле тырмышып, жабышып жатат.

Алардын ичинен үчөөнү жерге уруп салдым. Бешөөсү сууга кетти. Калган эки-үчөө өтүгүмө, далыма жабышып жүрүшөт. Дагы калгандары батына алышпай ырылдап, мени тегерегет да турушат. Эң кыйнагандары далы ортомо жабышкандар болду. Алардын уулуу тырмагы, курч тиши кийимден өтүп, денени майыштыргандай болду. Бирок аларды да акырындык менен жайлап жаттым.

Мен бул коркунучтан да кутулдум. Бир аз эс алгандай болдум. Итимдин аман-эсен үйгө жетип, бир жардам кылышын тиледим. Аңгыча асмандан куушурулуп келе жаткан бир караан бетме-бет көзүмө чалына түштү. Бул кандай эме дегендей селт этип, баягы караанга көзүм тигиле түштү. Аңгыча ал караан да жакындап келди.

Бул дагы мага кастыгын тиккен канаттуу жырткычтан болуп чыкты. Мен андан кандайча кутуларымды билбей ойлоно түштүм да, жанымдагы таштын түбүнө жата калдым.

Канаттуу мени эмес ташты тээп алып, кайра көккө учуп чыгып, ошол боюнча жолуна түшкөндөй сызган

бойдон жок болду. Мындай эбегейсиз чоң канаттууну биринчи көрүшүм ушул болду. Кээге чоочун ээчен айбандарды көргөндөн кийин, мындай жерде жалгыз жан сактап тургандыгыма нзүм тан калгандай болдум. Асмандан дүйнө жүзүн бүт көрүп, аки зоонун ортосунда жашаган мени да карап таң калгансыган миң-миллион жылдыздар көктө жайнап турат. Ай да он бешине толгонсуп, эптеп жан сактап турган мага «кандай жан элең» деген сыяктуу жарык нурун чачыратып, бийик зоонун башынан чыгып келди. Мен да санаага батып, жерден таш алып, алды жагымда күркүрөп тынымсыз агып жаткан сууга ыргытып, ошону эрмек кылгандай болом.

Кээ-кээде эки оттук ташты бири-бирине урунтуруп, от чыгарып жаркылдатам. Албетте, менин бир нече айлар, күндөр боюу эрмек кылуучу эч нерсем да болбоду. Ал гана эмес, өз жүзүмдү да көрө албадым. Кээ-кээ гана агып жаткан булактын тунук жерине барып, суудан өз өңүмдү карайм. Бирок ал суу аркылуу көргөн өз өңүм өзүмө чоочун көрүнгөндөй болот. Албетте, менин өңүмдүн өзгөрүшү да эп боло турган иштердин бири эле, себеби, чачым өскөн, кийимим жыртылган, жана табияттын шарты, аба ырайы да менин өңүмдү өзгөртүп жиберүүгө толук себепкер эле.

Ушундай шарттар менен өзгөрсөм өзгөрүлгөн чыгармын дедим. Кыскасы, таңдын атышынын, күндүн батышынын бир күнкүсү – бир жылдай болуп тура берди. Бат эле ушул күндөн кутулсам экен деген үмүттө болом. Албетте, менин итим аман болсо, 30 күн чамасында бир кабар жеткирери шек жок иштин бири эле.

Таң аткан, бирок күн бүркөк, кээге сайса көрүнгүс туман каптап, түпжурайт да турат. Мен мындай бүр-

келүшүпөн катуу корком. Себеби, иткендегүдөй болуп аянтчамдын калган жерлерин жаандын суусу агызып алып кетсе, менин көргөн күнүм эмне болот? Мына башымды санаа дагы каптай баштады. Кантейин, итимди экинчи жолу үйгө жөнөткөнүмө бүгүн араң гана 15 күн болот. Эгер бир ай чамасында кайрылып келсе, иттин келишине дагы 25 күнчө убакыт керек. «Балким, кырсык болуп, менин итим өлүп калдыбы, эмне болду, анда көрөр күнүм, ичер суум эмне болор экен?» деген терең санаага батып, түнөрүп, тоо башын курчап турган кара булутка муңумду айткандай болуп, көзүмдү бүлбүлдөтүп жата бердим. Калдайган кара булут мээримсизденгендей анда-санда жаашып себелетип коет. Бир маалда чындап каарына алчудай болуп күркүрөп-шаркырап, нөшөрлөгөн кара жамгырын төгө баштады. Мен ордумдан жылып, чоң кара таштын түбүнө барып олтурдум. Айла канча, жаан чындап жааса, мен жашаган аянтчаны бүт бойдон жаандын суусу алып кетүүгө мүмкүн. Эгер бул аянтчаны жаандын суусу жууп, уратып кетсе, анда мен так эле алдымда агып жаткан чоң суунун агымы менен кошо кетүү коркунучум бар.

Асманда уюлгуган кара булут кошоруп, карандай кара жаан көнөктөп куя берди. Жогору жактан шаркырап түшүп жаткан жаандын суулары менин аянтчама жыйыла берди.

Тектирдин ортосунан агып жаткан кичине булак өзүнүн агып жаткан көлөмүнөн бир нече ирет ашып, туптунук булак бул арада кызыл түскө келип, мурунку жылжыган ылдамдыгын таштагансып, алды жактагы чоң сууга күрүлдөп түшүп, кошулуп жатат. «Булагым,

кантесиң?» дегендей болуп, башымды көтөрүп, агып жаткан булакты улам карап коём. Ал булактын башындагы күнгө олтуруп, бети-кол жуугапым, тамак-аш ичкеним ойго келет. Булактын башындагы көк чептер кыян менен агып келген кум менен таштын алдында калып жатты. Аларды көргөндө ээним ого бетер кейийт. Мээримсиз пошорлогон кара жаан эч тынымсыз төктү да турду.

Бир маалда жаткан ташымдын эки саржандай алыстыгынан бир жик ажырап, урагап бойдон сууга «күп» дей түштү. Мына, аянтчамдан айрылдым, жаандан корголгонго ташымдын тегереги гана калды. Агып жаткан чоң суу болсо үстүнө урап барып түшкөн кочкунду толкундана тосуп алгандай болду. Мурунку аянтча бар кезде, мен жаткан таштын жанынан суунун чеке-бели көрүнчү эмес эле, азыр болсо, көбүктөгөн чоң суунун бер жак чекеси да көрүнүп калды. Мурунку кичинекей чейрек гектарча көк мейкиндик жер бул арада сууга кетип, ал тектирдин ордуна коз мелжиткен асказоо болуп калды, жалгыз гана бир боору зоого жабышкан чоң кара таштын түбүндө эки саржандай аянтча калды, калганынын баары тең сууга кетти. Кантейин, ичиме муң жыйылды.

Мурда суусунумду кандырып, бети-колумду жууп, эс алып, күн көрүп турган жай аккан суу мен турган кара таштын ар жак капталынан тик ылдый шаркырап куюлуп жатат. Кыскасы, жаан башымды миң бир капа кучоп басып, кантер айланы билбей, амал курган учур. Эгер эптеп эле турган кара таш зоодон суурулуп куласа, мен таштын алдында каларыман шек жок.

Бул кара жаан жорлин денесин жибитип жаап жатканда, зоого жармашкан бөтөнчө кара ташты кулабайт

деп да мүмкүн эмес. Бул учурда мен чындап эле жашоодон үмүтүмдү үзгөнсүп турдум.

Узун сапарга батып, күндүн кеч киришин да билбей, баш көтөрбөй кара таштын түбүндө жата бердим. Албетте, таштын айланасындагы эки-үч саржан аянттан башка жер жок. Ошондой коркунучта жатсам да, кандайдыр калың уйкуга кирип кетиптирмин. Кыскасы, уктасам уйкумда да тынчым жок. Ойгонсом, ойгоомдо да тынчым жок болуп жатты. Мен ошондой калың уйку ичинде күндүзгү көргөнүмдү түшүмдө кайра көрүп, коркунуч менен ойгономун. Көзүмдү ачып, баш көтөрүп обдулуп, козголгон жүрөк, корккон көзүм менен алдыда агып жаткан чоң сууга мойнумду созуп, эки жагымды карапамын. Күркүрөгөн чоң суу мага жардам берчүдөй көрүнбөйт.

Көпкө узабай эле таң атып, күн ачылып калды. Козголууга дарман жок, кара таштын үңкүрүнөн мойнумду созуп чыгарып, маңдай жактарга көз жиберип жата бердим. Жанымда бир аз гана тамак бар. Ал тамак, итим алып келип берген тамактан калганы эле. Жейин десем, жүрөгүмө баспайт. Көз тунарат, алыскы жерлерди көрө албайм, бир эле жерде отура бергендиктен жамбашым ооруйт, турайын десем, турууга жер да жок. Мына ушундай кыйынчылыкта калдым.

Алыстан чоң суунун добушуна кошумча добуш кошулуп, кулагыма бөтөнчө үн угула баштады. Ал үндү айрып таанып албай, таң каламын. Таштын конулунан башымды чыгарып, эки жакты карапам. Бирок эч нерсе көрүнбөйт.

Кайра тынчтанам да, жатам. Жок, болбойт, кайрадан кулагыма чоочун добуш угулат. Дагы башымды көтөрүп, эки жакты карайм. Жок, эч нерсе көрүнбөйт!

Кайрадан кулагым суунун добушунан бөлүнө түшкөн бөтөнчө добуш угат. Же угулган менен эмне экенин ажырата албайм.

Бир маалда, итимдин мага таанымал добушу угула түштү. Дароо башымды көтөрүп, келип-кеткен жолун карадым. Жээ боору менен тырмышып, чын эле менин итим келе жатыптыр. Итти көргөндө денем чымырап, эсим оогон, колум титиреп, көзүмдөн чыккан жашты жеңим менен аарчып, бул көрүнүш чын эле болуп жатабы деп кайрадан ал жакты карадым. Итим чын эле келатат. Кеткенине бүгүн 20 күн болгон эле. Аңгыча, тектирчесинин мурунку кулаган чекесине келди да, бери көздөй жүрүүгө жол таба албады. Мен башымды таптын көңүлүмдөн чыгарып, итиме көз жибердим. Итим да көптөн бери көрбөгөнгө жана мурунку аянттын урагашына, бир кенедей аянтчада жатпай тургандыгыма боору ооругансып кыңшылап жиберди да, мага жете албай туруп калды. Үстүндө бир таңылчак жүгү бар. Анын көзү менен менин көзүм бетме-бет чагылышып турдук. Буттарын зоо бооруна бекем жатып, итим коркунучтуу жерден кантип жол табаарын дале билбеди.

Анан кайдандыр белгисиз жактан жаңы бир добуш пайда боло баштады. Мен ал добуштун аныгына жете албай, кулагымды тосуп туруп калдым. Итим да башын бир чулгуп алып, чыккан үндү көздөй көз жиберип үрө баштады. Жок, добуштар чындап эле катуулап баштады. Көз жеткис эки жагы аска-зоолуу капчыгай ого бетер ал чыккан үндү эки эсе күчөттү. Мен ал үндүн кайдан чыккандыгын биле албай, бир тоңко кулак тосуп, акыл болуп тыңшигандан тыңдаймын, ит болсо ал үндүн кайда экендигин аныктагандай болот. Анын бет алып үрүшү көк калкын мелмилдеген зоонун чоку-

сун көздөй багытталат. Аңгыча таштар урай баштады. Мен ал таштын кулаганынан чоку жакта бирөө бардыгын аныктадым.

Аңгыча, адамдын үнү кулагыма чалына түштү. Башымды көтөрүп карай калдым. Менден 20 метрдей алыстыкта чынжыр аркылуу зоонун баш жагынан улашып келаткан ящикти жана анын ичиндеги адамды көрдүм. Ал мени көрүп үн салып, бир нерсе деп сөз айтты.

Ким экени таанылбайт. Ал кишинин ящиги жерге конгондо ичинен чыкты да, мени көздөй жылды.

— Амансыңбы, баатыр? — деди ал жаныма келгенде. Мен да амандашып, ал адам менен көрүшүп кучакташтым. Акырындап зоону көздөй басып бардык. Ал киши мени да, итимди да ящикке түшүрдү. Бир нече ай бою ушул табият туткунунда жаткан адам катары бул жер менен, мени сактап жанымды алып калган кара таш менен коштоштум. Үчөөбүз түшкөн ящик өйдөдөн тартылган зым аркылуу көтөрүлө баштады. Зоонун чокусуна жакындап калганда бизди күтүп турган үч адамды көрдүм. Чыгып келип алар менен учурашканда катамды мойнума алгандай болуп башымды жерге салдым да, итимди эркелетимиш болдум. Албетте, мен олуттуу даражадагы шар менен учсам, мындай кордукту көрбөс элем. Тигил адамдар да менин кылганыма таң калышкандай болушту. Итиме айрыкча кубанышты, айбан болсо да ага алкыш айтышты. Анан буга чейинки болгон окуяны таңыркап сурай башташты. Мен көргөн-билгенимдин баарын айтып бердим. Ошентип, биз андан ары алыскы жолго чыктык.

Менин башыман өткөндөрүмдүн бир орчундуу жери мына ушул окуя.

## РОДИНАНЫН УУЛУ

Жолдоштор!

Мен силерге техниканын гүлдөп-өсүп келе жаткандын жана башымдан өткөндөрдөн айтып бергени олтурам. Ошондуктан окуяны чын дилинен менен байкоңуздарды жана болочок техниканын өсүшүнө ар бир жаштар активдүү катышуулары керектигин күтөм.

20-май айындагы тийген күн мен үчүн эң бир кубанычтуу күндөрдүн бириндей сезилет. Жаш жүрөк кубанганынан алып учат. Албетте, өмүр бою чоң окуяга бүгүнтөн баштап кирип жүрүчү күн эле. Баарыңарга белгилүү болгон алыскы Түндүк Уюл муздуу алды менен бир нече күндөп, бир нече айлап саякатка чыгаар мезгилибиз бүгүнкү күн.

Асман ачык, алыскы чыгыштан алтын күн нуру акырындап жер бетине жайыла баштады. Кызыл желектер жана куттуктоо ураандары, тарыхта биринчи жолу муздун алды менен саякатка жөнөөчү бизди узатууга чыккан Родинанын эли — биздин туугандар. Родинанын баатыр уулу болуу эмне деген максат! Бул, ар бир саякатка катышуучулардын алдындагы негизги максаттарынын бириндей сезилет. «Жашасын алыскы Уюл саякатчысы!» деген чуу асманга көтөрүлөт.

Радиодон тынбастан урмат-даңктуу сөздөр айтылып жатат. Алыскы жактан куттуктоо телеграммалары ке-

лет. Ал калың элдин алдына окуп берилет. Ангыча сааттын стрелкасы 10ду көргөзүп калды. Биз үчүн гудок бериле баштады. Алыскы Уюлдук муздун алды менен саякатка чыгуучу флотубуз биз түшкөндөн кийин пристандан козголо баштады. Биз калың көпчүлүктөн ажырай түшүп, көк деңиздин үстүндө калкып бара жатабыз. «Каникула, инилер ийгиликтүү болсун!» деген калың көпчүлүк колдорун булгалап «А» портунда кала берди.

Моторлуу кайык менен бизди узатып жүргөн туугандар жана карындаштар, эжелер, асманда самолёттун болот канатын күнгө чагылтып, ылаачындай сызып өтүп, куттуктоо кагаздарын ыргытып жатышкан учкучтар жана андагы Түндүк Уюл экспедициясынын начальниги, баатырлар да бар. Мына ошентип, 20-майда, эртең менен саат ондо алыска жол тарттык, материктен ажырадык, муз келкилерине деле кезиге элекпиз. Кетерген деңиз менен гана жылып кетип бара жатабыз. Алыскы жактарга көз жиберип, дүрбү салабыз. Бирок аттекенин кабары жок, кургак жер деле, муз деле көрүнбөйт. Жалгыз гана бир кит балыгын кезиктирдик да, артиллерия огу менен атып салдык. Атылган кит суунун үстүндө калкып калды. Аны порттогу балыкчыларга радиограмма менен кабар кылдык да, биз жолубузду уланта бердик.

Мына, азырынча эч нерседен кабарсыз мелтиреген көк деңиздин үстү менен гана жылып кетип бара жатабыз. Бир аздан кийин жарым саатка жетпей эле, бириндеп калкып жүргөн муздарга кездеше баштадык. Улам бириндеп калкып жүргөн музду аралап, муз аады менен жүрүүчү кораблибиз бара жатат. Күн чыкыроон-

доп, уламдан-улам суунун температурасы жогорулап, күндүн көзү бозоргон булутка жашырынып калды. Азыр болсо, кадимкидей боройлоп кар аралаш шамал түндүк жактан соко баштады. Барган сайын калкып жүргөн муздун ири кесектерине учурап калабыз. Бирок болоттон жасалган кораблибизге кандай муз болсо да тоотосунбу? Вырын-чырып чыгарып, экиге бөлүп жирип кете берет.

Башкы капитандын буйругу боюнча 25 минутада муз алдына түшөбүз деген буйрук жалпы экспедициячыларга жарыяланды. Баарыбыз тең кораблдин үстүнкү кабатына топтолушуп, алыскы жактарга көз жиберип, жер үстү менен коштошкондой болобуз. Кораблдин суу алдына түшүрүлүшүнө беш минута гана убакыт калды. Акыркы коштошуу менен келкиленген муздарга көз нурубузду чачыраттык да, акырындык менен ылдыйкы кораблдин ичиндеги үйлөргө түшө баштадык. Аңгыча катуу сирена үнү угулду да, кораблибиз жай гана ылдыйлай берди. Прожектордун жарыгы айланага чачырай баштады.

Келки муздун алдына түшүп, жолду уактын жонон өттүрдүк. Бул биздин Түндүк Уюл музунун алдына биринчи жолу түшүшүбүз. Кораблибиз сууну бара жатат. Тоскоолдук кылуучу эч нерсеге учурай элекпиз, ар кимибиз өз жумушубуз менен гана алек болобуз.

Тегерек айнектүү комнаталарыбыздын терезелеринен прожектордун нуру жарык шоола берген суу катмарларын абайлайбыз. Кээ бир гидрологдор бул жердеги суу өзгөчөлүктөрүн химиялык жол менен анализ кылып текшерип жатышат. Геологдор болсо, деңиз алдындагы болгон топурактардын составдарын тек-

шерип жатышат. Кээ бир зоологдор суу тамчыларын микроскоп менен абайлашып, бир клеткалуу жана көп клеткалуу жөнөкөй суу айбандарын көрүшүп, аларды түзүлүш жагынан да текшерип жүрүшөт. Ботаниктер да түрдүү деңиз өсүмдүктөрүнүн бир топ жаңы өсүмдүктөрүн табышты. Кыскасы, бул учурда баарыбыз тең өз иштерибизге кызыктуу түрдө кирише баштаган элек.

Бир маалда кандайдыр суу өтмөрүнөн прожектордун жарыгы аркылуу бир чоң айбан эч кыйналбастан калкып жүргөнүн көрдүк да, дароо гана электр энергиясынын жардамы менен флютту көздөй тартып алдык. Албетте, мунун түзүлүшүн чындап текшерүү академик «А» га берилди. Ал академик аны изилдеп, бир мааниге келгенден кийин илим тили менен жана эволюция окуусуна байланыштырып, тарыхый маанисин бизге чечип бермекчи. Эми биздин саякаттын кийинки боло турган окуясы менен таанышалы.

Биздин муз алдына түшкөнүбүзгө 8 сутка болду. Ошондон бери жашоо муз алдында өтүп жатат. Ошондой болсо да биздин жүрүшүбүзгө жана жашообузга зыян келтирген эч нерсени учурата элекпиз. Биздин тилеген максатыбыз иш жүзүнө аткарылып бара жатат. Менин өзүмдүн милдетим, Түндүк Уюл магнитинин жана жалпы компастын стрелкасы түндүктү багытталышын, ошону менен бирге деңиз алдындагы топурактарын химиялык анализ менен ажыратып, андагы болгон өсүмдүктөрүн жана ушул өндүү табияттын ачыла элек, жашырын сырларын текшерүү боюнча. Экинчиден, астрономиялык куралдар менен жылдыздарды жана түрдүү планеталарды текшерүү эле. Бул жагы

азырынча токтоп калды. Анын себебин айта кетейин. Албетте, муз алдына түшкөндөн кийин 2—3 километр келген муз катмарлары корабльди жогору чыгууга жол ачып бере албады. Ошондой болгондуктан муз алдында калдык да, дециз үстүндө боло албадык. Кечээ өткөн числодо муздун экиге жарылган жерине учурай түштүк. Бирок, аны ченесек, 3 километр 25 метр калың дыгында болуп чыкты. Мындай муз калыңдыгы бизди тышка чыгарууга кандайча мүмкүнчүлүк берсин. Муз алдына түшө элек учурубузда подзорный труба менен бир топ дүйнө системасындагы планеталарды болжолдодум эле, мындан бир нече жылдар мурун Галилей көргөн «Галилей кометасы» делүүчү куйруктуу жылдыздын ашиней жолун жана анын өзүн дагы көрдүм эле.

Азырынча жалпы экспедициячылар үчүн бир коркунуч болуп турат. Аба аркылуу толкундалып радиограмма менен Родинабыздан саат сайын, минута сайын кабарлашып турчу элек, бирок муз алдына түшкөндөн бери андай кабарыбыз үзүлдү. Түрдүүчө куралдын жардамы менен бара жаткан жагыбызды изилдеп бара жатабыз. Азыр түндүк кендиктин 83,5 градусунда, батыш кендиктин 65,5 градусунун ортосундабыз. Бул учур 30-май, күндүзгү саат он бир жарым эле. Бизге күн, түн — баары бир караңгылык, жалгыз гана электрдин жардамы менен жүрүп, прожектор аркылуу жарык кылабыз.

Көп күндөн бери жакшы бара жаттык. Бирок азыркы учурда корабльбиз кандайдыр бир жокустукка учурагандай жүрүшүн токтотту да, кыймылсыз токтоп калды. Мага корабльдин эмнеге жүрбөй токтоп калганы белгисиз болгонунан, дароо капитан менен кабарлаштым.

Ал:

– Жүрбөй калды, – деди.

– Эмнеге? – дедим.

– Көрдүңбү, көчүп жүргөн муздун бир чоң бөлүгү келип корабллин жогору жагынан басып калганын,– деп капитан нөө түргөн компасынын жогору жагындагы айнектен эбегейсиз көлөмдү ээлеген муз келкисин көрсөттү. Бул Түндүк Уил деңизинин деңиз алдындагы жер менен көчүп жүргөн муз келкисинин эң жакындап калган жери экен. Араң гана 400–500 метр тереңдик менен бара жаткандыгыбызга бир сааттан көп убакыт болгон. Мына эми муз менен деңиз түбү корабливизди кысып калды. Айла кетти. Муз менен деңиздин ортосу 10 метр чамасындай бар, мындай аралык биздин кораблибиздин жүрүшүнө мүмкүнчүлүк бербеди. Акыры токтолуп, айла кетиши ушул болду. Биз табияттын жашыруун сырына баш ийгендей болуп, кораблдин жылуулуга керектүү болгон электр энергиясын токтоттук да, экспедициячылар бир жерге чогулуп, кандайча бошоорду талкуулаштык. Бирок, кандай кылаарды биле албадык. Асман калкып жүргөн муз келкилери кораблди чыңдап баскандай болот. Кораблибиз деңиз түбүндөгү жерге жарым метр батып калды. Эгер деңиздин үстүндө болсок, радиограмма аркылуу мүмкүн болушунча Родина менен байланышып турар элек. Муз алдында, деңиз түбүндө болгондон кийин андай мүмкүнчүлүк туулбады. Бизге бул чоң коркунуч болду. Экинчиден, бул калкып жүргөн муз тилкелери биздин кораблди деңиз алдынан такыр чыгарбачудай байкалат. Кораблдин мындай абалга учураган жердин градустарын сиздерге айта кетели. Кораблдин акыркы

кыймылынын токтолуп калышы 28-июль, түнкү саат 2 ден 5 мүнөт өткөндө, Түндүк градусу боюнча 88°,35 кеңдикте, батыш градусу боюнча 63°,21 кеңдигинде бүтүндөй аракет токтолду. Мындан аркы саякатыбыздын узартылышы биз үчүн белгисиз, ушул муз деңизинин үстүндө көчүп жүргөн эбегейсиз муз тоолору кемин, биздин кораблдин жылышына мүмкүнчүлүк бербеди.

Ошондон бошонуунун жолдорун таба албасак да, деңиз түбүндөгү топурактарды, өсүмдүктөрдү жана айбандарды текшерип, не бир табияттын илим жүзүндө ачыла элек, жашырын сырларын ачуу максатында болдук.

Бир жолубуз табияттын кээ бир жашырын сырын жаңы ачып, илим жүзү менен далилдөөгө аракеттендик. Бул жаңы биз үчүн жана жалпы илим үчүн чоң кубаныч, зор ийгилик. Жалгыз гана бир жерден экинчи жерге көчүп жүрүп, жалпы үюл деңизи жана деңиз асты менен тааныштуубуздун токтолуп калышы бизди капа кылат. Болбосо, беш жылга жетүүчү камылгабыз бар (кийим, тамак жана башка жактары). Бирок эң чоң коркунуч болгон — электр энергиясы. Анын себеби, биринчиден, ток чыгарып жаткан турбиналар жана оң дүрмөт сол дүрмөттүн пайдалуу электр энергиясын берип жаткан буюмдар жышылышып жоголсо, бул учурда таба турган айла кыйын болот. Экинчиден, эгер электр энергиясы жоголсо, жашоого мүмкүнчүлүк болбой калышы белгилүү иштердин бири. Кораблде бардык аракетти алып жүргөн дээрлик электр күчү. Биринчиден, жарык берет, экинчиден, жылуулук берет, үчүнчүдөн, тамак бышырып бизди оокаттандырат жана мындан башка эчен түрдүү майда кыймылды, аракеттерди бүтүрөт. Албетте, жолдоштор, электр жарыгы

болбосо, ал учурда үстүн муз каптаган деңиз алдында турууга мүмкүнчүлүк болбос эле. Ал убакытта эки коздөн караманча айрылгандай болор элек. Мына ушул оңдуу бир катар чоң коркунучтарга кезигиштик. Биз муз алды менен биринчи жолу экспедицияга жөнөп жатканда мындай коркунучту кезиктирүүгө мүмкүн деген пикир ар бирибизде бар болчу. Күн артынан күн өтө берди. Бир топ убакыт бою кораблибиз муз алдында кыймылсыз бир орундан жылбай жатат. Үбөгөйсүз муз талаалары улам барган сайын мындан корабдды баскандай болот. Кандайча эл жакка кабар кыларды биле албадык. Өчөн академик, инженер, техниктерибиз кораблди мындан кыйын абалдан куткарууну чечишип жатышты. Кээ бирөөлөрү музду жарып жогоруга чыксакпы дейт. Кээ бирлери сууда жүрүүчү кийимдерди кийип алып, суу менен алыскы жолго жүрөлү дейт. Бирок, кыска убакыттын ичинде мындай чоң маселени ойлоп айтып жиберүү оңой иш болбоду. Биз корабдын тышына чыгып кененирээк басууну туура көрдүк да, сууда жүргөндө кийүүчү кийимдерди кийип, суу ичинде дем алуу үчүн кислород абасын аптектен дем алуучу приборго толтуртуп алып, он сегиз адам бир топ алыстыкка деңиз алды менен барууга аныктадык. Кийимдер кийилди, алды жагыбызга жана арт жагыбызга ар бир адамга экиден жарык кылган электр лампочкалары кадалып коюлду. Кораблге суу киргизбестен, тышка чыгуучу төмөнкү катардагы комнатага түштүк. Он сегизибиз акырындап, дециле жол берип ачылган эшиктен чыга баштадык.

Бул мезгил биздин биринчи жолу муз алды менен басышыбыз болот.

Кораблдин үстүн басып турган муз келкиндерин кө-лубуздагы курал менен чакылдатып чаап да көрдүк. Бирок, кичине кетилип түшкөнү менен бизди тоотпо-ду. Чын, бул жерден биздин кутулушубуз өтө кыйын болду. Ошондуктан, кандай болсо да, табияттын жа-шырын түрмөсүнөн кутулууга бир амал-айлан табууга туура келди.

Бирок, корабль суу алдына батып калгандыктан, эч кандай аракет, эч кандай күч менен бул учурда аны ордунан козголтуу мүмкүн эмес. Сууга түшкөн он се-гизибиз акырындап ээрчишип алып, түштүктү көздөй баса баштадык. Басып бараткан жерибиздин баары тең эле бут шилтөөгө мүмкүнчүлүк бербечүдөй болгон, илээшкен гана боз чопо. Жай жылып бир саат чама-сында жүрдүк. Алигиче кораблдин прожекторунун жа-рыгынан ажырап кете элекпиз. Анын жарыгы деңизде болгон таруунун жарымындай кичине кыймылдарды, жан жаныбарларды көргөзөт. Андай жаныбарларды кармап да алабыз. Албетте, жолдоштор, андагы ара-кетти текшерүү биздин чоң милдетибиздин бири эке-ни баарыңыздарга белгилүү чыгар. Деңиз суусунун арасында жүргөн майда аракеттин бир тобун кармап алгандан кийин, жолубузду уланта бердик. Бир кезде, билинер-билинбес кыймылдагы, чоңдугу бир топ бол-гон белгисиз бир деңиз айбанына кезиге түштүк. Ары-быздан эки адамга ал айбанды кораблди көздөй алып кетүүсүн тапшырдык.

Мени менен теңтуш жаш зоолог жана ботаник экөө аны алып жөнөштү. Биз акырындап андан ары жылуу аракетинде болдук да, деңиздин түбүнүн кандайдыр эңкейген бир коктусун көздөй чеберчилик менен жол тарттык.

Үстү жагыбыздагы муз келкиси болсо бизден бийигирээк калды. Деңиз түбүнө жарык берип жаткан прожектордун жарыгынан да ажырадык. Анын жарыгы жогору жагыбыздагы гана суу катмарларына тийип турат. Биз өзүбүздөгү белендеп алган жарык менен жол таап бара жаттык.

Кораблибизден ажырап калбагандай элек деген ойдо болобуз. Бирок азырынча эч нерсеге учурай элекпиз. Ошондой болсо да, дагы бир нерселер учурабасын дегендей басып, суунун тоскоолдугу менен деңиз алдында басуу оңой иш эмес экендигин түшүндүк. Мына ушул өңдүү аракет менен он алтыбыз улам эңкейишти көздөй жүрүп бара жаткан мезгилде, белгисиз жерден кандайдыр бир жаркыраган шооланы суу катмарынан көз алдыбызга илинте баштадык. Бир аз туруп калдык да, ошону көздөй барууга макулдашып жол тарттык.

Биздин жүрүшүбүзгө көп убакыт болуп калды. Ошондой болсо да, жарык шооласын чачыраткан ошол нерсеге жете албадык. Бардыгыбыз кандай гана болбосун ага жетүү максатында болдук да, жолубузду узарта бердик.

Кораблдин алыстан көрүнгөн прожекторунун жарыгынан биротоло ажырадык. Алардын түндүк жакта калганын гана билебиз. Эгер колубузда багыттарды белгилөөчү куралдар болбосо, чын эле кораблдин кайда калганын билбей калат элек. Жолго чыкканыбыздан 3 саат 30 минута өттү. Кайра кораблге жетүү үчүн да 3 же 3 саат 30 минута убакыт керек. Бардыгы жети саат чамасында жол жүрүү керек. Эми ал деңиз түбүнөн чыккан жарыкка да жетүүгө бир топ убакыт бар. Дагы кайраттанып алга жөнөдүк. Бир маалда жакындаганы-

бында, деңиз алдындагы кум-таштарга көзүгө түшүп, алыскы жактарга жарыгын чачыратып жаткан белгисиз асыл буюмдун жанына бардык. Бул эбегейсиз билүү жана асыл буюмдардын бири экени бизге белгилүү иш болду. Бирибиз муну бриллианттын жогорку сортунан дедик. Кээ бирибиз кандайдыр жанар тоо аркылуу жер алдындагы магманын бир элементинен аллотропиялык өзгөрүштөн келип чыккан зат дедик. Түшүнүксүз мындай буюмду терең текшербей туруп айтып коюу туура болбоду. Акыркы пикир — башка түрдүү заттарга караганда, деңиз түбүнө жанагыдай жанар тоонун чыгышы далилдүү божомолдун бири болду. Ошондуктан жердин борбор жагындагы суюк магманын бир элементи аллотропиялык өзгөрүштөн келип, мына мындай заттын келип чыгышы мүмкүн болушу керек. Бирок, муну анык чын илим жүзү менен текшерилди деп айтууга болбойт. Дагы ушуга окшогон буюмдар табылабы деген үмүттө болдук, бирок жарык шооласын чачыратып жаткан башка буюмдар бизге көрүнбөдү. Ошол учурда, жаркыраган буюмдун арк жагынан дагы бир чоң деңиз айбанынын жаткандыгын байкадык. Жакындап баруудан чочулап, бир топко абайлап турдук. Ал ордунан козголо түшүп, сууну катуу жирееп бойлоп көзүбүздөн кайым болду. Кээ бирөөлөрүбүз кит болсо керек дедик, кээ бирөөлөрүбүз кит эмес дедик. Ошентип, деңиз укмушунун чыныгы өзүн дааналап билбей калдык. Биз эми корабльды көздөй кайтууну туура көрдүк. Тапкан асыл буюмду алып кетө ала турган эмеспиз. Ошондуктан, жерин дааналап, түндүк муздуу түштүк кеңдиктери эчинчи градустарында жаткандыгын билип коюп, корабльды көздөй жол тартканыбызда эле,

бизди көздөй деңиз укмуштуу сүзүп келе жаткандай болду. Деңиздин суусу экиге жарылгансып, тигил неме түштүк жактан келе жатат. Жакын калды, бул учурда биздеби, же башкагабы, касын тигип чыккандай сезилет. Жок, жанагы деңиз асылынын жанына келгенде, жүрүшүн токтоткондой акырындады. Биз андан ары жолубузду уланта бердик. Бир маалда ал айбан чындап бизге касын тигип келе жаткандыгы аныкталды. Жүрүшүн мурдагыдан да катуулатты. Деңизди шарылдатып сүзүп биздин жаныбыздан өтүп бара жатып, бизди көздөй тоголоно түшүп куйругу менен уруп калганда он алтыбыз тең анын куйругунун эпкинине тийип томпоң-дөй түшүп, араң оңолдук. Деңиз айбаны жогору көздөй өтө түшүп, кайра кайрылып дагы жетип келди. Дагы куйругунун эпкини менен уруп өттү. Бирок бизге анчалык зыян кыла албады. Ал ылдый өтүп кетти, биз түз жүрө түштүк да, бир топ корумдардын түп жагынан жанагы бизге каршылык кылып сүзүп жүргөн чоң айбандын селкинетүүгө окшош кол кыймылдабай жаткан эки кичирээк деңиз жаныбарына кезиктик. Бул ошонун балдары экени бизге белгилүү болду, ошондуктан каршылык кылып жүргөн экен. Биз ал жерден алыстай бердик.

Курсак да ачты. Аптектен чегеп алган дем алууга керек кылуучу кислородубуз да түгөнөргө аз убакыт калды. Бул да бизге чоң коркунучту туудурат.

Деңиз түбүндөгү асыл буюм биздин бараткан жолубузду көргөзүп турду эле, азыр болсо эч кандай жарык жок, эч нерсенин карааны сезилбей гана, муз алдына калкалаланган деңиздин эбегейсиз коломдуу суусунун кучагындабыз. Эгер биз өзүбүздөгү жарыгыбыз бол-

босо, кайдадыр белгисиз Түндүк Уэлс деңизинин бир жеринде калып, деңиз укмуштууларына тамак болуп, жандан ажырайт элек. Мына эми бул учурда да ошол сыяктуу ойлорго бата түшүп, бир жагы кораблдин эмне болгонун билбей, экинчиден, өзүбүз башка жакка адашып бара жатабызбы деген ойдо болдук. Бирок, ар бирибизде багытты белгилеген куралдарыбыз бар.

Айла канча, дагы бир чоң коркунучтун кучагында калдык. Бизге белгиленип, баланча саатка жетет делген жана шлемибизге толтурулуп берилген кислороддун түгөнөр мезгилине эки саат чамасында калды. Эгер эки саатта кораблди таба албасак, деңиз алдында кислородсуз бир минутага чыдабастан тумчугуп калаарыбыз баарыбызга белгилүү.

Кандай да болсо колубуздагы куралдын багыты менен кораблдин орун алган жагын көздөй жүрүүгө макул таптык. Чогулуп алып, калың суу катмарын жирип бара жатабыз. Али да болсо жарыктын дайыны жок. Жылчыксыз жаткан гана деңиз. Алдыда башка эч нерсенин шоорату, эч нерсенин дабышы билинбейт. «Кайда барабыз, кораблди кайдан табабыз? Айла куруду, амал түгөндү. Кораблибиздин кайда экенин кантип билебиз, качан жетебиз, кандайча эс алабыз?» деген суроолор бири-бирибизге кеңеш иретинде айтылып, куралдын багыты менен караңгы деңиз катмарын аралап кете бердик. Бир маалда, биздин багыт алып бараткан жагыбыздан гудоктун үнү чыкты.

Кораблибизди көздөй келе жаткандыгыбызды эми гана сездик. «Ох...» деп, ичимден бир үшкүрүп алдым.

Жүргүлө, жолдоштор, акыркы күч менен сууну бир жирип жөнөйлү,— дедим да, алдыга түшүп жөнө-

дум. Агыча деңиз ичине нурлар таратып, прожектордун жарыгы түпкө бийледи. Жарык кораблдин канча алыстыкта экендигин айкындады. Биз аны көрдүк, чоң кубаныч менен денебизге кайрат кирип, жакындап тездедик. Кораблге жеттик, сууга чыгуучу жана суудан кирүүчү эшик менен он алтыбыз чарчаган жана чаалыккан түрдө кирип бардык. Суу кийимдерди чечип, болгон окуяны кораблде айтып бердик да, жайбаракат эс алдык. Ал кораблдегилер да тим эле жата беришпептир, алардын да кылган кызматтары абдан көп экен. Кораблдин айланасындагы алпттардан түрдүү жандыктарды жана ар түрдүү жаңы элементтердин санын табышыптыр. Химик-академик ушул уюл жолуна түшкөндө, муздун алды менен корабль жүрө баштагандан тартып эле, деңиз алдындагы топурактарды химиялык анализ кыла баштаган, анын составын текшере баштаган. Мына биз үчүн белгилүү болгон токсон үч элементтин үстүнө дагы бир жаңы элемент таап, токсон төрт кылып, бирди кошуп олтурат. Бул жалаң химия илимине кирген гана өзгөчөлүк болбосо, далай эле биология илимине жаңы түр, жаңы кошумчалар кошулуп жаткандыгы бар. Ушулар сыяктуу эле физика жана башка илимдерге өзүнчө жаңы ачылыштар кошулуп жатат. Бул экспедицияга келген кээ бир профессор, академик, илим кызматчылары табияттын бир топ жашырын сырын ачышты. Бул жагы баарыбызга кубаныч туудурат. Бирок ушул бойдон муз алдында, деңиз түбүндө калсак, андай жаңы илим түрлөрү кайда унамак эле. Өзүбүз менен уюл деңиз алдында жатардыгына шек жок болор эле. Ошентсе да, кандайдыр бир жол менен табияттын түрмөсүнөн кутулуу керек

экендиги жалпы экспедициячылардын чоң милдети. Азырынча андай максат иш жүзүнө ашпай отурат. Эч бирибиз баландай жол менен кутулабыз деп анын жолун айта элекпиз.

Мына ушул өңдүү абал менен бир ай убакыт туруп калдык. Эч кимибиз кутулуу жолун таба албадык. Эгерде аракеттенбей жата берсек, кылымдар бою бир кораблге чогулган бойдон каларлыгыбызга шек жок. Кандай да болбо табияттын кырсыгынан кутулуу керек. Биз табиятка бир жолу баш ийбей, табият да бизге баш ийгендей болсун. Ошондуктан кутулуу амалын ойлоо керек. Мына ушул сыяктуу милдет ар бирибиздин оюбузда.

Бир күнү уктап туруп калып, арсы-берсини ойлоп жатып, бир нерсе эсиме келе түштү. Суу өтпөгөн эки-үч резинка кайык бар эле, ошого мотор орнотуп, алыскы жакка жол жүрсө эмне болорлугуна ойлогон пикиримди көпчүлүккө айта салдым.

Алар менин акылымды макул табышты да, бышык тап бирди тандап, мотор жана адашпас үчүн колдонулуучу куралды орнотууну эки жакшы механикке тапшырышты. Мына жолдоштор, азырынча бир максат орундалгансып, бүгүнкү күнү чоң кубанычта болдук.

Эки күндөн кийин баягы суу өтпөс резинкага айтылгандын баары тез орнотулуп, кайык даяр болду: электр энергиясы менен айлануучу мотор орнотулган, электр тогун берүүчү кээ бир заттар жана приборлор коюлган. Алыскы жолго керек нерселердин баары тең бүт анын ичинен орун алган. Кайыкты сууга түшүрүп, айдап көрдүк. Саатына 50–55 км ылдамдык менен жүрүүгө ыңгайлашкан мотордун айлануу кыймылы бар.

Кыскасы, ал алыс жерлерге жүрүүгө мүмкүнчүлүгү бар, суу алды менен жүрүүчү моторлуу кичинекей кайык болду. Муну менен алыскы Родинага кабар кылууга болот дедик. Баарыбыз бул ишке эки адамдын барып келишин макул көрдүк. Мындай иштерди башынан көп өткөргөн академик аксакалыбыз алыскы Родина материгине канча убакытта жетүүнүн убакытын белгиледи жана ал дагы болгон ишке сүйүнгөнсүп, кеңешин кошуп макул тапты. Ушуну менен эки адам жүрүүгө даярдандык, бирок, тамак-аш жана жолго керек болуучу куралдарды салыштыра келгенде, бир гана адамдык орун туура болуп, бир гана адам жөнөй тургандыгы белгиленди. Экспедициянын начальниги «ким барат» деген кеңешти койду. Ошондо «мен барам» дедим да, жөнөөгө камынып багыттанып калдым.

20-июль, эртең менен саат 8де жолго чыгууга буйрук алдым. Сааттын стрелкасы сегизди көрсөтүп калды. Мен көпчүлүк алдын милдетин аткаруучу адаммын, мен улуу эл үчүн жаралганмын дедим да, экспедициядагы жолдошторумдун баары менен кыса кучакташып, кораблдин ичинен сыртка чыгып, сууга калкыдым да, алыскы жолду узарта бердим.

Мындан аркы окуя менин жалгыз башымдын гана тегерегинде болмокчу. Ал эми кораблдегилер тура турсун. Мен болсом көпчүлүк алдын милдетин алган, кичинекей кайыкка жолдош болгон бир адаммын.

Саатына 55 км ылдамдык менен түштүктү көздөй жөнөп бара жатам. Үстү жагым болсо көндөсүндөй каптаган Түндүк Уюл деңизинин калың музу. Алды жагым болсо деңиздин түбү, белгилүү гана аралык менен алыска жөнөп бара жатам. Качан жетем, качан муздан

кутулам, бул жагы мен үчүн белгисиз. Эч тоскоолсуз гана бара жатам. Кайыгымдын мотору да оң.

Колумдагы куралым кайсы жакты көздөй бет алып бара жаткандыгымды багыттайт. Азырынча эч нерсенин ыпкысына, эч нерсенин коркунучуна кезиге элекмин. Алдымдагы бир гана максат — жакын жетип, Родинага кабар кылуу, алыста калган жолдоштторумду табияттын жашырын сырын ачкан жаңы ачылыштары менен бирге эсен-соо кутултуп алуу. Бир топ убакыт жүрүп, ар кандай кыйынчылыктар менен кетип бара жатам. Мына, деңиздин үстүн калкалап жаткан муздан да кутулчудай болуп, көз-көз бириндеп жүргөн гана бөлүктөрүнө кездешип калам. Мына ушундай ой менен келе жаткан учурумда алды жагымдан чыккан бир кит кайыгымды куйругу менен комолото уруп өтүп, кайыгым ала салып оңолду. Мотор аракетке келбестен, токтоп калды. Кайыгым кыймылсыз гана бир орунда калкыйт. Айла бүттү, эми кандай амал менен моторду айландырып, кантип алыскы жолумду басам. Аңгыча жанагы китпи, башкабы, мени оюн кылгандай өйдө-төмөн ургулап, куйругу менен бир балаага учуратчудай болду.

Арадан эки сутка убакыт өтүп кетти. Деңиздин жинди толкуну менен ары айдалып, бери айдалып, күндөрдү өткөрө бердим. Алыскы жактарга көз жиберип, бирөөдөн жардам болобу деген үмүттө болом. Бирок эч нерсе көзгө илинбейт, эч нерсенин кабары жок. Деңиздин толкунунан башка бир чымындай нерселерди көликтире албадым. Бөлгөн акунны күнүмдүк дептерге жазып койдум да, өткөн 1600 1700-жылдардагы деңиз саякаты тууралуу жазылган китептерим-

ден эрмек кылуу үчүн окуй баштадым. Андагы баяндын окуянын кызыктарына батам. Өзүм да ошонун бирөө сыяктанып, деңиз арасында жүргөнүмдү эске түшүрөм. Даниел Дефонун «Робинзон Крузо» деген окуясын эстейм. Ал деңиз үстү менен гана жүрүп залкыга учураса, биз муз алды менен жүрүп, убактылуу гана бир окуяга кездештик.

Бир орундан жылбай деңизде калкып калганыма бүгүнкү күн менен төрт сутка болот. Төрт күндөн бери бир да жылдызды көзүмө илинте албадым. Чоң капанын бири бул: эгер асманды изилдөөчү астрономиялык куралдардын бири болсо, акырындык менен изилдөө ишине кирише берер элем. Бирок андай изилдөө приборлорум алыскы муз алдында калды. Жалгыз гана деңиз толкунуна эрмек болгондой учсуз-түпсүз көз жеткис мейкиндикте жүрүп жатам. Бир маалда өткөндөгү окуяларды эске салып, корабди кыймылга келтирүүнү аракетин жасадым. Дароо сол дүрмөтүнүн зымын моторго улантыра койдум. Кайык «зуу» эткен үн менен өкүрүлүп алдыга жөнөдү да, оюн кылган киттерден бөлүнүп түшүп, жолумду узарттым.

Мына ушул сыяктуу бир кокустуктан кутулуп, эми мындан ары түз кетемин го деген үмүт менен тынымсыз жөнөп бара жаттым. Бирок, кайрадан дагы жаман абалга учурачудай болдум. Мен корабдан бөлүнүп чыккандан бери көп убакыт болсо да, ошондон бери уктай элекмин. Азыркы учурда уйку карайлатып баратат. Уктайын десем, анда да чоң коркунучка учурачудай болом. Эгерде уйкуга берилип кайыкты эркинче суудуруп коё берсем, алда нелерге урунуп, моторду талкаланмак. Моторду токтотуп коюп уйкумду кандырайын

дейм, бул да эп келишпейт. Эгерде кайыкты токтотсом, анда деңиз айбандары мени эмне кыларына көзүм жетет. Ушул эки чоң коркунуч жүрөгүмдү өйкөп, уктоого мүмкүнчүлүк бербеди. Көзүмдү ирмеп коюп кайыкты башкарып айдап кете бердим. Көзүм илинип кетиптир. Кайыгым толкун болгон жакка карай сүзө берип, кандайдыр бир нерсеге урунуп калганын сезе коюп, уйкудагы көзүмдү ача салдым.

Айла жок, амал куруду. Кептүлүктүн ишин актоочу киши мен элем. Бирок, мен мындай абалга учурап, жаратылыш түрмөсүнөн кандайча кутуларды билбей, көгөргөн деңиз үстүндө жансыз буюм өңдүү кайык менен калкып калдым. Жолдошторум болсо Түндүк Уюл алдында жатса, мен болсом эки ортодогу эбегейсиз чоң аянтты ээлеген көк деңиздин үстүндө калсам... Мен 2 ай чамасынан бери күндү биринчи жолу бүгүн гана көрүп отурам. Сууда калкып калганда күндүзгү саат 12 чамасында жаркырап тийип турган ачык күндүн шооласы менен учурашканым көзүмдү араң ачтым.

Мелтиреген чоң деңиздин бетиндеги күн нуруна көз жиберип, алыстагы деңиз бетиндеги бирин-серин караандардан абайлагандай болом.

Мотордун эмнеге жүрбөй калганын билүү үчүн алдындагы четиктерине көз жиберип, колум менен бурап да көрдүм. Бирок анын бузулушу кайыктын ич жагында эмес, жогордо болуп чыкты. Кандайдыр катуу бир буюмга урунуп, жапшырылып сынганын сездим. Моторду кайыктан алып, оңдоп, кайра орнотуута менде дарман жок. Же механик жок. Кыскасы, өмүр бою ушул деңиз бетинде калаарымды эми гана сездим. Деңиздин толкуну менен шамалы мени айдап алда кайдагы ээн жактарга алып кетеби дейм.

Саатына 55 км жол жүрүүнүн аркасында гана муз алдынан чыктым эле. Бирок азыр да алыскы Родинага жетүү үчүн көп убакыт, далай күч керек. Эми саатына 55 км жүрмөк турмак, 55 метр да жүрө албай, бир балаага учурап олтурам. Ойлой-ойлой эч кандай акыл, эч кандай амал табылбады. Ушундай гана калкыган бойдон калчылдаймын. Өксүгөн, көгүштөнгөн гана толкуп жаткан деңиз толкунунда калкыган бойдон он эки түн түнөдүм. Анан катуу бороон боло баштады. Деңиздин үстү үй бою көтөрүлгөн толкундар менен эаленди.

Көтөрүлгөн толкун менен кошо жогору бир чыгып, ылдый бир түшүп, деңиз кыймылы менен бир болуп жүрөм. Анан түндүк жактан соккон бороон кайыкты түштүктү көздөй айдады. Кайдадыр белгисиз жакка катуу толкундун багыты менен жылып бара жатам. Алыстан бир нерсенин мунарыктаган караанын көрүнө баштады. Сүйүнүч жүрөккө батпай, жакындашар бекен деген тилекте болуп, ал караандан көз айырбай бара жатам. Мен анын жалгыз түтүнүн гана көрүп келе жаткан экенмин, азыр болсо анын өзүн көрө баштадым. Ал — пароход экен. Мени түндүк жактан, аны чыгыш жактан батышты көздөй жел уруп жакындатты. Мына, дагы жакындады. Бул чоң пароходду алыстан эле көз алдыма элестете баштадым. Бирок, андагыларды ким билет? Толкун менен жогору көтөрүлүп, ылдый түшүп келе жаткан мени көрөбү же көрбөйбү, ал жагы азырынча белгисиз го...

Көп убакыт өттү, мага көрүнгөн пароходдон да айрылдым. Ал мени деңиз толкунунун арасынан кайдан көрсүн, ал жылып узаган бойдон алыстап, көздөн кайым болду.

Бир топ убакыттан кийин жээкке жеттим. Канчалык көп жерден толкун мени ушундай жерге кез келтирди деп катуу кайгырдым. Толкун кайыкты жээкке чыгарып таштай албады. Айнектен акырындап жээктин тайыз экендигин байкадым да, чечинип таштап, кайыктан дарыя жерге секирип түштүм. Кайыгымды сүйрөп жээкке чыгардым.

Мына эми жаш жүрөккө жаңы кубаныч кирди. Алыскы жолдошторумду эми кутултам го деген ойдо болдум. 2–3 ай чамасынан бери кургак жер басып көрө электигим баарыңарга белгилүү да. Эркимче басып бут сергиттим, колду ачтым, эркин жүгүрүп алдым. Жаңы кубат, жаңы күч киргендей болду. Анан жүрүп отуруп, бир аралга кезиктим. Күн батып калды. Бийик чокуга чыгып, алыскы жактарга көз жиберип карадым. Тамактандым. Эми кайыгымдын ичине кирип, эшигин бек бекитип алып, жайбаракат уктоону оңой көрдүм да, кайыгыма келдим.

Эки жактын баары тынчтык. Деңизде да тынчтык белгиси келип, акырындык менен гана жээктеги таштарга көк толкун урунат.

Табият бирдей тынчтыктын ак күчүн алгандай. Бир аралды бүтүн ээлегенсип, аралдын жээгинде кыймылдаган жалгыз эле менмин. Бетимди жууп, кактарымды сууга чылап жеп, тоюп алдым. Эми алдыдагы милдеттин бири эле — бул аралда адам баласынын бар же жок экенин билүү.

Кайыгымды бир калкалчы жерге бекитип, эки күндүк тамак алып, убакыт өлчөөчү, багыттарды белгилөөчү, кандайдыр кырсыктан коргонуучу куралды алып, түштүктү көздөй жөнөдүм.

Бул менин биринчи жолу жөө саякат кылышым болот. Колго туриабайды алып, улам бир дөбөгө чыккан сайын алыскы жактарды абайлап карайм. Бирок, эч нерсенин кабары жок. Тыптынч. Кыбыраган жан көрүнбөйт. Бир аздан кийин, деңиздин жээк жагындагы кашатта жуушап жаткан бир топ тюлендерге кезиктим. Алар мени көрөрү менен эле сууга кирип жок болушту. Бул менин кургакта жашаган айбандарга биринчи жолу гана кезигишим болчу, андан кийин эчен айбандарды жолуктура баштадым. Бирок адам баласы көрүнбөйт.

Күндүзгү саат бир жарым. Бараткан жагым али белгисиз. Бир маалда алды жагымдан бир чоң дөбө көрүнө баштады. Кандай болсо да ошол дөбөнүн чокусуна жетүүнү ойлондум. Күн батты, дөбөнүн чокусуна араң жетип, алыскы жактарга туриабай салдым. Түптүк-чыгыш жакта калгып көтөрүлүп жаткан түтүндү жана алачык сыяктуу нерселердин караанын көрдүм.

Менин максатым ошого жетүүдө болду. Түн катып жүрүүнү макул көрдүм да, алыскы караандарга жол тарттым. Адам баласы көп мекен кылып жай албаган жер. Жолу жок. Кээде баратып андан ары жолу жок жерге камалып калам, кээде булак сууларына кезигип суудан ичем. Акыры көздөгөн жериме жакындап жетип бардым. Ал жерде адам баласы бар болуп чыкты. Түндүк архипелагдардагы илим-изилдөө метрология станциясынын бири экен. Мен аларды жабдыктарынан билдим. Кызуу уйкуда жаткан адамдарды ойгото баштадым. Алар күтүлбөс жерден учураган адамга (мага) таң калышты. Мен ким экенимди аларга түшүндүрдүм. Алар да Түндүк Уюлга муз алды менен биринчи

жолу кеткен экспедициялардын ал-абалы менен тыгыз таанышып, биздин кабарыбыз көптөн бери жок болгондуктан, ар кайсы Түндүк Уюл станцияларына кабар кылып издөөгө көптөн бери кирише баштагандыгын айтышты.

Алар менин ким экендигимди билгенден кийин кубанып тосуп алышты. Дароо Родинага радио менен түп боюу кабар кылышып, менин келишимди куттуктап тыгышты.

Күн ачык. Август айы, уюл болсо да жай мезгили адамды өз кучагына мемиретет. Күн жогору көтөрүлүп, саат 10 болуп калган. Калың уйкудан көзүмдү ачтым да, алыскы жолдошторум эсиме түшүп, ата-журтум жана анын жүрөгү Москва менен кабарлашуу үчүн радиограмма аркылуу сүйлөшүүгө олтурдум. Бизге жардамга аба кораблдеринен бир нечени жана муз жаргыч куралдардан жиберүүнү сурадым.

Болжогон күнү саат 9да аба кораблдеринен алтоожетөө учуп келди да, биз турган аралдын чыгыш жагындагы дөңдүн үстүнө конушуп, жээкке жакындап келип токтолушту. Родинанын баатыр учкучтары мени менен амандашышты да, берки жолдошторумдун кайда экендигин сурашты. Ошентип, алдыдагы максатты иш жүзүнө аткарууга кириштик. Максат — алыскы муз ал-дында калган экспедициячылардын толугу менен аман-эсен бошотуп алуу. Албетте, мынчалык болгондон кийин, максаттын иш жүзүнө ашары ачык-айкын болуп калды. Тилеген максатыма, ойлогон оюма жеттим. Андагы ал үчүн, Родина үчүн табияттын жашырын түрмөсүндө калган жолдошторум мына эми кутулмакчы, эч кандай тоскоолдук болбойт. Аз убакыт өткөндөн ки-

йип, өзүм баштап келген аба кораблдери менен салкын желди жиреген бойдон алардын үстү жагындагы музга барып конмокпуз. Уюлду көздөй учууга убакыт жетти. Жылуу кийинип алып, аба кораблдерине түшө баштадык. Жайлаганыбыз ордун алдык. Суу бетинен көтөрүлүп, жетообуз тең каркырадай тизилип алыскы уюлга жөнөдүк. Пропеллер тынымсыз төгөрөнүп, түнүк ыбы менен алга жөнөп бара жатат. Аба кораблдеринин ичинде ары теңселип, бери теңселип, тынымсыз жолду арбытып биз дагы бара жатабыз. Убакыт өтө берди, биз улам барган сайын уюлга жакындай бердик. Мына, муз алдындагы кораблъ жаткан жердеги түндүк кеңдикке жана батыш кеңдикке келдик.

Акырындап аба кораблдери муз келкисинин үстүнө барып конуп, муз алдындагылардын үстү жагына да жеттик. «Биздин келгенибизди сезиштиби?» деген суроону мен түшүп келген аба кораблинин учкучуна айттым. Ал мага карап жылмайып күлдү да, катарланган муздун калыңдыгынан пропеллердин үнүн кайдан угушсун деди.

Баарыбыз тең бир жерге чогулдук да, мындан аркы боло турган ишибизди кеңештик.

Күн суук, көз ачырбас бороон батыштан чыгышты көздөй тынымсыз согуп турат. Күндүн сууктугу -- 26 градусту көрсөттү. Алыстан алынып келген куралдарды кораблдин ичинен түшүрүп муз үстүнө койдук да, музду жарууга керектүү буюмдардын көп бөлүктөрүн бир жерге үйдүк. Эми мындан ары тамак ичип, бир аз эс алып, уктоо максатында болдук. Андан кийин анан муз алдындагы адамдарды куткаруу аракетине киришүү эле. Айтылгандай тамак ичип, уйкуга кириштик.

Күндүн көзү көрүнбөйт. Көз жеткис горизонт боюнча созулган тумандуу айлана. Бардык жер ак кар, көк муз менен капталып, андан башка эч бир нерсе көрүнбөйт. Жай мезгили болсо да, градустун сымбы нөлдөн жогору чыкпайт. Нөлдөн төмөн 25–26 градустарды көрсөтүп да турат. Мен уюлдун муз алдындагы ушул түштарынын көп жерин көрдүм эле. Бирок аны мындай тышкы аба ырайы жана жер шарты менен тааныша элек элем. Мына эми гана таанышып отурам. Муз алдында жаткан жолдошторумдун көпчүлүгү да мен сыяктуу уюлдун кеңири жерлеринин шарты менен тааныша элек. Алар да муз алдынан чыккандан кийин таанышарына шек жок эмеспи. Бирок азыркы учурда алар эмне аракет менен жатышкандыгын жана кандай жашоодо экендигин биле албагандыгыма капа болуудамын.

Калыңдыгы үч километр музду качан талкалап бүтүп, качан аларды бошотобуз, качан аларды табияттын түрмөсүнөн ажыратабыз. Мына ушул жагын ойлоп чыдамсыздык менен иштин чукулун күтөм. Белгилеген түндүк кеңдик жана батыш кеңдиктин ортосундагы корабльдин жаткан жери ушу го деген ой менен кеңдиктердин секундасынан бери тактап, биз түшкөн жерибизден эки километр алыстыгына бардык. Муз жаргыч дарылардын бир тобун алып барып үйдүк да, тутандыруучу биликти кеңдей азыдын ортосу менен самолёторубуз конуп турган жерге алып келдик. Ошол биликке от коюп, муз жаргыч дарыга жеткирүү максатында болдук. Биликке от коюлду, он беш минута убакыттан кийин эбегейсиз катуу добуштун чыгарын күтүп турабыз. Мына ошондо чыккан добушту муз алдындагылар

угушар бекен деп тынчсызданам. Так он беш минутада жарылбаганынан күтүп калдык. Он беш минутадан 20 секунд өтөр замат, кулакты жаңырткан катуу добуш чыкты да, көтөрүлгөн кара түтүнгө аралаш муз сыныктары жогору көтөрүлүп, эки жакка чачырап талкалана баштады. Биз турган жерге да муздун сыныктары келип түштү. Муштумдай жана андан кичирээктери алты-жети километр алыстыгына ыргып кетиптир. Дарынын жарылуусу да бүттү, муздун талкаланышы токтоду. Биз жакындап бардык. Бул жарылуу бир топ тереңдикке чейин жетип жана 300 чарчы метр айлананын музун талкалап, бырын-чырын чыгарып, алда кайда учуруп кеткен экен. Азыркы талкаланган муздун калыңдыгы 725 метр чамасындагы тереңдикти ойгон. Оюлган муздун тамагына түшүп, бир кабар барбы деген ой менен муз алдын тыңшадык, бирок эч нерсе сезилбейт. Кайрадан оюлган муз чуңкурунун тамагына көп сандуу муз талкалагыч буюмдарды алып келип жыйнай баштадык, мурунку калып менен от коюуга даярдап, аяубуздун жайыбызга келдик да, билик аркылуу от коё бердик. От дагы каадасындай билик аркылуу тездик менен күйүп кетти. Биз кайрадан муздун талкалануусун күтүп жата бердик. Бир аз убакыттан кийин кара түтүн жогору көтөрүлө түшүп, катуу үн дагы чыкты. Муздун мурункудан чоң сыныктары биздин жайыбызга ыргып келип түшүп жатты.

Жогору көтөрүлүп, күч менен кайрылып жерге түшүп жаткан муз сыныктарын самолёттун ичинен абайлап карап турабыз. Бир аздан кийин талкаланып түшүп жаткан муз сыныктары токтоду. Биз чогуубуз менен кайра муз талкаланган жерге бардык. Өтө терең

чуңкур болуптур. Бирок муздун калыңдыгы талкаланып бүтө элек экен. Али да бир тешик суу көрүнө элек. Эми үчүнчү ирет жардыргыч дары коюуга туура келди. Муздардын тамагына дагы дарылардан үйдүк.

Эң акыркысы ушул болот го дегендей, жаңы билик улантырып, дагы от бердик. Дагы муз сыныктары жогору көтөрүлүп, кайра түшүп быркырап жатты. Бир аздан кийин токтоду. Биз чогулуп кайта дагы жонодук, муз ошондо араң тешилип, деңиз суусу көрүндү.

Бирок, муз алдындагылардын эч кандай дайыны жок.

Мына ошентип, бийик муз кашаттын башынан түнук деңиз суусуна көз жиберип, бир топ убакыт турдук. Алардан эч кандай кабар болбогондон кийин деңиз алдына төрт-бешөөбүз түшүүгө туура келди. Мен баш болуп беш киши сууга түшчү кийимдерди кийинип, деңиз түбүнө түшүүгө камындык. Муздун жээгиндеги муз тешиги аркылуу аркан менен бешообуз топ акырындап сууга, андан деңиз түбүндөгү жерге жеттик. Ар бирибиздеги электр жарыгынын шооласы менен жол таап жүрүп бара жатабыз. Бир маалда чыгыш жагыбыздан деңиз суусунун ичинен билинер-билинбес жарык шоола чыга баштады. Бул мен үчүн таң каларлык иш эмес, бирок башкалар үчүн кандай экенин билбедим.

Акырындап ошол жарыкты көздөп жүрүп олтурдук. Жогору жактан адамдардын билинер-билинбес сөлөкөтүн көрө баштадык. Акыр да биздин көздөй бет алды. Бири-бирибизге жакындадык. Мен алардын жолдошторум экенин сездим да, өтө сүйүндүм. Бирок алар да сууга түшүүчү кийимчен болгондуктан, кимдин ким

экени тааныбайт. Кээ биреолорун сүйлөгөн сөзүнөн тааныдым. Кандай чоң кубаныч менен тосуп алыштык. Кучакташып учурашуу биз үчүн чоң ырахат болуп турду. Бирок, суу ичинде суу кийимдери менен жүргөндүктөн, кучакташууга мүмкүнчүлүк жок. Акырындап жарык чыгып жаткан корабльди көздөй жөнөдүк. Корабльдегилер кандайдыр бир белгисин дабушту угуп жол улап келе жатышкан экен. Алар ички сүйүнүчү менен өлкө жактын ал-абалын жана биздин кантип келгенибизди сурап кубанып, алардын бул чейин кантип жашап турушкандыгын биз сурап атып, корабльге жакын келип калганыбызды билбей да калыптырбыз.

Өткөндө көргөн асыл буюмдун көп болугун майдалап, алып келип коюшуптур. Андан башка да көп асыл буюм кендерин табышыптыр, алардын жаткан жерин аныктапып, картага да түшүрүшкөн экен. Албетте, муну бул китепте айтып олтуруунун кереги жок. Сиздер ар бир сабакты өзүнчө окуп жатасыздар, ар бир жаңы ачылыштардын качан, кайда болгонун билерсиздер. Ошондуктан учурдагы ишибизге киришели... Мына ушинтип, чоң ийгиликтерге ээ болдук. Эми биздин максат кетүүдө болду. Мурда корабльибиздин үстүн муз бекем басып калган эле. Ал эми азыр бир топ өзгөрүштөр болуп кетиптир. Муз корабльден 17–18 метр жогору көтөрүлүп, корабльди бошотуп коюптур. Эми максат чеберчилик менен корабльди тепилген ачыкка жана бир амал менен муздун үстүнө көтөрүп чыгуула. Ушуну аткарсак, биздин биринчи жолу муз алды менен жүргөн экспедициябыздын иши чоң ийгиликке ээ болмок. Муну башкы капитанга кеңеш кылдым. Ал да менин сөзүмдү толугу менен кабыл алды. Бир аз убакыттан

кийин чеберлик менен оюлган жаңы муз тешигин көздөй кыймылдатуусун минут көрдүм да, капитан, матростор-го буйрук кылдым. Көп убакыт бою жаткан жеринен кораблибиздин козголуу аракеттенди. Акырындап батып калган жеринен жогору көтөрүлдү да, кыймылга кел-ди. Кораблибиз төтө жол менен жылжып гана жүрүп олтурду. Далай убакыттан кийин жаңы муз тешигине жакындадык да, тешик аркылуу кораблибиз деңиз үс-түнө калкыды. Муздун бир жак жээгине жакын келип токтоду. Самолёт менен келген жолдошторубуз бизди кызуу тосуп алышты. Беркилер менен кучакташып кө-рүшүп, беттеринен сүйүшүп, өбүшүп уюл муздун үс-түнө жалпыбыз топ чыктык. Бир топ ай бою кораблдин ичинен башка жерге эркинче баса алышпаган экспе-дициячылар муз болсо да эркинче басып, жаратылыш абасын жутуп, эркинче дем ала башташты. Кээ бирөө-лөрү менин аракетиме кубангандай кучакташат, кээ бирөөлөрү беттен сүйөт. Ак сакал аталар — академик, профессорлор уюлдун арка желине сакалдарын сыла-шып, алыскы кеңдиктерге көз жиберишет. Биз суу ас-тында өтө көп күндөр бою жашадык деп кеп кылышат. «Мына азыр аба кораблдери менен Родинага барабыз. Сүйүктүү Родинабызга жаңы ийгилик менен учураша-быз»,— деген сөздү кулак чалат. Ангыча илим-изилдөө экспедициясынын начальниги, география академиги сөз сүйлөп, биздеги болгон чоң ийгиликти жана өтө кыйынчылыктан коркпой алдыга коюлган чоң мил-дет аткарылгандыгын, жалпы экспедициячыларга чоң ишеним бар экендигин жана Родинанын мындан кы-йын кыймылдарын аткарууга толук даяр экендигин бел-гилеп кетти. Мына ушул сыяктуу маселелерди аба ко-

рабллинин начальниги да сүйлөдү. Кыскасы, бул үгүт жалпы экспедициячылардын чоң кубанычы моонотүнүн бири эле.

Самолётко жүктолуп келинген куралдар менен кераблди муздун үстүнө чыгаруу аракетинде болдук, жаңыдан тешилген муздун тегерегине алты подъёмник орнотуп, ага корабблдин ичиндеги электр энергиясы менен зым аркылуу байланыштырып, алты подъёмникке тең улаштырдык да, корабллди көтөрүп чыгууга кириштик. Бирок, ичиндеги буюмдардын көпчүлүгүн теңдик менен жон гана ташып чыгууну туура таптык. Анан электр энергиясын подъёмниктерге коё берип, подъёмниктер беш-алты кабат чынжырлар менен кораблди тышка көтөрүп чыкты. Биз чоң кубанычта болдук. Бирок, муну алып кетүүнүн такыр мүмкүнчүлүгү болбоду. Ошондуктан, жаңыдан самолёт менен келген адамдардан беш алтоону таштоону туура таптык. Дагы илим-изилдөө куралдарынын бардыгын, азык-түлүктүн көпчүлүгүн жана да башка кийимдерин жетиштерлик түрдө камдадык да, алты адамды өздөрүнүн каалоолору боюнча кораблге калтырдык.

Албетте, көп адам менен жана биринчи жолу муз алдында жүргөн корабль болсо, муну жон гана үйолдун муз үстүнө таштап коюу туура келбеди. Жай убактыларында муздун акырындап жылышы музсуз деңиз жакка жетери белгилүү, ошондо кораблде калган адамдар менен радиограмманын жардамы аркылуу кабарлашып туруп, анан кораблди куткарып кетүүнү ойлодук. Биз, муз алдындагы экспедициячылар, эми алыскы Родинага жол тартуу максатында болдук да, калган алтоо менен коштошуп, аби кораблине отурдук.

Берки алты жолдошубуз бизди жылуу узатты. Самолёттун пропеллери айланып, кыймылда боло баштап, акырындап жерден которулуп, түштүккө ата мекен жерибизге, элге жол тарттык. Биз бара жаткандыгыбызды радиограмма аркылуу кабар кылдык. Бизде шаттык, бизде күч, бизде толкун, чоң кубаныч. Чыдамсызданып, качан жетебиз деген ойдо болобуз. Болот куш абаны жара бөлүп, тынымсыз кетип бара жатат. Бирок биздин санаа, биздин ой минута сайын, секунда сайын эл-жерге учуп жетип барат да, кайрадан аба корабликин ичинде олтурган болобуз.

Асман ачык, сентябрь айларынын күнү, биз келе жаткан самолёттор акырындык менен аэродромго жакындап, конууга ылдыйлай баштады. Бир маалда акырындап барып конуп калдык. Бизди күтүшкөн калың эл чыдамсыздык менен ураалап кыйкырышты. Бизди куттуктап жатышкан Родинанын уул-кыздары жана энелер, аталар, туугандардын бир боорлук үндөрү жогоруга көтөрүлүп, куттуктоо сөз сүйлөгөн адамдардан кийин: «Жашасын Түндүк Уюлдун муз алдындагы экспедициячылары!» — деген кыйкырык тынбай жогору көтөрүлдү. Бизди күтүп турган болочок Родинанын баатырлары, болочок учкучтары, болочок учуучу жаш шумкарлары алакандарын шакылдатышты. Көңүроодой коңур үндөрү менен ураалашты.

Мына жолдоштор, биздин деңиз астында экспедициябыз ушуну менен аяктады.

*Нарын, 1938-жыл*

# ШАРШЕ

Көгөргөн тунук асман өз көркүн күткөнсүп, таңдагы соккон жайлоонун тунук желинен бириндеп калкып жүргөн, пахтадай агарган булуттарды тоскондой болот. Ал булуттар ылдамдыгын күчөткөнсүп, батыштан чыгышты көздөй жылат да, башын кар баскан, асман менен айкашкан Ала-Тоого жашырынып жок болушат. Аңгыча тоо баштарын күн чалып, көгөргөн асманды нур каптап, өз жарыгын жер бетине түшүрө баштады.

Анын кучагында табият мүчөлөрү ойгонгондой, кыроолонгон көк чөптүн арасында үргүккө чалдыккансып жаткан көпөлөк өңдүү жапалактар канатын жайып, бутун жазып, бир аракетте болгонсуйт. Боз үйлөрдүн үуктарына, уук-керегесине конуп алып таң атырган кара чымындар да ызылдап, канат кагып, үйдөгү идиш-аякка конушат да, алар да өз аракетинде болушкансыйт.

Айылдын четирээк жагында, кара алачыктын күн жак бетинде тоонун башынан нурун чачкан күндүн жылуулугуна денелерин кактанып, беш-алты жаш чамасында бир кыз, үч-төрт жаш чамасында курсагы чедирейип, дагы бир жылаңач бала турат. Бала уйкудан жаңы ачылган көзүн кир баскан кичинекей кара колу менен ушалайт да:

– Эжеке! Эжеке! Энем кани, кайда кеткен? – дейт. Кыз анын суроосуна жооп берчүдөй түрдө эмес, короонун ортосундагы калың койдун арасында жүргөн элге көз жиберет.

Короодогу калың кой адамдардын кыймыл-аракетинен улам ары-бери үйлүгүйт да, «кош! тос!» деген үндөр жогору көтөрүлөт. Коёнбай колундагы куур баштыктагы табылгыдан кесилип жасалган коргоолдорду колуна уучтап алып, ар бир элүү кой өткөндө бирден ташты баштыгынын ичине түшүрө берди. Өткөндөгү жана кечээки санаган койлорунун саны туура чыкты. 23 таш бүт баштыкка түшүп бүттү жана копулдо үч кой дагы артып калды. Мына ушундай ирет менен Коёнбайдын «кара боз кой» деп аталуучу койлору түгөлү менен элден мурда саналып, короодон чубуруп чыга баштады.

Кара өгүзгө бир топ үүк жана эскирип, ыш басып калган бир үзүк, даярдап алынган бир аз азык-түлүк, бир чака, эки аяк, бир чөмүч жүктөлгөн. Ал жүктүн үстүнө үч-үчтөн алты козуну куржунга салып, куржундан башын чыгартып, бастырып, ал жүктөрү менен кара өгүздү жетелеп, торо кунанды минип, койлордун артынан түшүп, Бөлөк баратат.

Шарше баксы айылдын четтерээк жагындагы алачыкка жөлөнүп турушкан карындашы менен инисинин бетинен өптү да, күрөң тобосуна минип, алыскы жолго чыкты. Калың кой кулдогу жайыттарды көздөй шуулдап, көп токтоо бербей, кетип бара жатат.

Коёнбай бир нерсени унутуп калгансып:

– Бөлөк эле, Бөлөк! Кайрыла кетчи? – деп, ачуулуу үн менен алыска кеткен Бөлөктү чакырды. Коёнбай

жетелеп бара жаткан кара өгүздүн мурунтугун Шаршеге кармата койду. Тере кулдунун башын буруп, желдирип калды да, Коёнбайдын сөзүнө көңүл бөлдү.

— Бөлөк, сага бир нерсени айтайын деп унутуп калган экемин да, жапагы баланы жакшылап жумша, тил албаса, кулагынан кармап жерге бир ур. Ал жерде болушар жаман иниси да жок. Анан сен да ала көөдөк, уйкучу, жарамсыз каапырсың, карыганча эч нерсенин жайын билбейсиң! Менин колумда көп жылдан бери жүрөсүң, бирок теги жок акмакка бир нерсени үйрөтүп да болбойт экен, сага эмнелерди дебедим, эмнелерди айтпадым. Бирок, айтканым айткан жерде, дегеним деген жерде калчу болду. Алыскы жерге, тааныбаган бөлөк койлорду оторлоткону алпара жатасың. Сак бол! Сак бол! Мен да жума сайын каттап турам. Жоно. коюңдун артынан! — деди да, сербейген буурул сакалын сылап кала берди.

Дагы бир нерсени унуткашып эстей коюп, желдирип бара жаткан Бөлөккө экинчи ирет кыйкырды:

— Көк бөлдө карышкыр, илбирс, азуу көп болот, койлордун арасында тууп бүтпөгөндөрү бар, көзүңөр ачык, кырдырып жибербегиле! — деди да, бурулуп үйүнө кирип кетип, жок болду.

Желедеги бээнин биринчи саанын саап жаткан Шаршенин энеси баласынын учурашпай кеткендигине капа болуп, кулун салып берип жүргөн Темирге карап, көзүнөн жашын чубуртуп жиберди да:

— Кантейин! Ызгардын дем жетимдикти, жесирликти, ач-тогумду көтөрүп, ушул убакка чейин келдим эле. Бирок, Шаршемдин учурашпай кетип калганы: энесинин көөнү балада, баланын көөнү талаада экен да,

Темиш! — деп, көйнөгүнүн жапкан көкүрөкчөсү менен сүртүп, жерге койгон көнөгүн колуна алды да, айылды көздөй басты.

Саалган сүтүн Көйөнбайдын үйүнө кийирип, габасына куюп, кайрылып эшикке чыгып, өз алачыгын көздөй бет алды. Алачыкта желенүп турган балдары энесин көрө коюшуп, жарыша энекелеп чуркап келишти.

— Эне! Байкем кайда барат, кайда кетти? — деп сурашты.

— Билбеймин, кагылайындар! Ичтен чыккан ийри жыландар, аламды чылатпайт экенсиңер да, — деп, эркек баласын жерден көтөрүп алып өөп жиберди: — Айланайын берекелерим, байкеңер кой оторлоткону кеттиби. Силерге айткан жокпу? — деди. Кызы да:

— Ооба эне, байкем айтпай эле аттанып кетти, — деди.

Көтөргөн эркек баланы энесинин мойнунан кучактап алып энекелеп, энесин мактангансып, кытыгылыктап күлүп да жиберди.

— Кана, берекелерим! Жүргүлө үйгө! — деп, бир баласын жетелеп, бирөөнү көтөрүп, алачыгын көздөй басышты.

— Эне ай! — деди мойнунда асылып келе жаткан баласы. — Курсагым ачты, сүт, сүт! — деди.

— Балам ай, каптейин, тигилер берер беле? Сүттү куюп, сабасына бышпай да жүрө бердим, — деди балдарына.

«Кара боз келген түрк койлорунун тукумунан» деп, эл айткан Көйөнбайдын кара боз койлору эки жагы зоо келген чоң капчыгай менен жайылып бара жатат. Алды жакта таштан ташка урунуп, алдастап агып жаткан

чоң суу, койлордун буту менен кум-таштар шилендип барып ал сууга куюлат да, өз көлөмүн жоготконсуп, суунун агымы менен жок болот. Борчуктун арасындагы таштын жарыгына чыккан көк жашаң чөптөрдү чалып кетип бара жатышкан койлордун алды жагында беш-алты эркеч баратат. Кээ бир койлор коргулга буттарын салып алышат да, кетенчиктей түшүп, сууруп алышат.

Бөлөк менен Шарше да койлордун артынан жалгыз аяк жол менен бара жатышат. Алды жагында жана жогору жагында капчыгайдын боору менен кетип бара жаткан койлордон көздөрүн алышпайт. Бөлөк калың кепке баткандай болот.

– Шяке, – дейт Бөлөк. – Кантейин, эмнелерди көрбөдүм! Бирок аркамда жөлөк, алдымда өбөк жок, дүйнөдөн медерсиз өтөмбү дейм. Жашым болсо да 40–50 ортосунда.

Көсбай эмнелерди кылбады!.. Аялымды да агаларына алып берип койду. Ачылбаган санаам, жазылбаган кайгым үстү-үстүнө катарланып, жүрөктү үшүк басты. Денемден каным качып, «жаштык кетип, карылык жетип» дегендей болуп бара жатам го, балам. А сага эмне, башың жаш, жамандыкты да көрүүгө, жакшылыкты да көрүүгө, балам, сенин атаң жок болсо да, энең бар жана иниң, карындашың бар. Алар да өсүп чоңоёт. Бирок мен байкушту айтпайсыңбы, карып, мусапыр деп мендейди айтат! Карып эмей эмнемин, балам? Мен сенин атаң Байзак маркумдан 3 жаш улуу элем. Байзак тирүү болсо жаш жигит кези болбойт беле. Каза таап кетти да. Эми энең байкуштун эмгегин, аракетин эсиңден чыгарба! – деди да, катуу-катуу үшкүрүп алды.

Убакты — түш оол, бешимге жакындады. Калчыгайдын оозуна чыгууга аз калды. Койлор тойгонсуп маарыйт. Шарше менен Белек уялаларынан түшүп, үстүңкү жана астыңкы койлорго таш ыргытып ышкырышат.

Койлор да айласыздан баш ийгенсип, араң эле илгишет.

II

Алыстан бүлбүлдөгөн оттун жарыгы бир нерсенин шооласын бергендей болот. Жок, бирок көп убакыттар бою аракети жок жаткан Көк-Бел бүгүн гана адам баласынын мекени болгонбу дегендей таң каларлык ой туудурат. Кечээ гана кыяндар кантарып кеткен жерде бүгүн от жылтылдап, зоо талаа, эрме чөлдөгү ар түрдүү жаныбарлар буга таң калгандай сезилет. Бүгүнкү түн аскасын боорунда жүргөн куйруу аюулардын, түн караачысы болгон карышкыр, илбирс сыяктуу жырткычтардын уйкусун бөлгөнсүп, алар үлпүлдөп күйгөн отко көз жиберишип, бир топко туруп калышат. Алар, коктунун тээмининдеги үлпүлдөгөн жалындап тегерегинен «маа» деп маараган койлордун үнүнө кулак тоскондой болот. Бир аздан кийин алыстагы жарамсыз жарык чачкан жалынды көрүп, Көк-Бел күндөгү калыбына келгендей дабышсыз тынчыды да калды...

Эки жагы жоолуу келип, ортосу коктулансып түзөң тарткан Көк-Белдин жайыгынан орун алгандар — Белек менен Шарше жана койлор эле. Он чакты үүктүн башы кошулуп, үстүнө кара үзүк жабылган Белек менен Шаршенин алачыгы коктунун ортосунан орун ал-

ган. Ала Тоонун чокуларын күн чылып, жер бетине нурун чачырата баштаган убак. Түндө таңды таң аткыча койдон сакчалары тынбай, уктай албай чыккан Бөлөк менен Шарше койлордун жайылган жагына кел жиберишет да, күпүмдүк оокаттарынын кеңешин кылышат. Шарше да башта көрбөгөн бул жерге таң калгандай болот. Көтөрүлгөн Көк-Бөдин күңгөй жала төскөй жагындагы алыска созулуп жаткан бийик зоолоруна көз жиберет. Тоонун боорундагы бөрчүктардын арасында тынымсыз кыймылдыгын кандайдыр бир нерселер көзүнө элестейт. Суунун жагындагы коруждардан «аңкуптагын» суурдун үндөрү да кулакка угула калат. Койлор болсо ошол жакты көздөй кайрылып бара жатат.

— Шарше! — дейт Бөлөк. — Айланайын, койлор алыстап кетпесин, жакындатып алды жагын тосуп коёсунбу? Аң бөрүсү да көп болуучу жер эле, абайлабасак кырып жиберет,— деди.

Эртеп мененки шуудурумдуу көк чөпту аралап, жарган оонын балтырына чейин туруунун, койлордун алды жагын кайрып жүргөн Шарше негедир бир нерсенин кыймылын сезгенсип, катуу үн менен кыйкырып да жиберди. Жок, анча койлор да бир укмуштту байкагансып, жерден башын көтөрүшүп, суунун боюндагы коруктун көз жиберишип, жер тепкилеп, ийриле түшүп, туруп калышты. Бөлөк да Шаршенин аянычтуу үнүнө таң калгандай болуп, колуна таягын алып чуркап келди. Бирок, Бөлөк ал окуяны ошол замат эле сезе койбогондуктан:

— Эмне, Шаке? Эмнеге кыйкырдың? — деди.

Көрдүңбү, Бөкө! Тигине!.. Тигине, түз эле мени көздөй чуркап келе жатып, токтоп калды,— деп сееме-

йү менен корумдун арасындагы белгисиз бир жылдыкты көрсөттү.

— Ал эмне экен? — деди Белек.

— Билбедим, Беке, мени көздөй бет алып келе жатып, токтоп калды,— деди.

— Кантебиз, жүргүн, жакындап барып абайлап көрөлү,— деди Белек.

— Тиштеп албасын, Беке?

— Эмнеге тиштемек эле. Биз адам болуп турбайбызбы, адамдан бардык жаныбарлардын коркорун билбейсиңби? Чоң эле неме ошондон коркуп, бакырып жиберет беле? Мындан ары мындайдын далайын көрөт эмеспизби,— деди Белек.— Жүрү, Шаке, коркпо, эмне экенин дааналап билип алалы.

— Шарше чочуган жүрөк, корккон көз менен Белектин аркасынан акырындап жүрүп отурду. Жылгыр жаныбар бир нерсеге таңыркагандай болуп, келе жатышкан Белек менен Шаршеге көз жиберди да, ордунан козголбой тура берди. Аңгыча Белек менен Шарше жакындап келишти. Белек тиягын тиянып тура калды да, Шаршени карап:

— Аюу турбайбы,— деди.

— Эмне кылабыз, Беке эми? — деди Шарше.

— Өзү тийбесе катылуунун кереги жок. Эгер биз катылып койсок, бизди зыяндыкка учуратат. Булар жапайы айбандын бири болот. Бир аз туруп, кетип калар,— деди Белек.

— Эмесе кетпейлибиз, Беке,— деди Шарше акырындык менен.

— Кетсе, кетели — деп, кайра бурулушуп, жайытта жүргөн койду көздөй бет алышты. Жок, аюу да бир ук-

мушту баштачудай, Бөлөк менен Шаршенин артынан термелип басты.

— Бөкө! — деди Шарше арт жагын карай коюп. — Жанагы келе жатат, кантебиз? — деди.

Бөлөк да токтой калып, арт жагындагы акырындап басып келе жаткан аюуга карап тура калды.

— Кантебиз, чайнап өлтүрүп таштайт го,— деди Шарше.

— Жок, айланайын Шаршеке, коркпо, корксоң ого бетер өчүгөт. Кокустан качырып калса, мен кармашайын,— деди Бөлөк.

— Мен аны менен кармашканда, сен аны бөйрөк тушка сайып кал! — деп, куруңдагы бычагын кынынан суурун, Шаршеге кармата койду.

Аңгыча аюу да жакындап басып келди да, бир аз токтой калды. Жок, болбоду, жүндөрүн үксүйтүп, денелерин чыйраткандай болуп оозун арааандай ачып бакырып, аларды көздөй жүткүндү. Анан ачуулуу үнүнөн, сүрдүү түрүнөн корккон Шарше да Бөлөктүн арт жагына далдаалана калды. Жок, болбоду, Бөлөк менен жармашып тушкөнүн көрүп, эмне кылар айласын таба албай, Шарше бир аз туруп калды. Бөлөк аянычтуу үнү менен:

— Шарше! — деп үн чыгарып алды. Андан башка сөз айтууга чамасы келбей, аюу менен алышуунун аракетинде болду. Шарше да эстей койду да, колундагы бычакты оңтойлоп кармап, Бөлөктү жерге ыктап жаткан аюуну тамашалап туруп бөйрөк тушка коюп өттү. Аюу аянычтуу үн менен катуу бакырып алды да, Бөлөктөн ажырай түшүп, Шаршени көздөй бет алды. Шарше эмне кылар айласын таба албай, беш кадам алыстык-

тогы чоң кара ташты айланып качты. Аюу да ачуулуу үн менен сүрдүү түшүп, кулап кетти.

Аюу Шаршенин артынан түшкөнүнө чыдай албай, Бөлөк башын жерден көтөрүп туруп, бел-алты жуткунуп алды да, жыгылып кетти. Шарше да Бөлөктүн жыгылып кеткендигин көрүп, аюунун кеселдүү тырмактарынын таасири тийгендигин түшүнүп да:

— Бөкө! Бөкө! — деп чуркап келип анын башын көтөрө койду. Бөлөк дармансыз, эки ийни менен дем алып:

— Айланайын, эч нерсе эмес, эмне экендигин билбедим, көңүлүм караңгылап кетиптир,— деди. Ангыча эле жаргак шымдын айрылган жеринен кан жайыла берди.

— Абакей, капитаным! — деди Шарше, жерге олтура калып. Бөлөк колу менен арт жагын сыйпалап, анын жашылданган көзүн көрүп:

— Эчтеке эмес, айланайын, койгун, кейибе,— деди. Бөлөк катуу кайраттанып, жерден башын көтөрүп, тамтаңдап өйдө болду да, кайра жыгылып кетти.

— Шаке, ай-и — деп, үнүн араң эле чыгарды. — Кош, садагасы! Кишинин катарынан кетип калдым окшойт. Бери келчи, бетиңден бир сүйөйүн, — деп, кайта дагы эки колдоп жер таянып, Шаршеге карап башын көтөрдү. — Айланайын! — деди дагы акыркы ирет. — Менин сөөгүмдү карга-кузгунга жем кылбай, жакшылап көмүп кете көр! Кош, кош, кош..., айланайын. Бүгүнтөн калбай айылга кайт. Болбосо сен дагы майып болосуң! — деди да, кулап кетти.

# III

Шаршенин көз жашы көл болуп, негедир эки жакты элең-селең карайт да, алыс турган корумдан таш которуп келип, Белектүн денесин корумдап жатты. Ага кол кабыш кылар адам жок. Көзүнөн жашын чубуртат да, тоолорго көз жиберет. «Кантем,— деп, дармансыз эмне кыларын биле албайт, мен да өлөм го! Энемдин, инимдин, карындашымдын көзүн бир көрүп өлсөм, ээ!» деген санааларды жүгүртөт.

Кантейин, азапталган асыл башым,
Эмнеге кайгыланып мен калганмын.
Турмуштун кыйынчылык тузагында,
Жашоонун чын купоосун мен алганмын.
Абаке, каза таптың, сапар чектиң,
Дүйнөнүн эркин деген жарыгынан.
Азаптын «кызыгынан» сен да кеттиң.
Өмүрдүн жалындаган шам чырагы.
Айласыз аюу менен сапар чектиң,—

дейт да, чекесинен терин шыпырып, дагы эле корумдап жатат. Белектүн өлгөнүнө ишенбегенсип, анын башы жагына коомайлап үйгөн таштарды кайра алат да, «бир нерсе дээр бекен?» дегендей болот. Бирок анын кашы качып, «кой, Шаке!» дегендей болуп, Шаршенин күткөнүнө жооп кайтарбайт. Шарше көңүлү жашын агызат да:

— Бөке! — дейт таарынган кишиче. — Кантемин? Мен эми өлөм го! — деген ой аны чындап баскандай болот. Жаш санаа көлкө бөлүнүп, бир нерсеге чөмүлгөнсүйт. Сан жеткис Коёнбайдын коюн айдап жеткиче качан? Бактым бүткөндөй, жаштыктын акыркы өлчөмү жет-

келдей, Бөкөм менен коштошуп тургандай болом деген ой анын жаш денесин калтыратат.

Эки жагы аскалашып кеткен Көк Белдин жайлоосу бул учурда Шаршенин жаш көңүлүнө эмне деген гана коркунучтарды салбайт. Адырлуу зоолордун арасын да Бөлөктүн өлүмүнө дуушар болгонсуган аюулардай жырткычтардын эчендери бар го. Мындай кыйынчы лык Шаршенин башына дагы эле түшө тургандай сезилет. Көзүнөн мөлтүлдөгөн жашын колунун башы менен сүртөт да, жан жагында жайылып жаткан калың койго көз жиберет. «Алыскы айылдарга кантип силерди айдап жеткизем» дейт. Бөлөктү корумдап бүттү, жан жагына бир аз айланып, эмне дейт дегенсип, ташка көчүк басып олтура кетти. Бирок, эч кандай кыймыл жок. Күн жогору көтөрүлүп, түшкө жакындап калды. Алыскы жол, мээримсиз аралыкты кантип басып, жайлаган көп кой менен айылга качан жетет. Бул арада мындай санаа Шаршенин оюнан кетпеди. Бөлөктүн мындай каза табышы таң каларлык иштей сезилип, көзү карангылап, кайталап көзүнөн мүңдүү жашын төгөт да турат. Айласыз алыс жолду басууга телмирет. Бирок, Бөлөктөн айрыла албайт да, «калп» жерден корумдап кетпедимби дегенсийт. Деңиздей толкундаган чексиз санаа эмнелердин кызыкчылыгынан, эмнелердин кыйынчылыгынан чыкпайт.

«Өмүр, кандайсың, менин бул арада турушум өзүмө таң каларлык иштей көрүнөт. Бирок, өлүм чиркин кандай болот экен. Мен Бөкөмдү өлдүң деп өзүнүн аманаты боюнча төтигө таштын алдына корумдап салдым» деп, көзүнүн мөлтүлдөгөн жашын төгүп жиберди.

Күн кечке таянып калды. Күн күндүзгү жер бетине чачыраткан ысык нурун жыйып алгансып, мандайкы

асман менен тирешкен чокусун ар жагына жалпырылып жок болду. Ширине да Бөлөктөн ажырап, алыскы айылга кете албай, тобокелдикке салып, бүгүн бул жерге конууга туура келди. Негедир алыскы жайлоого сопорлоп оторго келген койлор көп алыска кетпей ошол эле тегеректе ары-бери жайылып жүрүп, тоюп алышты. Кээ бирөөлөрү капарсыз жатып алып, кайталатып күлгүп кепшеп жатышат. Кээ бирөөлөрү эки жакка көз жиберип, бир нерсени жытып алгансып, тикис карагансыйт. Кара өгүз алачыктын түбүнө басып келип, сопорлуу сонун чөпкө абдан тоюп алып, эч нерседен капарсыз күртүлдөтүп күлгүп, кепшеп жатат. Терс кула чоң суунун боюнда бапкын жерден албастан, жердеги көк чөптөн тандап жеп бул жүрөт. Шириненин минип жүргөн торусу да кара өгүздүн жанына келип, жуушай кетти. Алды жактагы таштан ташка урунуп, шаркырап үн чыгарган суудан башка эч кандай нерсе сезилбейт.

Ширине алыс жакка көз жиберип, кулак салат. Бирок эч нерсенин кабары сезилбегендей. Үн жок, сөз жок... Күндөгү эрмеги бүгүн жоголуп, бул абалда болушу Ширинени бир балаага салчудай сезилет... Кыйырсыз учу-түбү жок чексиз караңгынын арасында калгандай болот. Бөлөктү коруюмдап койгон чоң кара таштын түбүн кандай көз чаптырат. Бирок, кыбыр эткен аракет да ал жактан сезилбейт. Асмандагы жымыңдап жарамсыз жарыгын жер бетине бергенсиген жылдыздарга да көз жиберип, мунун айткансыйт. Жылдыздардын батышын, таңдын атышын күткөнсүп, таягын кармап алып, койлорду имерет да жүрөт. Жок, бирок бүгүнкү таңдын атышы бир жылга созулгансып учу-түбү жок.

Караңгылык каптайт да турат. Кандайдыр бир нерселер көз алдында элестегендей болот. Элеңдер көз алдына келет да, элеңдер кетет. Бир нерселер ачуулуу тырмагын жазып, кайырсыз тумшугун матырчудай сезилет. Кээде, көзү ачылып-жумулуп, таягын жерге таянган бойдон бир аз тура калат... Кээде көз алдына алда нелер элестей түшүп, чочуган бойдон ойгонуп кетет... Тоо башынан ызылдап соккон желден суунуп күрүлдөп агып жаткан дабышына дабыш кошулуп, бир аракетке келипкенсийт. Белгисиз түндүн атынын, уйкунун чындап басышы... Шаршени бирдемелерге кармап берчүдөй болот. Анын санаасына бир укмуштар аралаша түшөт да, уйкулуу көзүн ачып, бир нерсенин дабышын тыңшайт. Бирок эч нерсе байкалбайт. Ал «жаштыктын санаасы дегендей» гана жайлоонун бет сылаган жылуу жыттуу жели кабар бергендей болот. Ой толкуп, санаа чиркин эмнелерди баштап кечирбейт. Шаршенин ал дай абалда турушу да, табияттын мүчөлүгүнөн тышкары сезилгендей, махабаттын кызыкчылыгына бат эле барып конулат. Алда негедир күлүк санаа бат эле ойго-тоого уруна түшөт.

Кайда калган бобоктөрү менен апасын көз алдына келтирет. Андагы киерге кийимдери жок, ичерге тамактары жок, арчанын араларынан, депсөөнүн боорлорунан жергемүш терип сууга чылап жеп жаткандары анын көз алдына келе түшөт. Көзүнө жаш алып, ээн талаалуу караңгы түндүн кучагында көз жашын чуубуртат. Көп ойлонуп, «мындай болгончо, Белек менен эле бир кала болуп, Коёнбайдын койлору караансыз талаада калсачы» дейт. Жок, ангыча тоо жактан согуп турган жел ылды жактагы агып жаткан суу дабышына

үчүнчү бир дабышты кошкондой болот. Эмнегедир капарсыз жуушап жаткан койлордун кээ бирөөлөрү суунун жээгине көз жиберип, алдыңкы буту менен жер чапчып коёт да, бышкырышат. Шарпе да койлордун бет алган жагына көз жиберип, кулак тосот. Чын укмуш экинчи кайталанчудай сезилди. Кечиндеги суунун боюнда оттоп калган Тере куланын үнү көтөрүлө түшүп жок болду. Ансайын койлор ийриле түшүп, Шарпени тегеректей калды.

Улуган карышкырдын үнү экендиги Шарпеге угулду. Бирок көп убакыт өтпөй эле улуган үндөр басылып, бир нерсенин кызыкчылыгына баткандай болду. Койлор да Шарпени тегеректеген бойдон жер тепкилеп бышкырышып турушат. Чыгып жаткан жылдыздар сүйкүм баштап, жээк тартып агара тарткан бир белги — таң атпачудай мээримсиз мелтиреген жайлоонун жайкы таңы да Шарпеге жайкы таңдын атышын кабар кыла баштады. Жаңыдан үмүт кылгансып, сүйүнгөнүнөн ыйлап жиберди да, көздөрүн жалтыратып, өзүн тегеректеп, жер тепкилеп бышкырып турушкан койлорго кеңеш кылгандай: «Жапыбар ай! Айбандын жырткычы айбан, адамдын жырткычы адам экен да, кантейин, Коёнбай минтпесе кайдан бул абалга дуушар болуп, жаштыктын миң бир эки санаасы катарланып, жүрөктүн башын күйүт алып, өмүрүм бүткөндөй, атуучу таңдын, тийүүчү күндүн жарыгына жетпечүдөй болоор элем. Боком да Коёнбайдын айынан дүйнөдөн кетип патурат. Кантейин, ааламга түшүп торго чалынган бул жаш баш эмпелерди башынан кечирбеди. Өмүр чиркин кандай таттуусуң. Азаптын арасында жүрөөм да, жаңыдан үмүт кылып кыялды эчен ойго жүгүрт-

түм. Билбеймин, азапталган бул башым эмне болор экен. Ким билет... Жыргалды көрөмбү, көрбөймбү? Бөкөмдөй эч жарыкчылык көрбөй, дүйнөдөн кайтып кетемби? Бул да мен үчүн белгисиз го. Ой чиркин, турмуш ай» деп, катуу үшкүрүп, койлордун өлөңдөп коркпогондугун басаармын деп, катуу-катуу эки-үч жолу кыйкырып жиберди. Койлор да эмне укмуш болор экен дегендей элеңдешип, жүндөрүн үрпөйтүп, Шаршенин кыйкырыгына кулак тосушту. Шарше ордунан туруп, тегеректеген калың койду аралаган бойдон, койлордун четине басты. Бирок койлор Шаршеден «калбайм» дегендей болуп, аркасынан ээрчийт. Алыскы чыгыштан таң билдиргенсиген ак жээк акырындап көгөргөн асманды бүт каптап, жарыктык шооласы жайыла баштады. Алыстагы душманын жашыргансыган зоолор бул учурда көз алдыда элестелип, эч нерсенин кесепети жоктой көрүнө баштады. Эки жак көрүнүп, койлор да бир укмуштан кутулгансып жоошуй баштады. Таң аппак атты.

Жаныбарлар ай, ушунчаңарды мен болбосом бир заматта жемге салып кетерлиги бышык иш эле го. Бирок силерге аракеттенген ал жырткычтар адамдан да ыйбаа кылбасы белгилүү, — деп, алар суунун жээгинде Терс куланын денесине жырткыч айбандар каардуу тумшуктарын малды го деген ойдо бола түшүп, алачыгынын арт жагына барып, жээкти көздөй көзүн чаптырды. Чынында эле анын ою туура болгондой, кечээ деги оттоп турган Терс куланын ордунда бар же жок экендиги билинбейт. Алыстан караандаган корум таштардын гана селеекейлери турат. Андан башка адам же айбандын кыймылы ал учурда Шаршеге көрүнбөдү.

Нөгөдир бир себеп менен чуркаган бойдон корумдалган Бөлөктүн мүрзөсүнө келди. Бет жагына коомайлапып коюлган ташын ала койду да, бир сөз күткөндөй болуп туруп калды. Жок, анын кан-өлү жатыш: «Кош, Шаке!» дегендей мейримсиз чуңуройуп бөксөлөнгөн көзү жана анын асыл денеси сунулган бойдон жатат. Шарше колу менен Бөлөктүн бетин сыйпады. Анын денеси муздаган, каны качып, бетинин оту бозоруп, өлүм чиркип чындап кучагына алгандыгын эми гана сезгенсип, көзүнүн жашын чубуртуп жиберди да, бетинен алган ташын кайта коюп, коомай калган жерлерин дагы таш менен корумдай баштады. Чындап эле Бөлөктүн кайрылбас сапарга кеткендигине эми гана ишенгенсип, эми алыскы айылга жол тартууну ойлонду. Акырындап, жайкалган көк чөптү аралап, Тере куланын дайынын билип келейинчи деп, кечээги оттоп турган жерине барып калды. Барса, ал эчак эле денесинен ажырап, таламдырылган гана сөөктөрү калып, ар кайсы жерде чачылды болгон куйрук, жалдары гана жатат. Шарше бир аз ойлонуп турду да, Көк-Бөрүнүн жырткыч айбандарынан Боком менен Тере куланын акыркы өмүрү бүтүп, ичер суулары калган экен го... Чиркин ажал, көз ачып-жумгуча гана жеткен экен го деп, өзүнөн-өзү капалана түштү. Жок, болбостур, эртелеп алыскы айылга жол тартайын, кейиген-кепчиген менен не пайда деп кайрат кылган ою анын санаасында болду.

Кайрылып алачыгына келди да, уукту сыйрып, тонукуна ыңырчагын токуп, бирин-эки идишин куржундуп козуну бекемдеп, ууктун үстүнө аркан менен бастырып, кара өгүзгө артууга киришти.

Бардык нерселерин даяр кылып, койду узатып ай-дай баштады. Бөлөктү кантип таштап кетем деген ар-санаа дагы басты..., Таштап кеткиси келбейт. Кыйбас-тан баягы корумдагы тилки кайра келди. Бөлөктүн бет маңдайына келип: «Кош, байке, өмүрүң өтүп, ажа-лың ушул жерден жетти... Кош, кош!» — деди да, кө-зүнөн мончоктогон тунук жашты агызган бойдон топо-зунун үстүнө конду да, жүрө берди. Кайдандыр баягы Бөлөк менен кармашып, кечээги өлгөн аюу алдынан кабыла түштү. Шарт топоздон секирип түшүп, белин-деги курдагы бычагын ала коюп, эки кулагын кесип ыргытып жиберди да, оң жак көзүнө бычакты урган бойдон тегеретип-тегеретип алды да, бычакты көк ши-бердүү чөпкө сүртүп-сүртүп, кынына салып, топозуна минди да, «Кош... байке! Кош»,— деп дагы кайрылып, анан койдун артынан түштү.

Алыскы жол узарганбы, учу-түбү жоктой созулат. Жер бетин бербеген көп койду жайган бойдон кетип бара жаткан Шарше эки жагы зоолонгон капчыгайдын арасында кетип бара жаткан тоо теке, кулжа сыяктуу жапайы айбандарга көзү түшөт... Зоодогу айбандардын көзү түшүп, аң-таң калышып, алды жактагы жайыл-ган койлорго, айдап бара жаткан Шаршеге көз кырын жиберип карап калышат да, чөптөрдөн искеп, чалып, кепшеп жеп калышат. Күн кечке маал болуп калган кез. Шаршенин жетүүчү айылына али көп бар. Шарше ишин кылып бүгүн жетүүнү гана ойлонот. Бирок жол алыс, түн бою жол жүрүүгө туура болорлук. Шарше жылы жүрүп келе жатып, «бүгүн да жайыттуу жерге консомбу» дейт. Бирок эки жагы зоолонгон бөрчүк таштар, суу боюнан орун алган корумдарга жырткыч

айбандары жашырынгандай сезилет. Шаршенин жү-
гү дагы кандай укмушка кабылам дегендей болот.

Күн бөлөө өйүз жактагы чоң чокунун башына ж-
шырынып, көктү ичине гоолордун колокосу түшө ба-
тады. Койлор да мындан ары жүрбөйбүз дегендей м-
рунку басуудан бөжөндиды, бу көрүнүш Шаршени ч-
капага салгандай болду. Эки жактагы койлорго та-
ш ыргытат да, көктү жаңырткан үн менен «кош» д-
кыйкырып, алга жылдыруунун амалын кылат. Ша-
шенин аракети менен алдын кеңдей жылып бара жа-
кан койлор да бир аз таш ыргытылбай «кош,— чиик»
деген үн чыкмайынча бутгирынын аракетин токтоту-
туруп калышат. Аңгыча, алыстан бир нерселердин д-
бышы кулакка дароо угулду. Шарше эки жагын элес-
дей карап, суу боюндагы жалгыз аяк жол менен кел-
жаткан эки-үч адамды көрдү. Алар да Шаршени көздө-
кыялап кеткен жол менен келе жатышат. Кобур-кобу-
сүйлөшкөн үндөрү Шаршенин кулагына угулуп турат.
Шаршеге жакындап келип жолугуп калышты да:

— Кайдан? — деди бирөө. Шарше бир аз токтоло ка-
лып:

— Ушу жактагы койчумун, кой жайып келе жата-
мын,— деп жооп берди.

— А тетиги анча-мынча жүк артылган кара нгүздү
эмнеге кой менен кошо айдап жүрөсүң? — деэр менен,
экинчи бирөө сөөмейдүн башы менен өгүздү көргөзду.
Шарше түшө калып топозунун мурунтугунан кармап,
таягын жерге таянып, бир топко эмне деп айтарын
билбестен туруп калды. Алды жагындагы чабдар ат-
чан, кара сакалдуу толмоч кызыл жүздүү адам:

— Эмне мынча айылдан алыс көчүгүп койлорду жа-
йып жүрөсүң? — деди.

Анда Шарше ордунан козголо түшүп:

— Мен болсом Койбайдын койчусу элем. Көк-Белге оторлотууга барып, жолдошум жоо менен кармаша кетип каза болду. Агайлар, бир жардам кыла көргүлө! Эптеп кол кабыш кылып бүгүн арменкемди менин менен бирге коно кетесиңер? Мен кантер айламды таппадым эле. Менин бактыма сиздер кезигип калып, аң жакшы болбодубу,— даар менен эңиз симиз келген, ак тебетей, кызыл чапан көк ала сакалдуу бирөө:

— Аа, салттуу бала,— деди. — Биздин барар жерибиз да алыс, шашылыш жумушубуз бар. Акырындап жайып кете бересиң да. Биз кантип аяга, аян талаа, эрмечол дөөсүңдөй, бул капчыгайга кантип жете алабыз,— деди да, жанындагыларга: — Жүргүлө эмесе! — деди да, жолдоштору менен тизгинин бура тартып, жолго түшүп кете беришти. Шарше көзүнүн жашын төгүп, жерге отура калды да, эмне кылар айласын билбеди. Койлор болсо топ-топ болуп жуушашып калышты. Жапагылардын кобураган үндөрү, аттарынын ташка тарсылдап тийген туяктарынын үндөрү барган сайын акырындап барып, Шаршенин кулагынан алыстап, дабышы угулбады. Шарше кантер айласын билбей, бир топко туруп калды. Бирок бир амал таап аракеттенбесе, койлорун кырдырып, же эзүп бир майышка учуратып кетерин сезип, койлордун эки жагын чогултуп ийирди да, бир жерге токтотту. Койдун бир четине тозоолу байлап, экинчи четине огузун байлап, эгээзинин үстүндөгү токулгасын, үзүк жана туурдуктарын түшүрдү да, койлордун алдыңкы жагындагы бир чоң таштын башына адам сыяктуу чокчойтуп жапты да, өзүнүн башындагы тытылган ак калпагын кийгизип койду.

Экинчи жагына колундагы таягын жерге бекемдеп са-
йып, топоздун токулгасын жана, бир жагына белин-
деги курун тегеректеп чалып койду. Өзү таш жактагы
койдун четиндеги чоң таштын үстүнө бир үзүктү көте-
рүп барып, кол менен ыргытууга жеңилирээк таштар-
дан жан жагына чогултуп алып, үзүккө оронуп олтура
кетти. Шарше эки-үч күндөн бери күнү-түнү уктабады. Кантсин, эчен коркунучтун кучагында турса да, уйку чиркин көздү жумдурууга аракет кылат. Бирде ачат, бирде жумат. Алыскы жердеги жерлерге көз жиберип кулак салат, дабыш тыңшайт. Бирок, эч нерсенин кабары жоктой сезилет да, көңүлүн басып, көзүн жумуп уйкуга кетет. Асмандагы жылдыздар жымыңдап, негедир бир аракетке киргендей болот. Көз бир жерлерден, түн караңгылыгын бузганын жылдыз учат да, созула түшүп жок болот. Түнкү табияттын мындай кубулушта болушу Шаршени аркалагандай болот. Койлор да кекиришип, түрдүү жактарды бет алып, күйүп коюп «кырт-кырт» кепшейт да жатышат. Кез кезде энесинен адаша түшүп, маарашкан козулардын үнү чыгат. Табиятта мындан бөтөн дабыш жок.

Тынчтык... Шарше да калың уйкуга бат эле батат да, түшүнөн чочуп кетип көзүн ачат. Эки жакка көз жиберет, койлордун тынчтыгын байкайт. Башка бир дабыш тыңшайт. Эч нерсе сезилбейт. Табият тынчтыгы мээримсиз басынгандай болот. Анан кез-кезде гана таштардын түбүнөн ичке гана чыйылдап чыккан арстын үндөрү угулат. Ал күнкү таң да жер бетине жайылган күн нуру менен чыгыш жактан чыгып келди.

Шарше жүрүү жолун узартууга аракеттенди.

Күн ачык, айыл жакын калды. Түндөгү таң атырган жердин тынчтыгына кубанганбы, үйгө жакын-жакын

жеттим менен койлорду жайылтып келе жатат. Бирок анын ойлору оюнда, эртеси жумушунан кетпеген Болок болду. Эчен ой-санаага көмүлүп, деңизге толкунданып, суута чөмүлгөндөй турмуштун андай оордугуна айласыз чыдагандыгына таң калгансыйт, алгыча экинчи коктудан түтүндүп жогору көтөрүлгөнү көрүнүп, иттин үргөн дабышы кулакка угулат. Чын эле айылбы! Айылга жеттимби деген ой анын жаш денесин бир топко калтыратууга аргасыз кылды...

## IV

Койлор Көйбайдын үйүнүн жанында жайылып жатат. Күрсүлдөгөн дабыш жогору көтөрүлүп, Шаршеге бир нерсе айткандай угулат:

– Мына, ал ошондой болмокчу, куу белде, ат жолдо өлөт деген ошол, нэти жаман кашыр эмес беле, кайран койлорум ары-бери айдалып жүрүп арыктады го. Малдын убалы жетер сага, бала! Өлсөң да бир-эки күн туруп турсаң, мен барып алам го, бар эми, тамак ичип алып койлорду жай! – деген үн айылдын ортороок жериндеги чоң ак үйдөн жогоруга көтөрүлөт. Ошончо өкүнүп, ардын жалын коюп, шыпшынып «чырт-чырт» түкүрүп коюп сүйлөнүп жаткан Көйбай эле.

## Эпилог

Күн тоо башынан кылкылдап жогоруга көтөрүлө баштаган убак. «Н» посёлкасынын колхозчулары жумуштун кайнаган убактарында кечеги бригада таккан жумуштарына жөнөп жатышат. Алыска баруучулар

олчу Сталин атындагы колхоздун жүк ташуучу машинасына түшүп жөнөөгө даярданышып жатышат. Шофёр автобусту от алдырып, иче булуңду көздөй рулду толгой баштады. Машинанын башы оң кол жактагы даңгыраган кара жолду көздөй бурулду да, дөңгөлөктөр айланып бат эле көздөн кайым боло түштү. Аңгыча папка колтуктаган кызыл жүздүү, бешмантынын жакасына «КИМ» деген белгисин тагынган бир жигит шап мени менен кол сунушуп амандашып кетти... Мен ким экенин тааный албай туруп калдым.

— Жүргүн, үй жакка бара кет. Же окуучу кишини адамды тааныбайт бекен, биз эмгектин кызыны менен эле алышып жаткан колхозду болобуз. Өткөн жылдагы өкмөткө берген убаданы аткарууга тырышып жатам, Күкө! — деди.

Мен ал адамдын ким экенин тааный албай, айткан сөзүнө кулак төстүм да, туруп калдым. Мурунку айткан сөзүн кайталап, «жүргүн үй жакка» — деди.

Акырындап «П» посёлкасынын Ленин көчөсү аркылуу жүрүп отурдук да, көчөнүн ортоорок жериндеги тыптын актап, терезесин капкактаган үйгө кирип бардык. Үй ичи таза, китептери тартиби менен жыйылып турат. Күн эрте болсо да үй ичи очак эле жыйылып калган. Жалгыз гана бир кичине бала өзүнүн кроватынын үстүндө уктап жатат. Стулга барып отура кеттик, аңгыча эшиктен Макен жеңе кирип келди да:

— Айланайын, чоң киши болуп турбайсыңбы,— деп кол алыша кетти. Баягы сырттагы Макендин баласы Шарше ушул экен деп, жаңагы жигитти эми араң эсиме түшүрдүм. Мен Макендин берки балдарын сурап калдым.

— Карындашың калаада окуп жатат, иниң болсо сен окуган шаарда эмеспи, айланайын, кезикпейсиңерби? — деди.

— Мүмкүн жене, шаарда мектептер көп эмеспи, адресин билбесем кайдан билем,— деп жооп бердим.

— Эмесе чай кой, апе, Күкеңге,— деди Шаршы. Карындашың да бүгүн жайкы отпускага барам деп кат жибериптир. Эртең-бүрсүгүндөн келип калат го. Мен болсом үйлөнтүп але колхозчу, колхоз башчысы дегендей кызмат аткарам. Колхоздун кирешеси болсо жакшы, өткөн жылдагыдан өсүш көп экендигин Алымбектен уккандырсың. Эми сиздү сенден күтөлү, Күке! — деди.

Мен аны жактан көргөндөрүмдү бүт аңгемелеп бергенден кийин:

— Күке! — деди да, өткөндөгү шум замандын ордугун сага да айтып берейин жа деп ойлонуп олтуруп, жогорудагы айтылган аңгемени баштан аяк эринбестен, өзүнүн тилимин келтирип, адамды эритип, бойду жибитип айтып отуруп, башынан өткөндөрүнүн бардыгын бир чай кайнамдын ортосунда түгөтүп, сөзүнүн аягында өткөн шум замандагы кордук-зомбулук мына ушул мен айткандар деди.

Азыркы замандагы жашаган граждандар, колхозчулар мына бул деп, өзүнүн колхозунун жетишкендигин айтып берип, кубангандыгынан күлүп жиберди... Шаршынын бул сүйүнүп күлгөнүнө чыдабастан мен да күлүп жибердим.

Мына биздин Шаршынын мурунку башынан өткөргөндөрү.

*6/II 37 жыл.*

# ЫРЛАР

## КАНАТТУУЛАРДЫН СЫРЫ

Дүйнөдө түрлүү куштар бар,
Ар түркүмдүү сайраган.
Ар бир шартка ылайык,
Көп сандаган, жайнаган.

Алып баары жазылбайт,
Жазууга баары кабылбайт.
Ар бир жердин куштары,
Өз-өзүнчө табылбайт.
Жер шарында канаттуу,
Бүтүн баары жазылбайт.

Көп куштардын биринен,
Ала канат сагызган.
Алыска учуп бара албай,
Жоорду көрсө жабышкан.
Сөздү ушундан баштайлы,
Куштардын сырын ачыптан,
Мындан ары бир топ куш,
Чындык сырын жашырган.

Оңдойсуң го сагызган,
Жоор болгон малдардын
Жонунан канды тамызган.
Сени көргөн жерлерде,
Жөнөйт, качып алыстан.
Коркушат го жоорлор,
Сен конгон жерге барышпай.
Көп тийипсиң көөнүнө,
Жогуңду тилеп калышкан.

Ушинтип өмүр өткөзүп,
Жаныңды «бизнес» багыштап.
Мите куштун бирисиң,
Тирүүлөрдөн жем тапкан.
Жонун чокуп малдардын,
Жоор менен жан баккан.
Кышты учуп кетпейсиң,
Жылуу жакка жетпейсиң.
Жайы-кышы бир жерде
Алыска сызып өтпөйсүң.

## КАРА КАРГА

Кара карга калдыгай,
Кайып учат долдагай.
Калп жеринен күүлөнүп,
Карылуу ишке жарыбай.
Айылдардан жем издеп,
Алыскы жерге бара албай,
Алдыңгы тамак табл албай.
Күн бүркөлсө жутаган,
Кышка тамак камдабай.
Калдастап учуп калп эле,
Сагызганды жандабай,
Камынсаң бизо сен деле,
Иттеп тамак аңдыбай.

# АЛА КАРГА

Ала карга аласың,
Кышта келип каласың.
Ысык жерде жүрө албай,
Кайда учуп барасың?
Башка келген баарысы,
Биздин жерде тукумдайт.
Жайда кетип, кыш келип,
Сенин дайның угулбайт.
Кандайынан сен байкуш,
Суук жерге барасың.
Кыйынсынып башкага,
Бой көтөрүп каласың.
Маанилүү куштун бириндей,
Башкача сөздөн саласың.

Жайыңыз жакын аз калды,
Кай жерге учуп барасың?
Кай жерден орун даярдап,
Уялыгың курасың?
Балапаның учуруп,
Кайда барып турасың.
Алыңды тыңдап билебиз,
Кыштын кутту болгондо
Кармайлы деп жүрөбүз.
Жайкы күндө кайтырып,
Багып алсак күлөбүз.

# ЧӨКӨ ТААН ЖАНА КАРА ТААН

Чөкө таан менен кара таан,
Шактыктан чуулдап,
Чыкырсаң кара жаан.
Ителги куштар тийгенде,
Чырылдашып чыйылдап.
Кетиресиң дендеп жан.
Канатыңар деги бир,
Кыйын учуп кетпейсиң.
Калп айланып тебем деп,
Илгирлерге жеңилбейсиң.
Чогулушуп, чуулдап
Текеелүүдөн өтпейсүң.
Өлүм сыры бат эле,
Өз жаныңа эптейсиң.
Он-он бешиң чогулган,
Ыллачыңдан кетпейсиң.
Кайрылып качып кутулбай,
Акыры үйүң жетпейсиң.
Жарга уя курасың,
Жаздын күнү болгондо,
Койдун жүнүн жуласың.
Уялыгыңа беленден,
Даяр кылып турасың.

## ЖОРУ

Канаттуунун жорусун,
Баштайым сөздү жорудан.
Жаракасы копол сүрү бар,
Алгырлардын чоңунан.
Тары жок болсо жем таппай,
Баарынан куштун корунан.
Тарпты көрсө кетпеген,
Бапкылары жетпеген.
Калдагай учуп коколоп
Тарпты таштап өтпөгөн.
Ушундай куштун корунан,
Ушундай чоңдун корунан,
Ушинтип ажыр өткөнан,
Текөөрү жоктон болуудан.
Текөөрү болсо тептекендей,
Чалгыны болсо жеткендей,
Карышкырды коп коздоп.
Кантсенде андыйт эч келбей,
Ыраакы жерден тарп көрсө,
Талпактап учуп барасың.
Карышкырдан калганды
Тырмышып чокуп каласың.
Таштандыны ыраган
Кулкунуңа саласың.

# ЖАМАН САРЫ КУЛААЛЫ

Жаман сары кулаалы,
Жырткычтардан бул дагы.
Жөжөлөрдү көргөндө,
Айлананы кезет бир дагы.
Алыска учуп кетпеген,
Жолдошу сары бул дагы.
Абийирдүүлүк кылбаган,
Алыс жакка сыйбаган.
Кайып чыккан айылдан,
Балапанды кыстаган.
Камыштарды аралап,
Ары-бери учушкан.
Таранчыга жете албай,
Канат кагып сызышкан.

Ушундай кайран кулаалы,
Жөжөдөн тамак сурады.
Пайдасынан зыяны.
Жолдошу сары бул дагы.

# ТУРУМТАЙ

Шыпылдай учкан турумтай,
Мунушкер издеп таба албай.
Жазында кетип, күз келип
Баруучу жери кайсы жай?..
Ошу чебер куштардын,
Илгичтиги ушундай.
Турумтай куштун илгири,
Кыраан кылып таптаган
Мунушкер куштун билгири.

Алыстан учса бөдөнө,
Дароо жетип үлгүргөн.
Өз курлуудан кырааны,
Далайларды бүлдүргөн.
Ушундай кыраан турумтай,
Алыстан кабар угулбай.
Алгырлыгы белгилүү,
Илгичтиги кыргыйдай.

## ЖАГАЛМАЙ

Алыстап учкан жагалмай,
Асмандан жемин таба албай.
Алсылоп текоор шилтесе,
Далай куш жанын бага албай.
Колго түткүн кармалса,
Мунушкор үндөр таба албай.
Бир топ күндөр бекса да,
Кыйка боосун тага албай.

Алсыздарды ал тебер,
Майда жандык жанын жер,
Капын жерге себелээр.
Колго түткүн кылганын,
Жерге келип тебелээр.
Ушундай учкул жагалмай,
Ушундай алгыр таба албай,
Көп мунушкер бекса да.
Акыры үндөп бага албай,
Үндөсө үнгө келбеген,
Алганда жемин бербеген,
Асмандап учуп алыстап,
Кайрылып ээсин көрбеген.

# КЫРГЫЙ

Кыялдуу кыргый үткүтсүн,
Канаттуудан сызгычсың,
Кекилик менен чилдерге,
Кордугуңду көп бердиң.
Далайларын жем кылып,
Бөдөнөсүн сен кырдың.
Кыргый да куштун алгыры,
Күчтүүгө баатыр балтыры.
Кыргоолго кыргый тийгенде,
Өлкөгө текөөр батырды.
Өлүмсүз жаны болобу,
Ошентип азап тарттырды.
Бөдөнө издеп бытпылдык,
Тайган шимшип жыт билип.
Бугуп жаткан жеринен,
Учурушат көп жүрүп.
Мүнүшкөр шилтеп ыргытып,
Боор этинен жулкутуп.
Учуруп тайган жей албай,
Ачуулантып бүлкүшүп.

# ЫЛААЧЫН

Кырдынын учкан ылаачын,
Теңкени алып сулаган,
Денесинен мамык жүн,
Бырпырап жерге бураган.
Айланып сызган чеке таан,
Текөөргө тийбей кылынын.
Кең мүнүшкөр үңдөөгө,
Келтире албай жүрүшөт.
Торун жайып күн күйүп,
Бир топ күндөр күтүшөт.
Күткөн менен не пайда,
Жолу болбой калышса.
Торун келип үзүшөт.
Жамгырдан жыйып чирып жатып.
Кайра баштан түйүшөт.
Бийик-бийик кырларга,
Дагы барып куйушат.
Асмандагы учкулду,
Кантип алар күтүшөт.

# КҮШ

Кыраандардан сен күчтүүн,
Мүлүшкөргө сен түшсүң.
Колго туткун кармалып,
Көп жайытты сен буздуң.
Далайларды коркутуп,
Токойлорго сен кыстың.

Тоодон коён алышпат,
Көлдөн өрдөк кырышат.
Жакалардан жайылтып
Кыргоол, чилди талашат.
Колдоп жаткан көп кааны,
Канат кагып барышат.
Чыңдап канат куушуруп,
Текөөрлөрүн салышат...
Кырынан бийик алышат.
Эгер чабал болгондо,
Так алдында калышат.
Жерге келип тийгенде,
Бели сынып калышат.
Асыл жандан айрылып,
Өлүмүнө барышат.

# ИТЕЛГИ

Кара көздүү ителги,
Тандарга түш келди.
Топулдата түшүрүп,
Үйгү-түйгү тээп кирди.

Чүйлү алганды ал алат,
Күч алганга бара алат.
Өткүрү бир экенен,
Алуучуга түш келес,
Тартынбай колун сала алат.

Ителги эрдин эрипеп,
Ителги күштүн ичинен,
Ителги элге белгилүү
Алгырлардын биринен.
Ителги алат коёнду,
Тоолорго тоодак койбоду.
Кышы кетип, жаз келип,
Көп жандыкты тойлоду.
Кыш мезгили бир жактан,
Жай мезгили бир жактан,
Эки жактан тойбоду.
Келгиндердин ичинен,
Тентектигин койбоду.

# БҮРКҮТ

Канаттуунун чоңунан,
Жырткычтардын зорунан.
Баатыр бүркүт аталган
Текөөрлүүнүн колунан.
Текелерин кырсан,
Темир каптап койгондой.
Тумшугу бар балкача,
Болот аштап ойгондой.

Бүлчүңү бар буралган.
Кармаганын сойгондой.
Канаттуудан сурдуу го.
Көргөн адам тойгондой.

Учкулардын балбаны,
Учуп келсин дардагы.
Кайсынысы тең экен,
Жору бекен барбагы.
Тескөөрү жок тебе албай.
Теңшей карап калганы.
Узун шыйрак көк кытан
Саздан бака алганы.

Канаттуудан жете албайт,
Чүйлүүдөй өтө кыраны.
Төлөө сыйган шыпылдап,
Ителгидей ылдамы.
Эч кимиси тең келбейт,
Куш салчысы кыраны.

Түндө жойлоп жүгүргөн,
Карышкыр алат баатыры.
Асманга чыгып октолгон,
Тебүүчү кыйын шумкары.
Имерилип түз учса,
Алдан кетер үйрүгү.
Пөпөлөп алы чыргагы,
Бүркүтчү жолдо турганы.

Ушундай куштун чоңунан,
Ушундай баатыр зорунан,
Бүркүтчү тапкан бакылы.
Жардын алып боорунан,
Үйдөнгө келип үйрөтүп,
Тарбиялап колунан.
Аңчыларга уялап,
Жетүүчү кыйын кыялы
Балапанын алышат.
Бийик кылып салышат.

Алыс жакка жол жүрүп,
Бугун өзү барышат.
Бүркүтчү таптап пөпөлөп,
Карышкыр алат кекелеп.
Кыраанды бар башкача,
Кийиктерди текоорлоп.
Мылтыктары бүгү алат,
Кыраан барчын башкача.
Илбирстерге кол салат,
Текоорлору чайнаганы,
Каз бирөөлөр жок калат.

# ТАРАНЧЫ

Майда чымчык таранчы,
Жумурткадан чыкканда
Кызыл эттүү болобу,
Чырылдашып там тамда,
Конгондорун карачы?

Күз күндөрү болгондо,
Таруунун даны толгондо.
Эмгекчилер эгинде,
Жабылып орок оргондо.
Таруга түшүп таранчы,
Данкасын баарын бүтүрөт.
Кайтарышып адамдар,
«Куу куулатып» куутурат.
Өлөңдүктөн кыйкырып,
Таранчыдан кутулот.

## ТОРГОЙ

Алыстан келген боз торгой,
Сайраса үнү ошондой.
Безеленип көкөлөп,
Жерге келип көп конбой.
Жаз мезгилдин так билип,
Алыстан келет жай болбой.

Кечинки күүгүм жакшысы,
Сайраса көңүл ачкычы,
Ызаны жок бир дагы,
Угумдуу үнү жаңырды.
Алыстан келип жол тартып,
Арбынча учуп жол тартып.
Түштүктөгү өлкөдөн,
Учуп келет жол басып,
Эчен бийик белдерден,
Эчен кургак чөлдөрдөн,
Эчен күндүк жолдордон,
Түрлүү талаа жерлерден
Учуп келет боз торгой.
Жетет бекем демисин,
Жерге келип көп конбой.

## Чыйырчык

Келгиндин бирөө чыйырчык,
Чырылдашып, чыйырттап.
Жасап койгон ящикке,
Үн жакап, учуп чык.
Сен дагы далай жол бастың,
Сен дагы бийик зоо бастың.
Жыргалдуу жылуу өлкөгө,
Жетсем деп ылдам сен шаштың.

Алыска барып азыпсың,
Ала-була түрлөнүп.
Жаман жүдөн калыпсың,
Бүгүн көрдүм силерден.
Айдоо четке барыпсың.
Биз дагы келдик дегендей,
Элге кабар салыпсың.

Сенден суроо сурайын.
Сенден кабар угайын.
Башка өлкөнүн балдары.
Биздей эркин болобу?
Ылдам өсүп таланты,
Булчуңдары толобу?
Күндө күлүп, күндө ырдап,
Биздей тою болобу?
Эрдик мерей алсам деп,
Жаштары тилек кылабы?
Жалпы жайык жаркылдап,
Баары шайыр турабы?

Биздин жиктын билдирип,
Кандайлыгын сурайбы?

Суроого жооп бербейсиң,
Жакын учуп келбейсиң.
Алыскы жикки бирнанда,
Бизден салам дебейсиң.
Белек берсек элдерге,
Алып барып бербейсиң.

# ЧАКЧЫГАЙ

Канаттуунуҥ чатагы,
Чакчыгайды жаҥылы.
Ӧзӱ ӧскӧ бӧлӧк чымчык
Кӱӱлӱлдӱгин айталы:
Азыркы бистиҥ кежекте,
Оныҥ бурун кайталы.
Жер боорунда чакчыгай,
Кӱӱлӱлдӱгӱ калырай.
Адам болуп шакырат,
Ар кийинге жаҥынат.
Кӱчӱк болуп кыҥшылап,
Айгыр болуп азынап.
Бӧс тилдейден табылат,
Мӱркӱтӱ уя салышып,
Коргондордон кабылат.

## КАРЛЫГАЧ

Калдаңдап учкан карлыгач,
Чиркей, чымын жебесе
Курелгы болот анын ич.
Зыяны жок эч кандай.
Адамга болот жакындаш.
Бул да келгин куштардан,
Келер мезгил жайкы-жаз.

# ЧАБАЛЕКЕЙ

Алыс жерден жол басып,
Чабалекей да келет.
Адыр-адыр бел ашып,
Чабалдары жолдо өлөт.
Жаз мезгилдин келгенин,
Өткөндө жайын ал көрөт.

Ылайдан уя курушат,
Адам менен аралаш,
Жакын эле турушат.
Балапанын өстүрүп,
Күздө алыс учурат.

Алыска жолун басышып,
Учуучу канат сынашат.
Жылдап менен кас экен,
Баштап бери бас экен.
Балапанын сордуруп,
Коргоп кушу жаш экен.
Онтогдуктан эң жакшы,
Адам менен дос экен.
Уяны куруп түркүккө,
Үйдүн кобу бош экен.

Күздө кайтып кетесиң,
Башка өлкөгө жетесиң.
Биздей жакшы көргөндү,
Таба албайсың кетесиң.
Алыс жакка сен барып,
Не мураска жетесиң?..
Бир аз күндөй болгондо,
Бизден учуп кетесиң.

## ЖЫЛКЫЧЫ КУЧКАЧ

Жылкычы кучкач да келгин,
Келгиндерди көп көрдүм.
Кичинемде баласын
Бакма кылам деп жүрдүм.
Бирок бакма болбоду,
Чоңоюп өсүп толбоду.
Канаты өсүп жетилип,
Кайрылып келип конбоду.
Багып алам деп жүрсөм,
Такыр эле болбоду.
Кармап келсем, бат эле,—
Бир күнү турбай койгону.

# БУЛБУЛ

Булбул куштун акыны,
Кукук анын жакыны.
Биринен-бири калышпайт,
Ал экоонун акылы.
Таңды таңдай сайраган,
Таң куусуно кайнаган.
Таасын болгон сонун ун,
Желге кошуп айдаган.
Кол башындай булбулсуң,
Келгиндерден жыйнаган.
Жайкы тундун таңында,
Бир тынымсыз сайраган.

Үнуң сонун угумдуу,
Алыстан келип чаалыгып
Айтып турган муңуңбу?
Кышында барып алыска
Карып болуп турдуңбу?
Акын булбул кулак сал!
Алыстагы туугаңга,
Кат жазабыз ала бер.

Бул жерлеге биздерден,
Кандай экен кабар ал:
— Биз жайнаган жаштарбыз,
Эркинче ойноп жатабыз...
Дагы ойнойбуз, гулдойбуз,
Дагы осуп, бурдойбуз.
Окумуштуу болобуз,
Бекер бошып журбойбуз.

Булуттардан ойногон,
Аарчылап айдайбыз.
Душман келсе биз жакка,
Аяшпайбыз, жайлайбыз.

Мен да өсүп чоңоймун,
Бир аз жылда жетилип,
Чек арада боломун.
Өз өлкөмдү сактоого,
Душмандардан коргоймун.

Мен да өсүп чоңоймун,
Душмандарды кырганчу,
Танкисттерден болормун.
Замбиректер атышса,
Кылыч менен чабышса,
Чындап эле коркпоймун.
Сонун морой алсам деп,
Эрдик жагын ойлоймун.

Эсен-атам колхозчу
Бир топ жылдар болгону.
Жакшы иштеп кызматты
Ордендерден алганы.
Ошондо жаныно баргамын,
Өз колунан атамдын,
Сонун сурнай алганмын.
Эркелеткен бир топко,
Так алдына баргамын,
Ошол сурнай мыкасей,
Сага чалып беремин.

Угуп тургун жакшылап,
Кеңулунду болойун.
Биздин улуу агалар
Темиркулдай ырдашат.
Баатыр өскөн балбанды,
Акындар ырга жазышат:
Жаштыктын ыры күү салат,
Толкуган жаштар үн салат.
Күлкө кейпи, күлөнүп,
Жаштарда жалын от жанат.
Жаштардын жалын жүрөгү,
Жайдары эркин күлгөнү.
Жарк этип күлүп нурланган,
Жаштыктын жарык мүнөзү.

Толгон айдай жайнаган,
Булбулдай тили сайраган.
Көргөндө көөнүң канбайбы?
Душмандын тилин байлаган.
Жайдын толгон күнүндөй,
Сайраса булбул үнүндөй,
Жайдары жаштар биздеги,
Гүлкайыр гүлдүн гүлүндөй.
Иштесе иши эпинент,
Сүйлөсө көңүл ачылат.
Жаштыктын күчү күүлөнүп,
Толкундай оргуп ташыпат.
Ойлосо ою өзгөндөй.
Илимге өнөр кииккөндөй.
Жаштардан чыкты далайлар
Айга кулач созгондой.

Трактор айдап, мал багып,
Тоолордон турлуу кен казып.
Талаанын коркун чыгарган,
Инженерлуу жаштар дагы ашып.
Ала-Тоо ашып, таш басып,
Асқалуу менгу кар басып,
Альпинисттер жаштардан,
Тарыхка жазуу жол басып.
Болот куш айдап асманда,
Дуйнелук рекорд ачканга,
Жаштарга салам жиберем,
Жаш акын ырын жазганда.
Жаштыкты жайдар остурген,
Партия биздин агабыз.
Баатырлар осуп жатканда,
Жигиттерди ырга жазабыз.
Ушуну уккун сурнайдан,
Сурнайга салып турганда.
Булбул сени уксун деп,
Жана дагы ырдагам.
Айта баргын алыска,
Башка олкого барганга.
Биздин бала тууганга,
Кат жиберип алышса,
Каттан кабар уга кел.
Кыйрылтып жазда кайтканда
Ал-абалын биле кел.
Алыс кайтып кеткенче,
Аман-эсен жура бер.

## ҮПҮП

Үпүп, үпүп, үпүпсүң,
Туур жерди таба албай,
Кыйдайыңнан жүрүпсүң.
Көп ийиндин бойсоруң,
Бир түп куудор кутупсуң.
Сен да келгин куштардан
Айтып берем булардан.
Чуңкур жерге бекинип,
Уялыгын бек салгын.

## ҮКҮ

Курган далбак үкүсүн,
Күндүзүндө сен байкуш.
Көрө албайсың күлкүсүн.
Түнкүсүндө бышондо,
Эбий жатканга түлкүсүн.

Күн бою үчпай жатасың,
Уйкуга чыңдап батасың.
Түн болгондо кымдаңып,
Дылыйды барып басасын.
Түн үйкусуп төрт бөлүп,
Чыйылдатып жатасың.

# КӨК КЫТАН

Узун шыйрак көк кытан,
Сайдын алыс чыкпаган.
Башкалардай ыраактап,
Канат кагып ылдабаган.
Ал ордунан козголуп,
Ылдамыраак учпаган.
Башкалардай чоңкуп доп,
Бакадан башка жутпаган.
Өзү тоюп болгон соң,
Үңкүйө тартып уктаган.
Ушундай куштун тону бар,
Ушундай куштун тоңу бар.
Обдулуп ылдам учпаган,
Ушундай куштун бою бар.

# КҮЙКӨ

Бийчи күйкө күйкөсүң.
Чычкандарды көргөндө,
Канатыңды күүлөйсүң.
Чычкан болбой калганда,
Башкаларга күйбөйсүң.
Айланып учуп асманда,
Комузу жок бийлейсиң.

Өзүң тоңдуу куштардай
Чымчыктарды илбейсиң,
Бийлебей учуп түз гана,
Ойноп албай жүрбөйсүң.

Ким айтты сени бийчи деп,
Бийлеп чыккан ийлик деп.
Башкалардай бирөөгө,
Сук түшүрүп жүрбө деп.
Текеңдүн бир чекесиндей,
Чалгыңдын бар жеткендей.
Өзүң жеңил куштардан,
Жарышсаң коптон өткөндөй,
Өзүң куштан жеткендей.

## БОРБАШ

Жырткычтардын ичинен,
Эң кичкеси борбашсың,
Өзүң теңдүү тымтыктын
Көбү менен кармаштың.
Арымың аз болбосо,
Турумтайдан тайбайсың.

# БӨДӨНӨ

Келгин куштун бирисин,
Бөдөнөнү айталы.
Алыска барып, жол басып,
Учкандыгын жазалы.
Колго бакма болгонун,
Муну дагы айталы.

Бөдөнөнүн сүрөтүн,
Бул китепке басалы.
Бакма кылып бир тобун,
Алдына жемди чачалы.
Башка болуп сайраган,
Бүбүлдай күүсү жайнаган.
Таң агарып атканда,
Сайрабай карап калбаган.
Таң кабарын билгизип,
Сайрагандан талбаган.
Жазында келет алыстан,
Тынбай учуп талыккан.
Чөп аралап жорголоп,
Жыйнакыйга бүткөн карыптай.
Алыска учуп кыйналып,
Этине бүткөн бышыгын.
Кыргый менен турумтай,
Тамактанган жашынан.
Ушундай болгон бөдөнө,
Жырткычтын көбү асылган.

# КЕКИЛИК

Сен кекилик, кекилик,
Таштан ташка секирип.
Куш көрүнсө коркустан,
Калганың ылдам бекинип.

Кыйтыңдап чуркап жүрөсүң,
Ит агытып, куш салган
Мүнүшкөрдү билесиң.
Балапаныңды эрчитип,
Калың чөпкө киресиң.

Балдарың кыйып басканы,
Адамды көрсө алыстап,
Калың чөпкө качканы.
Чуркоо менен жеткизбейт,
Ылдамыраак шашканы.
Баары бирге чогулуп,
Балдары менен жатканы.

Түн уйкусун төрт бөлгөн,
Түлкү салат бир бүлүк.
Жем аңдыган айлашып,
Үкү басат кеп жүрүп.
Баладан эне ажырап,
Энеден бала ажырап.
Бөлүп тыгат ит сүрүп.
Түнү тынбай кыйратат,
Көп уяны ал бүлүп.

## КЫРГООЛ

Кыргоол да талаа кушунан,
Айтып өтөм ушундан.
Көркүдөрү башкача,
Ала-була кызылдан.
Аңызга тууп көбүнчө,
Өзөндөн бала учурган.
Тамактанып дан менен,
Канат кагып сыздырган.
Орок оруп, чөп чапса,
Далай уя бузулган.
Жаш балдары кача албай,
Бир топтору кысылган.

Бакын бакма боло албайт,
Карда кууса ат менен
Үчтөн ашык коно албайт.
Канат сермип алыска,
Учуп ылдам бара албайт.
Вишнялардын чукулдан,
Жашырынып кала албайт.

Колго туткун кармалат,
Буту бекем байланат.
Бакын бакма болбосо,
Ошол замат жайланат.

## ЧИЛ

Талаа куштун биринен,
Айтам сөзду чилинен.
Тузак тиргиш койгондо,
Үсту-үстүнө илинген.
Кыштын түнү кырманга,
Келгендиги билинген.
Адамдан качып алыстап,
Кар аралай жүгүргөн.
Муунуп кетсе арыгы,
Дароо барып бугулгон.
Жут жылдарда кырылса,
Коргоп адам тургучан.

Асмандан учуп айланып,
Кыргый алат чилинди.
Далай жырткыч учкучка,
Жем экени билинди.

Ит агытып, куш салып,
Токойдон коён алышып.
Аңчы итин жойлотуп,
Чил алууга барышып.
Ит чыгарып бергенде,
Кушту шилтеп салышып.
Далайларын алышып.

# Куу

Суу кушунун зорусу,
Канаттуунун чоңунан.
Айтпай кетсек болобу,
Куу кушундай молукан.

Мойнун ийип койгондой,
Кебетелүү болсун деп,
Эп келтирип ойлогондой.
Денесинде ак мамык,
Кебенеге бөлөнгөндөй.
Мемиреген көк деңиз,
Сымбатына тойгондой.
Алыстан көрүнүп көл үстүн
Даана болуп көрүнөт.
Мергенчилер атууга,
Дароо көңүл бөлүнөт.

«Кууга кушум салам» деп,
«Куу алдырып алам» деп,
Деген куубуз ушул го.
Манаста айтып ырдалган,
Ак шумкар качуу тушу го.
Тарыхы сөздө айтылган,
Чоң куштардан ушу го.

## КӨГҮЧКӨН

Асмандын учкан көгүчкөн,
Кышта, жайда бар жерден,
Элдин баары көрүшкөн.
Колго түшүп кармалса,
Жакмалыкка көнүшкөн.

Үпүлдөй куштун асылы,
Алыс жерден учуучун,
Кат-кабарды ташыды.
Муну жакшы багабыз,
Жакшыларын тибабыз.
Ал коргошко барганда,

Кошо ала барабыз.
Азыр камдап кондургуч,
Жайлуу орун салабыз.

Кызыл жардын боорунда,
Көк көгүчкөн көп ойнойт.
Көргөн сайын баксам дейт,
Кармайын десем түк болбойт.
Алдынан туруп жем чачсам,
Жакын  келип бир конбойт.

Агакеме айттырып,
Балапанын алдырам.
Эрте келсе кыяматтан,
Дароо ылдам бардырам.

## УЛАР

Тоо боорунда уларсың,
Сенин жайын биле албай,
Мүнүшкерден сурадым.
Азыр гана түшүнүп,
Сени жазып турамын.
Бир топ куштун чоңусуң,
Көп бурулбай түз учуп,
Канаттуунун тоңусуң.
Кушка өзүң алдырып,
Ач тумшугун салдырып.
Өтө алгыр текөөрүн,
Өз денеңе малдырып.
Сени менен бирге өскөн,
Тоодак дагы оңбондой.
Күч салышып куш менен
Аман-эсен бошонбой.
Көрүнөө жерде көп жүрүп,
Жырткычка жене тоскондой.
Ачкалыгын билгенсиң,
Жайытка өзүн кошкондой.

Кушка көбү алдырат,
Ач тумшугун малдырат,
Жөжөлөрүн багуусуз,
Как талаада калтырат.

## ЖАРГАНАТ

Соозубуз азыр бүткөндөн,
Акыркысын күткөндөн.
Күндүзү жок, түнү бар
Жашынганча жүргөндөн.

Жарлуу жерде түнкүрдө,
Күн батарды күткөндөп.
Жайкы желге желпилдеп,
Өз эркинче сүйгөндөн.
Жарганат калды жабышып,
Жарга барып кабышып.
Чычкандардан кабар алгандай,
Чуңкур жерди табышып.
Эзелки калган ийинди,
Оозу кийин алгансып.

Жар боорунда жарганат,
Күндүзү жатып, түн учуп,
Чымын-чиркей көп алат.
Кызык иштин баарына,
Түнүчүндө ал калат.
Жарым эттүү, жарты жан,
Жадабай үйгө да барат.

Куудурагын канаты,
Абага тийсе үн салат.
Кыш күндөрү кышчылып,
Жар боорунда да калат.
Акыркысы бүтүлөт,

Калган куштун сырлары
Билгендердин кутулот.
Бул куштар миңдин биринен,
Өзүнчө бөлөк үзүлөт.

Серпиген канат, учкан ок,
Биз айткандын ичинен
Кен канаттуу дагы жок,
Терип жаза келгенде,
Эчен миңдей куштар бар.
Мектептеги сабактан,
Окулгандар дагы бар.
Алардын баарын жазбадык,
Жазуу үчүн таанышып,
Ар бирине барбадык.
Ошондуктан бул куштар
Билгендерден эстелик.
Жазда келгин куштардан,
Таанышуу үчүн эскерип.

Бул куштардын баарысы,
Кыргызстан жеринен.
Жаткан адам жаш кипи,
Кыргыздардын элинен.
Окугандар ойлонсун,
Биздин жердик келгинден.
Бул китебим жаштарга,
Мектеп жашы балдарга.
Куштун жайын билсин деп,
Арнаймын муну тартууга.

# ЖАЛЫНДУУ ЖАШТЫК

## ТУУЛГАН ЖЕРГЕ

Жайлоосу берекелүү малдын жери,
Жайлашат иштүүлүктүн кыргыз эли.
Талаасы меңгиреген кең мейкиндик,
Табылат тоолорунан алтын кени.

Ошол тоо, ошол жайлоо, ошол жерден,
Чоңойдум жигит болуп ошол жерден.
Мингеним азоо торпок, тай үйрөтүп,
Жарышып ат үстүндө ойноп келген.

Жол алдым аскерликке эрким менен,
Ар иштин башын көрдүм ойлоп терең.
Жактырдым улуу сыймык, улуу ишти,
Тилегим орундалды, жолум кенен.

Балалык желдей учуп алып кетти,
Мынакей жигиттикке жашым жетти.
Колдо күч, белде кубат бар кезимде,
Темирдей бекем сакта кызыл чекти.
Ангыча күткөн поезд жетип келди,

Зыпылдап солкулдатып тилсиз жерди.
«Мен келдим, даярсыңбы, азаматтар»
Дегенсип үн чыгарып, белги берди.

Тизилип тартип менен тура калдык,
Чиркелген көк вагондон орун алдык.
Бет алып учкан куштай күн батышка
Шамалдай чоюн сызык жолго салдык.

Гүл берип, жоолук булгап калем каштар,
Кубулат күн нуруна кара чачтар.
Кубанып, күндөй күлүп кала берди
Коштошуп атам-энем, пайыр жаштар.

Мелтиреп чалкып жаткан кең Ысык-Көл,
Атактуу сонун жайлоо жана Соң-Көл.
Суусамыр, Көк-Ойроктор коштошупту,
Кыргыздын Ала-Тоосу жана Көл-Тор.

## СЕНИН УУЛУҢ

Түн караңгы, жерди туман каптаган.
Бороон согуп, изди көмүп таштаган.
Көз ирмебей, төрт тарабын тең карап,
Сакчы жүрөт алга шайдоот аттаган.
Шлем кийип, кызыл жылдыз кадаптыр
Беш атарга курч штыгын аштаган.
Ой энеке! Ушул сенин уулуң
Барчын кылып өзүп багып таптаган.

Уулуң аныр тарбия алып талпынып,
Өз өлкөсүн жүрөктөн бек сактаган.
Ал көрөгөч, баатыр жүрөк кнарман,
Аткан огу түк жаңылып жазбаган!
Ал кечеги ак финге каршы согушта
Эчен жоону кара жерге жастаган.
Ой энеке! Баатырыңдын даңкы чоң,
Орден тагып, өлкөм сүйүп мактаган.

Ырас эне, уулуң бар, белиң бар.
Ырысың чоң, эр энеси демиң бар.
Түн уйкуда өмүр чиркин өткүчө,
Улуу союз, көп миллион элиң бар.

Душман басса жилиги бүт чагылган,
Абдан ыйык кереметтүү жериң бар.
Ушул жерди, ушул элди корогон
Сенин уулуң айтканынан ал кабар.

Жаным эне, кат жазыпсың сагынып.
Дагы айтыпсың «барамын деп — камынып».
Эли үчүн эмгек кылган уулуңан
Санаа четин, не кыласың камыгып.
Душман огу майып кылып бутумду,
Сынган эле кайра бүттү айыгып.
Энекебай, кыялга түн жеңдирбе!
Барлык бакыт алда турат табылып.
Көп ойлонуп камыкпастан мен үчүн,
Билек түрүп, эмгек кылгын чамынып!

## ЧЫНАР МЕНЕН БУЛБУЛ

Айлана атыр жыттуу гүл ачылып,
Асмандан мемиреген нур чачылып,
Жайкалган жарашыктуу мейкиндикте
Жаш чынар өскөн экен жайкалышып.
Мертинип чалгындары калган талып,
Зыңылдап алыс жактан булут жарып.
Жаш чынар бутагына конгонунда,
Ширин күүгө келди булбул карып.

«Көгерүп асман турбаса,
Күндүн көркү болбостур.
Көрүнүп жылдыз чыкпаса,
Түндүн көркү болбостур.
Суу жетпей чөлдө солуган,
Гүлдүн көркү болбостур.
Талында жеттим чынарга,
Таңшысын үнүм угарга.
Өмүр өтүп, күн бүтсө
Капаты сыйбай турарга.
Таң аткандын булбулун,
Тагдырын дүйнө сурарга,
Кылымдап даңкым калуучу.
Жеттим бу асыл мунарга.
Ай күйүп, өмүр бүтсө да,
Ажалым мени күтсө да,
Артымда калар мурасым
Алаамат түнү түшсө да.
Жетилип чыккын канатым,
Оболоп учкан адатым,

Адилет булбул өттү деп,
Артымда калар санагым».

Көңүлү жаш чынарда бутак жайып,
Дүйнө сыйышпат күндө тайып,
Артында атагы да, үнү калып,
Баягы акын булбул болгон кайып!

*1941-жыл.*

## АЛЫСТАН КАТ

Силерден жан курдашым салам берем,
Бу катты сага арнап, сага дегем.
Жашчылык жүрөк отун өрчүтсө да,
Жылынын жазалбадым калем менен.

Сен ойду албуут сенин басып үйөт
Көңүлгө көп кылыды жүрөк түйөт.
Чалкыган чексиз толкун арасында,
Эненин эстен кетпей нуру сүрөт.

Кызалым жакын болот асман-айга,
Жаш өмүр талпынбаса эрдик кайда?
Эненин эмчек сүтүн актабасам,
Жаралып бул дүйнөгө, эмне пайда.
Мекенин сүйгөн уулу экенмин деп,
Турамын темир кийген, ыйык жайда.

Алыста жан жолдоштун сага кумар,
Кумарын жеңдин менен күчүң турар.
Ала Тоо бала чакта ойногон жер,
«Кулунуң баатыры» деген даңкын угар.

## ТУУЛГАН ЖЕРГЕ КАЙТКАНДА

Талаада жашыл гүлдөр жытын чачат,
Сергитип меймандардын көөнүн ачат,
Ала-Тоо асман чалкып, суусу ташып,
Эргиштеп Ысык-Көлгө куюп жатат.
Ысык-Көл орто жери ойгон сымал.
Айлана сепил кармап койгон сымал.
Ортодо көз мелжиткен көпкөк деңиз,
Жээгинде сейил кылуу кандай кумар.

Жаштыкты эрке желге экилеткен,
Мингеним чарчабаган балбан тулпар.
Ой болуп, өскөн жерди эске салып,
Алыстан закымдаган мен бир шумкар.

Ошентип, өскөн жерге жетип келдим,
Туугандык колхозчу элге салам бердим.
Талаада эмгегинде жүргөнүндө,
Жарымдын жарык мүнөз жүзүн көрдүм.
Көрбөгөм эки жылдан ашып кеткен,
Мынакей, эл четине барып келгем.
Өлкөнүн аксакалы Калининден
Төшүмө алтын орден тагып келгем.
Сүйгөнүм Көкүш менен сыр алышкам,
Алыстан мындай деген кат жазышкам:
«Алыстан катты жазамын,
Сүйгөнүм жарым, аманбы?
Күнүгө орчун гүлдөгөн,
Дүркүрөп өскөн талабы.
Жаркырап жайнап шаңданган,

Элимдин мыкты балдары.
Эмгектен баатыр болушкан,
Асылкан жеңем жаңагы,
Жана башка калгандар.
Алардын баары аманбы?
Мен болсом эсен турамын,
Эл коргоо менен турагым.
Кокушум, сизди ойлосом,
Бир аз көңүл бурамын.
Бирок сизге эскертүү,
Эмгектен баатыр болуңуз.
Алыска кеткен жарыңды,
Ийгилик менен тосуңуз.
Окуу, иштин баарына,
Ачык го биздин жолубуз.
Мени узатып чыкканда,
Берилген эле колуңуз.
Эмгегим менен таанылам,
Деген эле жообуңуз.
Жаш опору бел үчүн,
Эмгек кылган эл үчүн.
Азаматтын кызматы,
Туулуп өскөн жер үчүн.
Сүйгөн жарым Кокушум,
Махабатым сен үчүн.
Ишиң менен таанылсаң,
Жарыгың чалай мен үчүн.

Унутпа, алыс жактан катты жазган,
Кокуштун аткарарын күтүп калгам.
Элимдин эркесинен бир аз күндө,

Ордендүү болдум деген кабар алгам.
Кечээги сүйгөнүмдү эмгегинен,
Мынакей бүгүнкү күн анык көрдүм.
Жарк эткен алтын орден көкүрөктө,
Сагынып келгениме колума бердим.
Жаркылдап толгон айдай жүзү жарык,
Өмүрүн кирген гүлдөй күчү тынып,
Кубандым сүйгөнүмдүн эмгегине,
Тилектеш денемдеги жүрөк чалкып,
Советтик үй-бүлөнүн күчүн деген.
Таалайдын тартылбаган оту жанып.
Ой бийлеп, жаш жүрөккө таңгирлентти,
Кошугум мендик деген сайда чалкып.
Кубанам жаш селкимдин эмгегине.
Чыгарган бек чыгымы не арнине.
Сагынып алыс жактан келсем дагы,
Селкимде шаңдуу чыккан гез көркүнө,
Талааны кубандырган ал бир эрке,
Тамылжып бетин төсөт жайкы желге.
Келгенде чолкубунун түркүнүбү,
Сүйгөн жар эмгек кылып жүргөн жерге.
Маанилүү кызык чыккан анын сөзү,
Кылгырып илеп тарткан ачык көзү.
Көргөндө ич кумарын жазат бекен,
Эмгектен бактыр болгон анын өзү.
Кызыл бет, жазы маңдай, жайдары жаш,
Асманда ай, чолпондой жайнаган жаш.
Далайды шаңы менен толкундатат,
Ал өңдүү адамзатта болгондой аз.
Чийгендей имерилген кыйгач кашы,
Көргөндө сүйгүң келер мындай жакшы.

Адамды ак жолуна көп үндөгөн,
Селкини сүйгөн жашта өнөр аабы?
Сүйлөсө жарк дей түшөт кашка тиши,
Сүйүнөт эмгектерин көргөн киши.
Кыргыздын жайлары өскөн кызынын дең,
Көрүнөт алыс жакка анын иши.
Сүйгөндү эмгек менен сүйүү жакшы,
Жаш чакта жайдары ойноп күлүү жакшы.
Шаттыкты, баатырдыкты ата берди,
Күндө той, күндө майрам кандай артты,
Ала-Тоо, кучагыңдан баатыр чыкты.

# ИШКЕ АШКАН ТИЛЕК

## 1

Олтурат бир жаш жигит ойго калып,
Калемин жүрөктөгү канга малып.
Башы жаш, максат кенен, баары алда,
Терең сыр, бир китепке көңүл салып,
Жигиттин маңдайында бир шам турат,
Бүлбүлдөп бирде өчүп, бирде жанып,
Ал шамдын каршысында бир жаш келин,
Сооротуп, жаш баланы колуна алып.
Түрмөлгөн кызыл тазыл лента менен,
Имерип бөп нийлинте алган чалып.
Чийгендей имерилген калем кашы,
Сыпалган аркадагы олоң чачы.
Ак маңдай, кыйгач келген кыр мурундуу,
Бир сырдуу, көптү көргөн асыл башы.
Толгон ай — он бешиндей толуп турган,
Толукпун жыйырмага келген жашы.
Албырган Венерадай эки көзү,
Тамшанткан көрүнгөндөрдү ашып өзү.
Жүрөккө таасир берип тартып турган,
Кулакка уккулуктуу назик сөзү.
Нурланган перизаттай сулуу өзү,
Акактай оозундагы отуз тиши,
Жаркырап жазы маңдай, келишкен бой,
Оболон ойго чалкыйт көргөн киши.
Сүйгөнү жаш жигитке жөлөк болуп,
Тилеги — бир максатта, элдин иши.
«Жүрөктүн туйлаганы басылганча,

Карарып алдымдан көр казылганча,
Талабым алим үчүн кызмат кылам,
Максатты тилегинен ашырганча».
Ушинтип, Софияга айтып берди,
Айланып сүйгөнүнө жакын келди.
«Мен өлсөм уулуң көрөр турмуш сырын,
Аттиң ай, СССРде болсок» деди.
Жаркырап Софияга басып барды,
Мойнуна ак билегин арта салды.
Имерип бети бетке тийишкен соң,
Баласын эркелетип колуна алды.
Ангыча дүбүрт чыкты эшик жактан,
Түпүнгү бир топ адам ыргып аттап.
Талкалап терезеден кирип келди,
Үстүнө курал-жабдык, кылыч аскап.
Оодарып үй ичтерин тинтип калды,
Маркстын «Капиталын» колуна алды.
Энесин баласынан ажыратып,
Панелге алып келип кишен салды.
Жаштарды бир-биринен бөлүп алып,
Желдеттер эшик жакка жетип барды.
Кайрылып «Кош бол, карып» дегенинче,
Офицер кундак менен уруп калды.
Дириллеп жошолуу кан жая берип,
Жүрөккө кетпес кайгы тамга салды.
Мелтиреп жашыл талаа, ай асманда
Мемиреп жер жүзүнө нур чачканда,
Муңкантып сайрап жатты акын булбул.
Жайкалган жашыл токой арасында,
Тигине, тутулган ай чыгаарындай.
Айрылып калды жалжал сүйгөнүнөн.
Талааны кууруп калган чынарындай.

Каржалып жалгыз жатат темир тамда,
Кайгырып муңун айтат жанган шамга.
Карыштык чындап башка түшкөндөн соң,
Дүйнө салмактанат курган жанга.
Ой калкып, жылдыз менен аралашып,
Куюлат турмуш уусу келип канга,
Жандармдар айбан өңдүү кыйнашса да,
Чын эле үмүт кылат атар таңга.
Тетиги жылчык чыккан терезеден,
Кол созуп муңун айтса коңшу талга,
Жел чиркин алып учуп аманатын
Кабырын жеткирейби калган жарга.
Ошол тал үч мертебе түргө келди,
Алдыда кармап турган тамырына.
Түнгүрүн көлөкөсүн дагы берди,
Алыстан закымдаган келгин куштар,
Үч ирет жаз алынып конуп келди.
Гүл өсүп үч мертебе солуганча,
Коңгулап караңгы түн үйдө жатты.
Бир күнү кичинекей кагаз алды,
Кагазга сыр ачууга калем барбы?
Калем жок, кайгыланып көпкө олтуруп,
Бир чопту денедеги канга малды.
Билектен бир тамырды жулуп алып,
Жүрөктүн кетпес кайгы күүсүн чалды.
Уулаган кара кочкул сыя менен
Тизилтип ак кагазга чийип алды.
«Каржалып кашык каным суюлганда,
Молтуроп көздөн жашым куюлганда,

Түнөрүп туман басып асыл башты,
Жүрөгүм толтосунан кыйылганда,
Максаттан ажыраган мен бир карып,
Муң толуп көкүрөккө жыйылганда.
Ойлондо оюмдасың, сүйгөн жарым,
Муң менен оралашкан эл-журт баарын.
СССР — дүйнө шамы, элдин багы,
Жардамы болобу деп чалкыйт каным.
Мен жатам күн тийбеген жалгыз тамда,
Муң айтып булбулдогон күйгөн шамга.
Ойлонуп эт жүрөгүм балкып кетип,
Элестеп үмүт кылам атчу таңга»—
Деп жазып сырлуу катты катып алды,
Эси ооду, талыкшыды, жатып калды.

### III

Мемиреп асманда күн шоола чачкан,
Жердеги калың элди шаттык баскан,
Түрмөдө сызып жаткан туткундарды,
Бошотуп кызыл аскер эшик ачкан.
Дүйнө бул мезгилде эмне болгон?
Айлана түрмөлөрдө элдер толгон.
Бекитип кор оозуна жаткандарды,
Бошотту кызыл кыран темир тордон.
Тигине, учурашып жүрүшкөндөр,
Тигине, кучакташып сүйүшкөндөр.
Тигине, бири менен кемпир-чалдар.
Тигине, сүйүнүшүп күлүшкөндөр.
Пянел да ошол замат чыгып келди,
Толкундап кубанышкан элди көрдү,

Эр жүрөк сүйүнгөндөн чыдай албай,
Куттуктап большевиктик салам берди.
«Калың эл, силер үчүн үч жыл жаттым,
Атар таң болобу деп ойго баттым.
Күн бүтүп, ажал жетип турганымда,
Көр оозу ашыгынан кайра кайттым.
Боордош жаным бирге, каным бирге,
Силерге кызыл аскер салам айттым!
Кылымдап жаткан муңду жойгондор ким?
Максатты иш жүзүнө койгондор ким?
Чыгыштан таң сөгүлүп нур төгүлткөн,
Дүйнөнүн чын тиреги — сен Советиң!»
Дегенде куттукташып жакын барды,
Софияны калың элден таанып калды.
Сүйгөнүн кубанычтуу көрдү дагы,
Баласын эркелетип колуна алды.

# БИЗДИН УЧКУЧ

Түнөргөн кара булут көктү басып,
Түнжүрөп асман жерде үйүп жаткан.
Тосулуп кылым бою ак калайдай,
Тоо болуп үстү-үстүнө келип жаткан.
Түмөрүн бетиндеги келки муздуу,
Толкуну түрмөктөлүп көбүк чачкан.
Тынымсыз эчен учкуч жерди басып,
Дүйнөнүн чокусунан кимдер ашкан.

Учкучтар ылаачындай закымдаган,
Узун жол бизге бөксө байкалбаган.
Ук, дүйнө, түндүк менен түштүгүңдө
Жылдар минутуна жакындаган.
Ураанын жер жүзүнө кабар салып,
Урпагы адамзаттын адымдаган.
Алмаздай болот канат жаркыраган,
Асманда чагылгандай калдыраган.
Кол салса дүйнөнүн душмандары,
Сүрүнөн баатырлардын калтыраган.
Хасандын жээгиндеги окуядай,
Кийинкен чепти түрүп ыксыраган.

Мынакей арыбаган алтын туулар,
Мынакей ушул өңдүү биздин шумкар,
Социализм доорундагы баатырларды,
Дүйнө эмес, асмандагы ай да угар.

*1938-жыл.*

## ЖАШ БИЛЕК, БААТЫР ЖҮРӨК

Эгерде эртең күн согуш болсо,
Дүйнөнү жалын каптап, шамал соксо,
Өлкөнү коргоо үчүн биз даярбыз,
Жаш билек, баатыр жүрөк аман болсо.

Большевик партиясы баштап келди,
Күч менен он жетинчи жылы жеңди.
Өкмөт өз колуна тиер замат,
Жашасын, эл атасы Ленин деди.

Мурунтан карып тарткан кайран билек,
Арстандай айбаты бар баатыр жүрөк.
Пролетар күчүн жаңы жыйногондо,
Жоготту господинди биздин тилек.

Мындай ошондогу күчтүү билек,
Мындай аткарылган биздин тилек.
СССР өчпөс оту күйүп турат,
Канткенде толкундабайт асыл жүрөк.
Биздин күч кандай күчтөн жаралганын,
Толкундай тоодон өзүп таралганын.
Жаштыктын жайдары өскөн баатырлыгы,
Дүйнөгө аты чыгып күү салганын.
Өлкөмдө кайраттанган эмгекчи элдин
Мол жаадым тынчтыкты кубангынын.

*1941-жыл.*

## КЫРГЫЗДАР

*(Өткөн чакта)*

Ала-Тоо селде малынып,
Азаттуу муңга малынып:
Армандуу кыргыз элиме,
Ачылар күндү сагынып.

Түнөрүп муңга баткансып,
Түмчүгүп ыйлап жаткансып.
Турмушта көрбөй жыргалды,
Туйгундар өткөн каржалып.

Эстен танып дал болуп,
Эбелек жандар бүт солуп,
Эчен бир селки шам чырак,
Эки көзгө кан толуп.

Карып муңга баткан күн,
Каржалып какшап чыккан үн,
Кайгылуу болгон ошондо,
Карайлаткан кара түн.

Жаш жүрөк сокпой октолуп,
Жаш дене күйүп чок болуп,
Жанынан үмүт үзгөндөй,
Жалбырап жанып от болуп.

Акындар алыс айдалып,
Артына колу байланып,
Азамат эрдин эрлери,
Ак жеринен жойлонуп.

Ушундай болгон өткөн күн,
Ала-Тоодон чыккан үн.
Кайгынын кайгы кошулуп,
Карайлаткан кара түн.

Ошенткен кыргыз эл болду,
Ошенткен тоого гүл толду.
Обдулуп жиштык жылыдан,
Өнөрлүү элге тең болду.

Мынакей Кыргыз ССР,
Карылардан чыгып ыр.
Ала-Тоонун арасы,
Тилекке тийген алтын нур.

Кыргыздар жаңы жаралды,
Кыргыздын артты талабы.
Кыргыздар өсүү дүркүрөп,
Дүйнөгө даңкы таралды.

Кыргыздын закон-заңы бар,
Кыргызда өнөр кени бар.
Партия берип тарбия,
Кыргызда баатыр дагы бар.

# ДЕПУТАТ КЫЗ

Суу жайып, кулак ачып көк эгинге,
Жүргөндө агаң жаздын эмгегинде.
Асынып китеп баштык жал-жал карап,
Бараткан мектеп жакка күн эсимде.

Арыкта аккан сууга кол-бетти жууп,
Көк шибер көп ойнодук көпөлөк кууп.
Жазылган сабагыңды окуганда,
Жаныңда отурчу элем сөзүңдү угуп.

Бир айыл, тайтайлашып бир өскөнбүз,
Бала чак тентек кызыл бир өткөрдүк.
Советтик тарбиянын кучагында,
Билимди бир мектептен бирге үйрөндүк.

Эс тартып балгын дене толгон кезде,
Эмгектин майданында жүрдүк бирге.
Албырып алма бетиң нуру тамган,
Көрүүчүдүн көңүлүн тартты өз эркине.

Күзгү түн, ай асманда турган балкып,
Колхоздун кырманында кызыл багып,
Турганда кылаң басып сен келчү элең,
Мылтыкчын мен сакчыга тамак алып.

Жаңыртып түнжураган күздүн түнүн,
Кошулуп ыр ырдадык түркүн-түркүн,
Жаркылдап ачык маңдай шайыр келип,
Он бешин толчу айдай сулуу жүзүн.

Талпынып мен окууга баратканда,
Кезиктим жашыл эгин арасында,
Шыпылдап өтүп жүрсөң көзгө илешпей,
Кубанттың жүрөгүмдү кыймылыңда.

Жайнаган турмуш гүлү көп кыз-келин,
Шаңданып эмгегинде жүргөн эркин.
Дем берип баратканың сен алдыда,
«Жолдоштор! Чамда, калба менден кийин»—

Дегениң кулагыма угулганда,
Жанаша басып бардым коштошууга.
Күлүңдөп кысып кармап оң колумду,
«Жакшылап билим алгын, кошкун ага»-

Дедиң да, кетеримде бердиң белек,
Коргондо белегиңди жүрдүм эстеп.
Өлкөбүз телегейи тегиз жыргал,
Өстүргөн тарбиялап эр большевик.

Кубанган күн, айларды жылдар өттү,
Ваалоого эмгегиңди мезгил жетти,
Сырдана барқын билген эмгекчи элиң,
Көрсөтүп депутатка добуш берди.

Бактылуу эмгек кызы депутатсың,
Иш чечип сессияда олтурасың.
Бирге өскөн жаштайынан ошол агаң,
Кубанып тилалайыңды куттуктасын.

*1938 жыл*

## АЙЫЛ

Балбылдап сүрмөлүү көз оттой жайнап,
Күлүндөп балкыган бет айдай жарык.
Алдымдан күн күлгөндөй чуркап келди.
Кол бердим, шашкан бойдо мен да барып.
Жаркылдап толгон айдай жүзү жарык,
Элирип кирген суудай күчү тапып.
Кубандым сүйгөнүмдүн эмгегине,
Тилектеш денемдеги жүрөк балкып,
Советтик үй-бүлөнү күтөм десең,
Таалайдын тартылбаган оту жарык.

Эмгекте иштеп жүрөт билек түрүп,
Көргөндө жаш жүрөгүм калат сүйүп.
Канткенде эмгек кызын сүйбөй алабаймын,
Баатырча эмгек менен жарк-жарк күлүп.
Мен сүйөм жаш селкинин эмгегине,
Көндүргөн боз талааны өз эркине.
Сагынып алыс жактан келсем дагы,
Селкимдин шаңдуу чыккан сөз жорукун.
Талааны кубандырган эл бир эрке,
Тамылжып бетин тосот жайкы желге
Көргөндө көз кумары канат экен,
Гүлдөгөн эмгек кылып жүргөн жерде.

Маанилүү [illegible] чыккан анын сөзү,
Кылгырып элес тарткан анын көзү.
Көргөндө ич кумарым жазат бекен,
Эмгектин баатыр болгон анын өзү.
Кызыл бет, жашы маңдай кайнаган жаш,

Асманда ай-чолпондой жайнаган жаш.
Далайды кубат менен толкундатып,
Алдына ар нерсени айдаган жаш.
Ала-Тоо кучагындан баатыр чыкты,
Ала-Тоо алыс жактан кабар укту.
Ала-Тоо кулундарын өнөр билип,
Ала-Тоо ак булутта алар сызды.
Ала-Тоо ырга кошуп сүйгөн селким
Бир гана ала-тоолук кыргыз кызы.

*1940-жыл*

# БИЗДИН ЖЕРДЕ

Көңүлдүк, бетеринен нур жапат,
Кубанычтуу жоцунун күүсү шаңданат.
Бардык иштин майданында талбаган,
Ага, жеңем эмгек десе кайданат.

Кечээ, бүгүн элим күндө жаңырган,
Жеринен да алтын, күмүш табылган.
Бир кездеги бош талаанын бетинде,
Бүгүн көрсөң нечен гигант салынган.

Ал курулуш ишке кирди күрүлдөп,
Бул элимдин иштегени көрүнөт.
Дагы тездет кызуу темптиң күчөсүн,
Иш арбыса дагы күчүң көрүнөт.

Ата элим төөр тулуктуу мал баккан,
Малы өсүп жер жүзүнө жайлашкан.
Малды өстүрүп, мал төлдөткөн азамат,
Эмгегине орден менен сыйланган.
Элим өсөт мен да бирге гүлдөймүн,
Мен да өсүп, жаңылыкка үндөймүн.
Кашым бүтүп, денем жерге киргиче,
Элим, жерим туурасында сүйлөймүн.

## ЭНЕМДЕН!

Окугун уулум талбагын,
Билимден артта калбагын.
Мыкты окубай көңүлсүз,
Капага мени салбагын.
Унутпагын эч качан,
Мекенди корго ардагым.

*1940 жыл*

## ЛЫЖАЧЫ

Кышкы түн мемиреген айкын-ачык,
Толгон ай кар үстүндө нурун чачат.
Кычырап бак-дарактар башын ийип,
Берметтей бедерленген бубак басып,

Күркүрөп зоодон кулап окторулуп,
Күзгүдөй өзөн суусу жатты тынып,
Чабууттап ак булуттар асман менен,
Өтүшөт ойноктошуп асканы ашып,
Ошондо келе жатты бир лыжачы,
Кар жиреп Каспийден жолду ачып.

*1940 жыл*

## КИМ БОЛУУГА

Биз пионер талыкпас,
Жүрөгүбүздө от жайнап,
Эрдиктин эркин тилеги,
Жаштыкта толкуп күч жайнап.
Жаштыктын күчү толкундап,
Булбулдай чечен тил сайрап.

Биз да өсөрбүз жетилип,
Темирдей бышык бекилип,
Азамат эрдин эриндей,
Ишибиз элге сезилип,
Биз дагы өсүп толобуз,
Эр жетип баатыр болобуз.

Алыскы Ыраак Чыгыштын,
Чек арада турушкан.
Кол салган жапон-фашисттин,
Кан тырмагын жулушкан!
Кызыл кыраан болобуз,
Дагы өсүп толобуз.
Дүйнөлүк мерей алышкан,
Үлгүгө кыштан калышкан,

СССРдин иши үчүн,
Тарыхый жазуу жол ачкан.
Баатырлардан болобуз,
Ылдам өсүп толобуз.

Тоолорду бузуп жол салган,
Эмгектен эрдик даңк алган,

Ала-Тоо ашып, таш басып,
Арыкта асыл кен тапкан
Инженерден болобуз,
Дагы өсүп толобуз.

Жетебиз айткан максатка,
Тарбия берген атабыз.
Талыкпастан үйрөткөн,
Партия биздин агабыз.
Жаштыктын куту күүлөнүп,
Окуп да, ойноп жатабыз.

*1936-жыл.*

## ТОРПОГУМ

Жомогум, жомогум,
Жорго кара торпогум.
Алдыстагы ак камыш,
Аралаган торпогум.
Атка саман салганда,
Сагалаган торпогум.
Эй, торпогум, торпогум,
Качан мындай болгонсуң,
Күнгөйдөгү бетеге,
Күбүп жеген торпогум.
Тескейдеги бетеге,
Терип жеген торпогум.

Эй, торпогум, торпогум,
Качан мындай болгонсуң.

Сонун чөптүн баарысын,
Тандап жеген торпогум.
Карышкырга карматпай,
Камын жеген торпогум.

Эй, жомогум, жомогум,
Жорго кара торпогум!
Көп амалды үйрөнүп,
Качан мындай болгонсуң.

## БИРИНЧИ МАЙ

Бүгүн майрам, майрам май.
Биз майрамдап, көңүл жай.
Асмандагы самолёт,
Айдап жүрөт Акимбай.

Эй, самолёт, самолёт,
Биз да кошо учалык.
Асмандагы абада,
Биз да куштай сызалык.

Бүгүн майдын майрамы,
Даярданып баралы.
Асмандагы самолёт,
Биз да тушуп алалы.

Эй, самолёт, самолёт,
Бизди кошо ала кет.
Кремлге түздөн-түз
Бизди учуруп, ылдам жет

Эй, самолёт, самолёт,
Бүгүн майдын майрамы,
Ырдашып, ойноп жүрөбүз,
Эркин өскөн жайдары.

Эй, самолёт, самолёт,
Биз да кошо баралы,
Москвалык балдардан
Сонун белек алалы.

Дайым даяр биз даяр,
Бүгүн майдын майрамы.
Ырдап, ойноп жүрөбүз
Эркин өскөп жайдары.

Бүгүн майдын майрамы,
Ойноп, күлүп балдары,
Болот канат самолёт,
Биз да түшүп алалы.

*1940-жыл*

## ЖАШТАРГА

Жаштыктын ыры күү чалып,
Толкуган жаштар үн салат.
Күчкө келип күүлөнүп,
Жаштарда жалын от жанат.

Жаштардын жалын жүрөгү,
Жайдары эркин күлгөнү.
Жарк этип күлүп нурланган
Жаштыктын жарык мүнөзү.

Жайдын толгон күнүндөй,
Сайраса булбул үнүндөй.
Жайдары жаштар бийлесе
Гүлкайырдын гүлүндөй.

Иштесе иши ашынат,
Сүйлөсө көңүл ачылат.
Жаштыктын күчү күүлөнүп,
Толкундай оргуп ташынат.

Ойлосо ою өзгөндөй,
Илимге өнөр кошкондой.
Жаштарда чынгы джайлар,
Айга кулач созгондой.

Трактор айдап, мал багып
Тоолордон түрдүү кен казып,
Талаанын кыркын чыгарган,
Ишмердүү жаштар дагы ашып.

Ала-Тоо анын, тын башын,
Аскалуу моңгү кар басып,
Альпинисттер жаштардан
Тарыхка жазуу жол ачып.

Болот куш айдын асманда,
Дүйнөлүк морой ачканда.
Жаштарга салам жиберем
Жаш акын ырын жазганда.

*1938 жыл*

## КЫЗДАРГА

Таңдагы нурун чачкан Венерадай,
Таалайлуу алжабуудун кызы кандай!
Таанымал далай жерде баатырлыгы,
Тымылжып жаркыраган күйгөн шамдай.

Талыкпай алдыңдагы милдетиңен,
Шамдагай ачык мүнөз эткен таңдай.
Таасирлүү баатыр өскөн бул заманда,
Сүйлөгөн сөзү таттуу асыл балдай.

Тынымсыз эмгек кылып эл ичинде,
Токтоосуз тынкуу менен жүрөт кандай.
Телмирип шоола чачып, жүзүң ачык,
Деңизге тийип турган алтын айдай.

## КАРА ДЕҢИЗ

Мелтиреп Кара деңиз бетин кенен,
Беттешкен мемиреген асман менен,
Кайталган толкун менен аралашып,
Үстүндө жаа огундай кулач керем.

Жээгинде үйдөй таштан кулач алып,
Күрүлдөп деңгээлинен жатты ташып,
Оргуштап түрмөктөлгөн буурул толкун,
Урунуп зоого келип көбүк чачып.

Кемелер болот тумшук толкун жирэп,
Түтүнү бур бур жанып асман тиреп,
Алыстан кеп күн жүрүп албууттанып,
Жол салып чачыратып суунун күрөн.

# ТУРМУШ БААТЫРДЫ ТӨРӨЙТ

*(Поэмадан үзүндү)*

### *VI бөлүм*

Айлана тынчып мунарып,
Көз жетпей талаа суналып.
Ысыкка күйүп кеткен соң,
Чөптөр да калган кубарып.
Ошондо жүрөт бир бала,
Ачтыктан көзү тунарып,

Белинен бүгүп бүткөнкө,
Талаада куруч сугарып.
Каруусу кетип шай да жок.
Турууга сууда жай да жок.
Замана мындай болгон соң,
Кочорбос бишен айла жок.
Алаксытып жаш жанын,
Чыйпылдан бишка пайда жок.

Санаасы көпкө бөлүнөт,
Мөлмүлдөп жашы төгүлөт.
Чындап бир турмуш кыскан соң,
Өлгүдөй өмүр көрүнөт.

Булутсуз түндө ай жарык,
Муңканып жүргөн бир карып,
Жаш башка азап түшкөн соң,
Кайгыдан өңү саргарып.
Өзгөрөр күнү бар бекен
Жазылып башка бир тарых.
Түнөрүп жаткан боз талаа,
Андагы жүргөн жаш бала
Асман жерди бөлчүдай,
Алоолоп учат ой-санаа.
Ысык-Көл салкын жел менен
Чоңоюп өскөн жер кана.

Күндүз күрүч сугарат,
Суу куюп, кулун чыгарат.
Башына түйшүк түшкөн соң,
Саргарып өңү кубарат.

Колунда барлар зор экен,
Колунда жоктор кор экен.
Кедейим жүрөт муңайып,
Башына бүткөн шор экен.
Кайда да жүрсө мусапыр,
Казылган алды ор экен.
Кайгы-муңга аралаш,
Замана чалгын тор экен.

Кимдерди кимдер билишет,
Кыргыздар мында жүрүшөт.
Ач кадырын ток билбей,
Колунда барлар күлүшөт.

Бай менен манап ал жерде,
Купулдоп доорон сүрүшөт.

Жаш балдар менен энелер,
Жайдары мүнөз жеңелер,
Мусаапыр болуп зарланып,
Жайнаган шайыр энелер.

Мойнуна куржун артышып,
Койнуна тамак катышып,
Өлбөгөн соң жан айла,
Үй кыдыра басышып.
Кээ бири балак алышат,
Кээ бири сабак кылышат.
Кээ бири бектин айлы,
Көбүнүн башын жарышат.
Шаанына айттырып,
Кээ бирөөн орго салышат.

Кайгы менен өтөбү,
Зарланып көбү кетеби.
Алыскы калган жерине
Айланып кайра жетеби.
Же билбейм элеңдалар,
Кырылып баары бүтөбү.
Же кедей канын керектеп,
Куткарбас ажал күтөбү.
Ак шишик басып булайып,
Алтындай кожу кылайып,
Арманын айтар адам жок,
Адилет жаны муңайып.

Ошондо алды көргөндө
Көңүлү көккө бөлүнөт.
Сахнаны оюн ээлиген,
Көзүнүн жашы төгүлөт.
Балапан башы быша элек,
Жаш Кемел муңга чөмүлөт.

Көзгө басар дүйнөсүн,
Бектери тартып алышат.
Баш көтөргөн жан болсо,
Оркинче балык чабышат.
Кыямат башка түшкөн соң,
Тентиреп кайда барышат.
Көмүүгө алы келишпей,
Өлгөнүн сүйрөп салышат.
Өлбөгөн соң күн өттү,
Айланып эчен түн өттү.
Өлүм менен муң басып,
Какшаган далай үн өттү.
Канат кагып көкөлөп,
Алыстан учуп каз жетти.
Ай жылдарга айланып,
Келерки жайкы жаз жетти.

Атчу таң шоола чачкандай,
Күн нуру жерди баскандай.
Башкача кебер ташталды,
Жакшылык сырын ачкандай.
Эсен-соо энең калганы,
Тагдырдан алгуу ашкандай.

Күтүүгө жаңы кеп болуп,
Сөз аягы бек болуп,
Элдин болгон максаты,
Кетеби деп чек коюп,
Жоо-жаладан кайтууга,
Болгон малын жеп койду.

Жаңыдан өкмөт болду дейт,
Кедейге максат койду дейт,
Былтыркы көткөн элдердин
Курсактары тойду дейт,
Өңгөн-өскөн жерлерге
Кетели деген ойдо дейт.
«Кедейге бакты конду» дейт,
«Кедейден болуш болду» дейт.
«Ак падыша» дегенди
Түп тамырын жойду дейт.
Съездге кедей келди дейт,
Кедейге теңдик берди дейт.
Талаа, түзүн тең кылып
Бөлүп берди жерди дейт.
Бак-таалай башка конду дейт,
Сүйүнүп жүргөн элди дейт,
Ичкерден улук келишип,
Кыйналган калкты көрдү дейт.
Бай менен соодагерлердин
Дүнүйөсүн бөлдү дейт,
Бөлүп элге берди дейт.

Ушундай кабар таралып,
Уланып жатты саналып,
Жакшылык чети бар го деп,

Жүрөккө үмүт таралып,
Өскөн жерин сагынып
Арыган, азган кайран эл
Кыйынчылык ишке кабылып,
Ошондо жеңеп жатышты,
Жоо жалаңдап агылып.

Бул кабар жетип Кемелге,
Кемел да ойлоп жеңеөгө,
Кормакуп оңдуу сүткорго
Болмокчу беле өбөлгө.

Күн батар алды бешимде,
Ат сугарып кечинде.
Көңүлүн бөлүп алыска,
Келгенде жолу эсинде.

Атын ылдам сугарды,
Аялдап көпкө турабы.
Алыскы жакка бет алып,
Айылга көңүл бурбады.
Түнү менен жол жүрүп,
Болгондой бир топ жол жүрүп,
Тартынбай кетип баратат
Ат арыкта мол жүрүп.
Жүрөгү толкуп албырып,
Келатат го жаш кайып.

Бир жигит зарлап келатты,
Жоопуна адам көтөрүп,
Кашык кан жок денеде,
Күйүгүп түрө-түрө жөтөлүп.

Бул адам миңдин элеси,
Калды ой жетпеги денеси.
Эмчек сүтүн кор кылбай,
Кетирген жигит элеси.

Кеңүрөктө кең жара,
Ошонда бар шум санаа.
Жете келген ат менен
Ымыяны ысык жан бала.

«Энеке, атка миниңиз,
Тартынбастан жүрүңүз,
Бирге жаман кетебиз,
Мен да бала билиңиз»,-
Деди атка мингизип,
Ат куйругун түйгүзүп.
Ким экенин жан Кемел,
Айтып берди билгизип.

Ошондо кандуу ашууну,
Ашып кетип барышат,
Адам тарпын көргөндө,
Жашып кетип барышат,
Көрүп алсак жерди деп,
Шашып кетип барышат.
Ит, куштардын коргонун,
Качып кетип барышат.
Этен укмуш жерлерди,
Басып кетип барышат.

Ашууну ашып бүтүрүп,
Көл боюна түшөрдө.

Уккан сырды аныктап,
Айтылганды күтөрдө.
Постогулар тосуп келишип,
Учурашып көрүшүп,
Ат мингизип жеңсүнө,
Жол азыгын беришип,
Узатышып жатышты...

Шооласы Октябрдын чачкан экен,
Бетине алтын тарых жазган экен.
Жеңишин экөр жүзүнө ураан салып,
Кыргызга бакты-таалай ачкан экен.

# АКЕН МЕНЕН ЗУКЕШ

*(Бүтпөй калган поэмадан үзүндү)*

## I

Асманда жылдыз жымыңдап,
Шооласы жерге чубурат.
Жайкы түндө толгон ай,
Ааламдын жүзүн кыдырат.
Алдыстан соккон жел менен
Арманду бир үн угулат.
— Эрксиз мундуу, мен шордуу,
Канчайча сенден айрылам.
Алтындай көзүм өткөн соң,
Арстанга кантип кабылам.
Айласыз күндө жаралып,
Арманым айтып зарыгам.
Алмадай башым өткөн соң,
Акенге кантип табылам.
Ай тийбес көрдүн түбүндө,
Кара жер сени жамынам,
Карыптык башка түшкөн соң,
Түрлүүчө ойго кабылам.
Сүйбөгөн жарга баргыча,
Сүйрөлүп дарга асылам.

Түректей болгон денеңди
Кыя жер сага жашырам.

Күн айланды башыма,
Күйүттүү болуп ашынам,
Көргөндө сени Акеним,
Кан жашым селдей ташынам.
Ашыктык түбү зар экен,
Асылган душман бар экен.
Ажырап калат окшойбуз,
Алдыда жолум тар экен.
Агарган жоонун шумкары,
Айласыз күндө зар экен.
Кабылан элең жаным,
Кан келет кара көзүмө.
Калганды айтсам дартым кең,
Кандайча болдум дүйнөдө?
Кайнап бир турган бул жаштык,
Каржалат экен күнүгө.

Акылдан тайып дал болдум,
Үшүгөн гүлдөй мен соолдум.
Үмүтсүз экен бул өмүр,
Үзүлүп кетсе мен өмүрдүн.

Жөлөгүм Акен сен элең,
Сүйгөнүң Зүкен мен элем.
Зарланып калат окшойсуң,
Жаралуу жүрөк дегдеген.
Бир өмүр өтүп кеткен соң,
Кылымдайын кайра келбеген.

Акеним менин бүлбүлүм,
Арыбас, азбас дүлдүлүм.
Айласыз күндө жараган
Туурда менин туйгунум.
Туурадан туйгун таланса,
Туйгунун табар бекен дейм,
Тумчугуп жүргөн убайда
Күргүрүн алар бекен дейм,
Курбусу мында, ал кайда,
Кусасын карар бекен дейм.
Кумсарып жүрөм талаада,
Оюнда сапар бекен дейм!..

Аңгыча караан көрүнүп,
Әукештин ою бөлүнүп,
Зыкымдаган жел менен
Көз жашы жерге төгүлүп,
Катарланган кайгы-чер,
Таң аткандай сөгүлүп.
Айлапада Ала-Тоо
Алпештеп алыс керилип,
Асманда айдын шооласы
Күн нурундай себилип,
Сүйгөнү Акен келатат,
Махабатын берилип.

Болжошкон жерден көрүштү,
Эт жүрөктөр сүйүштү.
Кусадар болгон курган жан,
Бетпе бети тийишти.

2003 ж.

Сүйгөнү кетпес оюнан,
Башкача өтпөс жолунан.
Артыла түшкөн шок кошу
Чүрөктөй болгон моюндан.
«Ай жарыгы мунарды,
Алтын кеч неге тунарды.
Кадуудан чыккан топ караан
Ашыгып келген душманбы?
Асман жерди басканадай,
Адилет башым курманбы?
Айылдан чыга бергенде,
Абайлап карап турганбы?
Айласыз күндө жаралган
Зукешим жаным курманбы?»
Аңгыча жакып келгенде,
Кан качып, бети кубарды.
Дембигин кирип келишип:
«Сен кимсиң?», деп сурады.
«Кармагын кызым», — деген үн
Дагы да чыгып уланды.
Атайлап келген желдеттер
Кайнырышкан турабы.
Жакындап кирип келгени,
Жаа огундай сулады.
Чокмору тийип бирөөнүн
Сенделип Зукеш кулады.
Алтоонун бирөө жыгылды,
Корумга башы тыгылды.
Кыркырап жаткан Зукештин
Кайгылуу үнү угулду.
Аксаны көрүп алсырап,

Айласыз көзү жалдырап,
Бетинен аккан жошо кан
Бөйрүнүн жерге тамчылап,
Тура албай калды моңдуроп,
Кыйналып дене калтырап.
Кыймылга келбей кыйналып,
Акылдан тайып, алсырап.
Жайкы түндө толгон ай,
Шооласы түшкөн маңдырап.
Сыдырым соккон жайкы жел,
Күйүттү күүлөп жаңдырат.
Күмүштөй болгон тарам чач,
Бөйрүн каптап кандырат.
Жылдыздар учуп жымыңдап,
Ай менен кошо кылдырат.
Атыр жыттуу жайкы жел
Чөптөрдүн башын сыдырат.
Зоокадан түшкөн булактын
Түйлаган үнү угулат.

Акени менен алышып,
Алар бешөө, бир жалгыз.
Башы-көзгө чабышып,
Айласы кетип сендалып,
Колу колдо карышып,
Кор болуп кыйр кетчүдөй,
Бой бербей жүрөт алышып,
Желдеттер жүрөт жөөлүшүп,
Деминин жыйнап барышып.
Сенделип жерге жыгылды,
Желдеттер басып ыргыды.

Акыры өмүр өтчүдөй,
Дем ала албай кысылды.
Акенин Зукеш көргөндө,
Алсырап жатып чыйырды.
Аракет кылып турам деп,
Кайрадан жерге жыгылды,
Корукуктуу кайрап бет,
Үшүгөн гүлдөй кубулау.

Алсыраган Акенге
Бир муңдуу үн угулду:
«Качалы деген жеримден,
Куткарбай желдет кармадың.
Кайгыны бизге түшүрүп,
Кандайча жылан арбадың.
Карып байдын Тайгара
Кайтаргандан тайбадың.
Курган жанга бир өлүм,
Куткарбай эми кармадың.
Тытылып калсын аялың,
Узабас ыраак барарын.
Урматын көрбө жыргалдын,
Катышып кетсин каралдын.
Тоо толкундап сел жүрүп,
Тосулуп кетсин талабың.
Айланып күнүң түн болуп,
Артында калсын ыларың.

Турмушуң биздей түнөрсүн,
Үйүңдөн адам күлбөсүн.
Ат жалып тарткан жаш балаң

Алты күн тирүү жүрбөсүн!
Акеңимди сүйөмүн,
Ал күйгөн отко күйөмүн.
Алты айлык жолго кетсе да,
Артынан издеп жүрөмүн.
Каарыңарды чачтыңар,
Жүрөккө музду бастыңар.
Соолуп жаткан шордуу жан
Силердин эсе жеңдиңер.
Уядан учкан балапан,
Канаттарын тараган,
Кандайча күндө төрөлүп,
Атадан жалгыз жаралган.
Белеги курман мен белем,
Арылбапмын баладан».
Адегенде кулаган,
Акен да барып сулаган.
Алтоонун бирөө корулдап,
Алдастап жатат чала жан.
Кабынан чыгып бир козу,
Түтүктөп агат кызыл кан.

Башы-көзүн жөлөшүп,
Сокур көздөн өбүшүп,
Чырылдап жүрөт бир тобу,
Чыдай албай көрүшүп,
«Өлдүксөн акмак акырын» —
Дешип да калат согушуп.
Асманда жылдыз жыйылып,
Арасынан сүзүлүп.
Аскалуу тоонун артында,

Өрдөштөн соккон кайгы жел
Билинбей калды тыйылып.
Солуган карып жатышат,
Оптогон үнү туюлуп,
Оргуштап жаткан кызыл кан,
Боордой болуп уюлуп.
Алдына туура өңөрүп,
Акыл менен Зукошту
Айылга алып келишти.
Айылдын аккан өзөнөн
Араңдан зорго кечишти.
Аркы өйүздө Курмандын
Айылына өтүштү.

II

Зоолордун башын муз алган,
Тоолордун башын кар чалган.
Кылымдар жаткан мөңгүнү
Булактар көзөп жол салган.
Буулугуп аккан өзөнгө,
Бууракандап тез барган.
Буйдалган жерге уратып,
Түндүк бою жар кылган.

«Атакең байкуш карыды,
Энекең кансын арыды.
Мээнетти тартып жашынан
Күч кетип муун талыды.
Артында калган агаң жок,
Алдыңа барган иниң жок.

Армандуу болгон курган жан,
Кулунум, башка күнүм жок.
Курган кек бир аталып,
Угулучу үнүм жок.
Орчундуу барат жүрөгүм,
Жалбырттап жаткан түнүм жок,
Маңдайымда чырагым,
Түшүмдө турган тынарым,
Телегейим төрт кылып,
Кыбыгым ачып турарым.
Карыкалып калган кезимде
Ал-абалым сурарым.
Жоктоомду бар кылып,
Кадырлап чыны сунарым.
Кары кезим кашайды,
Жаратканы алдайбы?
Түнү түшүп башыма
Түлкүрөгүн салбайбы?
Курган кемпир, курган чал
Как талаада калбайбы.
Малдыбектин Курманы
Алкандарды алдайбы?»

Кеп омурдун ташы урап,
Сыны ылдый жаш кулап,
Сар оору болуп сенделип,
Атасы ыйлап да турат:

«Жаратканы чын болсо,
Кылдайча алуу болбоду.
Медерим үйдөн кеткенче

Жаздыкка башым койбодум.
Карганымда какчаңдап,
Кайгылуу болот окшодум.
Туйгунум алып учкан соң,
Тунжурап жатып боздодум.
Атакелеп аркамда
Арманым кошпойт окшодуң.
Куржун бай менин касымбы,
Оодарылбас тынымбы.
Чекеге бүткөн чыйкандай
Кетпеген оору асылды.
Төрт балам төртөө биригип,
Кара жер сага басылды.
Карылык башка түшкөн соң,
Менин да көрүм казылды.
Кайратым күндөп кайткан соң,
Менин да кайгым ашынды.
Айланайын кулунум,
Картайганда курудум.
Бир перзенттин айынан,
Күңгө ыйлап улудум».

Айыл-аял арадан
Калың адам чогулган,
Кемпир-чалы көргөндө
Муңга батып олтурган.

Энеси кичисин чыйылдайт,
Муң-зары күчөп кыйындайт.
Атасы сызып олтурат,
Көзүнүн жашы тыйылбайт.

Зүкөнүн жашы сел болуп,
Эсинен танып дал болуп,
Эбелек болгон шам-чырак,
«Сүйгөнү» башка эл болуп,
Сумсайып турат жалдырап,
Барары алыс жер болуп.

Аңгыча аттан кулады,
Алдастап дене сулады.
Акылдан танып дал болгон
Армандуу адам турабы?
Энеси кызын көргөндө,
Талпынып жетип жыгылды.
Күйгөн өмүр, куурган жан
Күч менен жерге урунду.
Оргуулган көчкүл кан
Мурдунан агып чубурду.
Калтыраган үн менен
Кайгылуу добуш угулду.
Кайын жене, кайын эне
Зүкөнү карап жүрүшөт,
Каткырышып бир жактан,
Капарсыздар күлүшөт.
Кимдер кимди билишет,
Армандуулар муң менен,
Көңүлүн ыйлап жүрүшөт.

Чоң Курмандын катыны
Тебетейин кийгизди,
Айылдагы келиндер
Кызды атына мингизди.

Бири жигит, бир аял
Эки жактан жандады.
Өтөп ташып Зукешти
Ат үстүнө кармады.
«Куда-кенектер» чубушуп,
Алысы жолго салганы.
Мүдүрөп дене дал болуп,
Кайгылуу эле калганы.

### III

Айыл башы, ак сакал
Чоң дөбөгө жыйылды.
Бала-чака айылдын
Келүүлөрү тыйылды.
Бүтүм жаңы башталды,
Көк чырпыктан кыйылды.
«Ишембинин күнүндө,
Өткөн жума түнүндө,
Курманкемдин жалчысы
Бир иш кылды көрүнөө.
Ошондуктан ак сакал
Чакырганбыз бүтүмгө.
Бирөөнүн аппак бүлөсүн
Ала качкан жеринен.
Күкөм бир топ жигитти,
Ат чаптырып жиберген.
Бирөө дароо барыптыр,
Камчы менен салыптыр.
Адылбектин Акени
Жарым күнгө калыптыр.

Бири жигит, бир аял
Эки жактан жандады.
Эстен тайган Зуушти
Ат үстүнө кармады.
«Куда-жээктер» чубашып,
Алыскы жолго салганы.
Мүңдүрөп дене дал болуп,
Кайгылуу эле калганы.

## III

Айыл башы, ак сакал
Чоң дөбөгө жыйылды.
Бала-чака айылдын
Күлүүлөрү тыйылды.
Бүтүм жаңы башталды,
Көк чырпыктан кыйылды.
«Ишембинин күнүндө,
Өткөн жума түнүндө,
Курманкелдин жалчысы
Бир иш кылды көрүнөө.
Ошондуктан ак сакал
Чакырганбыз бүтүмгө.
Бирөөнүн аппак бүлөсүн
Ала качкан жеринен.
Күкөм бир топ жигитти,
Ат чаптырып жиберген.
Бирөө дароо барыптыр,
Камчы менен салыптыр.
Адылбектин Акени
Жарым күнгө калыптыр.

Ал жигиттин оң көзүн
Дароо оюп алыптыр.

Тогуздап алар малы жок,
Төлөп берер алы жок.
Коколой калган куу башы,
Малы эмес жаны жок.
Жакага сепкен ал эмес,
Бир тоголок даны жок.
Карылардан кеп болсун,
Айтканыңар эп болсун.
Акылдашка — кеңешпей,
Бүгүмүңөр бек болсун»,
Деди элге билгизди
Курман байдын иниси.
Андыча мырза Жаныбек
Мындайча бүтүм жүргүздү.
Өйүзгө кабар билгизип,
Же Сибирге айдалсын,
Же болбосо жети күн,
Карандай сууга байлансын.
Азабын тартып өлбөгөй,
Ажалы болсо жайлансын.
Ак батага кол салган
Күнөөлүү ишке айлансын.
Ак сакалдар алдында
Бүтүмүм баштан тайбасын!
Кадырымды калтырбас,
Калганыңар айтарсың.

Бүтүмдү кабыл алышты,
Айылга түшүп барышты.

Тай союлган, кымыз бар,
Кайдагы сөздөн салышты.
Көп талашып чоңдордон
Куйтундашып калышты.

Ыр ырдаган бийөө бар,
Комуз черткен жүдөө бар.
Эки айылдын чоңдору
Айтыштыруу мүдөө бар.
Чечендикке салышты,
Токшу айтышып калышты.
Акырында экөө тең
Таңыган тоого барышты.
Маңдай-тескей асманы
Түнжүрөп туман басканы.
Өпкөлөтүп кара жаан,
Булут баскан асманды.
Коктулардан сел жүрүп,
Өзөндүн суусу ташканы.
Таш-таштардын түбүндө
Кой-эчки жүрөт корголоп.
Боз үйлөргө суу кирип,
Тешигинен шорголоп.

Иттер жүрөт кыңшылап,
Тыбы албай орун урушуп.
Жылкылар жүрөт ыктоодо,
Жаандан дене бурушуп.

Тирүү көзү өтчүдөй,
Айлынын шумкар кетчүдөй.

Жардам кылар бир жан жок,
Куткарбас ажал жетчүдөй.

Жаш дене күйүп чок болуп,
Жашоодон үмүт жок болуп,
Жабыркаган бир адам
Айласы турит токтолуп.

Оорулуудай сенделип,
Өбө айлапат башына.
Кандайча күндө жаралган
Муңун айтат жашына.
Бир топ күндөр мурунтан,
Кармалыптыр касына.
Урматсыз экен бул заман
Урулуптур ташына.

Чоң челектин ичинен
Чыгарып башын бекилген.
Белинче чейин суу алып,
Азаптын шору жетилген.
Өткөн күнкү бүтүмдө
Ушундай иши чечилген,
Таалайдын жолу байлашып
«Суу түрмөсү» кесилген.
Челектин үстү бекилип
Баш баткандай тешилген.
Ал кетин дене дилдырап,
Суу өтүп үшүп калтырап.
Аласын жаны тырышат,
Алтындай козу жалдырап.

Кызыл жүзү кубарып,
Тил күрмөлүп балдырап,
Ак бармак болуп шишиген,
Суу соргон дене шалдырап.
Муң-зарын айтат турмушка,
Акылдан тынып алсырап.

Жатканы бүгүн эки күн,
Качан өтөт кести түн.
Айылдан адам билишпейт
Онтолоп жаткан кандай үн.
Жолотпой желдет кайтарат.
Каарына алган кандай түн.
Ошондо ойдон кетпеген,
Сагынган колу жетпеген.
Сүйгөнү турат эсинде
Жылтанбас жүрөк дегдеген.
Ойлонуп кетет бир жактан
Өмүрдүн сыры чектелген.
Таалайдын күнү өчкөндөй,
Талаанын гүлү чөккөндөй.
Талпынып жүргөн курган жаш,
Тагылган түшүп көчкөндөй.
Бул дүйнө армандан,
Жароокер жаны өткөндөй:
Ажыдаар арбап айгышып,
Куруткуч үүсүп токкондой,
Жыгалашкан чымындай,
Дарманы жок кымылдай,
Күн-түн чыкпай олтурат.
Кара көз бир аз жумулбай,

Денеси бышуп ак тиштик,
Айтылган кеби угулбайт.

Кетерет экен салганды,
Куйөөсу мунда калганды.
Өктөсун албай ушундай,
Ким ойлойт өлуп калганды.
Арызын айтса дарты көп,
Кайгысы тунде арманы.
Алдыда кунун көп тилеп
Кетерет экен салганды.
Өлуру өтсө бул бойдон,
Өмурге бекер жаралды.

Учурда учуп талпынып,
Канаттарын тарады.
Очумду алып өтөм деп,
Кийинки кунду санады.
Жети кун сууда өткөрсө,
Курсан жаш тируу калабы.
Алты кун өттү айланып,
Карандай сууга байланып.
Кичтесин тартуу жан экен,
Кайран жаш турат зарланып.
Ачуу жандын жайы жок,
Отуучудей улдурап.
Калдык кан жок денеде,
Тура албай сууда чөдүрөп.
Ийнине чейин суу алып,
Ачуу бышты мун чалып.
Арманы канча айтарга,
Акылдан кетет дыттанып.

Бүгүнкү күн батабы,
Эртеңки таң атабы.
Алдыда турган келер түн
Кызгонбостон жатабы.
Ажалы жетип күн бүтсо,
Кара жер жашты басабы.
Кычголбой дене тулуштий,
Ушул бойдон катабы.

Ким билет тирүү калырын,
Сүйгөнүнө кезигип,
Жыя тартып барарын.
Кимы билсин таңдын атышын,
Ким билсин күндүн батышын.
Көрөр күнү бар бекен,
Ким билет тирүү калышын.

IV

Төшөктө жатат бир адам,
Энеси кургур алдырган,
Ажырабайт бир кадам.
Көз жашы агып мөңкөктөп.
Алп урушкан бир караан,
Салакет кетип, жан калып,
Көкүректе шум дарман
Кандайча жылыш күпоосу,
Кечирсби бул жалган.
Окторулган жаш жүрөк,
Суу сеңкендей муздаган.

Сүйлөйүн десе тили жок,
Кайгыдан башка иши жок.
Сумсайып жатат дармансыз,
Сүйгөнү жиндей киши жок.
Тура албай жатат алдастап,
Баш көтөрөр күчү жок.

Түнү түпүн башына,
Уу куюлуп жашына,
Улуп ыйлап олтурат,
Көрөр көз, күйөр кашына.
Көтөрбөс башка айла жок,
Турмуштун жалгап ташына.
Башын жөлөп кызынын,
Мунун айтып олтурат.
Кайгы үстүнө кайгыны
Катарлап тартып олтурат...

«Айланайын карыбым,
Армanda болуп арыдым.
Көтөрдүм башка түшкөндү,
Замана салган салыгын.
Өчүп калат өкпөйсүң,
Маңдайымда жарыгым.
Көкүрөктөн дарт кетпей,
Кайгы менен арыдым.
Каргалып жүрүп өмүрдө
Капалуу болуп талыдым.
Күнүм күйүп түтүлдү,
Азаптын зары жутулду.
Таалайым тайкы жаралып,

Азапка башым умтулду.
Өрттөнүп күйүп баратам,
Заманам жаман куурулду.
Жалдыраган көзүңдү,
Айтсаң боло сөзүңдү.
Айланайын кулунум,
Армандуу болчу наумбу.
Жаратканы чын болсо,
Менде калган өчүбү.

Уяга тууган куркулдай,
Бийикке тууган турумтай.
Балапаныи сакташат,
Ысыкуу, суукка урунтпай.
Мен урунттум баламды,
Как талаада каламбы?
Карып тарткан шордуу жениң,
Жүрөккө муңду саламбы.

Тигине атаң алжыды,
Күйүттүү энең карыды.
Айланайын карагым,
Адилет башым курганбы,
Арылбапмын муң-шордон,
Айланып жаткан туманбы.

Алыстан чыккан күнүмдү
Ачылар күнүм угабы.
Жалгызым көзү өткөн соң,
Кемпир, чал шору курганбы», —
Ушинтип зарлап олтуруп.

Эненин бирин кууады.
Сүйлөйүн десе сөзү жок.
Айтайын десе өзү жок.
Акеси кайда, ал мында,
Жүрөгү күйүп болот чок.

Сурмалуу көз очкондой,
Сүрөттөй бою чөккөндөй.
Алкымынын актыгы
Саргарган түзгө көчкөндөй.
Көз үстүндө кыйгач каш
Терилип такыр бүткөндөй.
Оозундагы туура тиш
Бир азапты күткөндөй.
Төбөдөгү калтар чач
Кеңтүгүнөн түшкөндөй,
Таралып жерге чубурат,
Көп бөлүгү да бүткөндөй.
Кыйгач келген кыр мурун
Башкача түргө өткөндөй.
Кутканбычу шум ажал
Жакындап ылдам жеткендей.
Өтчөн тегин дал болуп,
Денеден жаны кеткендей.
Кайран жаштык, кайран чак,
Кор болуп өмүр өткөндөй.

Күйгөндөй көзү жаркылдайт,
Алоорун бети балбылдайт.
Эс алып улам умтулат,
Кайрадан дене алсырайт.

Ангыча Акеп келгендей,
Атега салам бергендей.
Алек болгон Зукештин
Ал-абалын көргөндөй.

Акендин үнү угулду,
Төшөктөн Зукеш умтулду.
Тыпыныш туруп жете албай,
Кайрадан жерге жыгылды.

Экинчи кайра турбады,
Акеңге көңүл бурбады.
Жүрөгү сокпой токтолуп,
Кулаган бойдон сулады.

Алыска кеткен жол тартып,
Ашыктуу мунга малынды.
Сүйгөнүнөн ажырап,
Көл жатпай алыс зарыгып,
Кан аралаш жаш менен
Көрө албай көзү карыгып.

Тили кашып байланып,
Акеңинен ажырап,
Күсөндүр болуп айланып
Эсинен танып дал болгон.
Күйүттөн күйүп зарланып,
Аданы жүргөн бир айбан,
Кантсин жүрөк арданып.

Акылдан тайып дал болсо,
Атасына жеткирген.

Алыска кеткен Зукешти
Акырында келтирген.
Кандайча кундо жаралган,
Колдо бар-жогун өлтүргөн.
Аксап да калган алсырап,
Кабылан көзү калтырап.
Мууну да кеткен суу менен,
Соогу эле калган шалдырап.

Келерки кундо тилеги
Дагы эле арстан журогу,
Тышка салса тайыбас
Дагы эле баатыр билеги.
Кыпындай жалын жалбырттап,
Өорчур дейм оттун илеби.

*1939-жылы*

# КЫРГЫЗ АДАБИЯТЫНЫН КЫЯЛКЕЧ ЖАЗУУЧУСУ

*Майдандан келген каттар... Саргарып, өңү өчкөн, ар кандай кагазга жазылган жоокердик каттар. Ошол каттар биздин жазуучусу, акын, котормочу жана очеркист Кусейин Эсенкожоевдин өмүрүн жана чыгармачылыгын изилдөөчүлөргө да көп жагынан жардам берери шексиз. Анткени, «Советтик Кыргызстан жазуучулары» (түзгөн К.Самаганов) китебинде К. Эсенкожоев 1941-жылы Москва алдындагы салгылашууда курман болгондугу жөнүндө жазылганы туура эмес экен.*

Бирок жазуучунун майдандан жазган каттары К.Эсенкожоевдин кан кечип, Украинага чейин баргандыгын баяндап турат. Бир катта К. Эсенкожоев Дондон жазып жатканын баяндайт: *«Аалы агай! Алыскы Дондун мейкин талаасынан фронтовой саламымды жиберем! Аалы агай, көп убакыттан бери сиздер жактан кабар укпай, кат алалбадым, саламатчылыкты билдиришип, кат жазып турууңузду күтүп. Сиздин адабий чыгармачылыгыңыздын алга жылышына тилектеш болуп кат жазуучу иниңиз Кусейин».*

Жаш жазуучунун чыгармалары 16-17 жашка караган кезинде жазылып, фантастикалык «Саякатчы

бала», «Үчүнчү шар», «Шарше», «Родинанын уулу» аңгемелеринин, кийинчерээк жазылган «Канаттуулардын сыры» аттуу ыр китебинин басмадан жарык көрүп калышы болочоктогу жазуучунун шыгына шык, демине дем, күчүнө күч, акылына акыл кошкон.

Жазуучунун алгачкы ирдүү чыгармасы 1937-жылдын баш ченинде жазылганы, залкар акын А. Осмоновдун редакторлугу астында ошол жылы жарык көргөн «Саякатчы бала» аттуу фантастикалык аңгемеси улуттук жазма адабияттагы саамалык эле.

Күсейин Эсенкожоевдин жаштайынан адабият чөйрөсүнө батыл аралашып орус адабиятынын, анан калса дүйнөлүк адабияттын дөө шааларынын чыгармаларын күпт көөп окуп чыгып, ал эле эмес ошол чыгармаларды кыргыздын жорго тилине салып которууга белсенип киришкени кимди болбосун кайдыгер калтырган эмес. Ошол кездеги адабият сүйүүчүлөрү, кесиптештери жаңыдан түптөлүп келаткан кыргыз адабиятында келечектен көп нерсени үмүт кылдырган дагы бир талանттуу котормочунун пайда болгонун айтышып, аны кыргыз адабиятындагы чоң табылга катары баалашкан. Тилекке каршы, анын чыгармачылыгы тез күн-түнүн, улам жаңы чыгармалардын түрмөгүн жаратып турган чагында бул жашоо менен эрксизден кош айтышкан. Кандуу согуш кырк гүлүнүн бир гүлү ачыла элек, бир болгону 24төгү жаш жазуучуну арабыздан алып кетти. Согуш талаасында жазылган бир топ чыгармалары өзүнөн кийинки урпактарына тийбей да калды. Ошондой болсо дагы фронтовик-жазуучунун биринчи чыгармалар жыйнагы 1952-жылы, өзү өлгөндөн туура сегиз жылдан кийин «Жалындуу жаштык» деген ат менен

жарыкка чыккан. Экинчи, «Аңгемелер жана ырлар» деген ат менен 1957-жылы, үчүнчүсү 1972-жылы жарык көргөн. Бирок жазуучунун бул жыйнагына анын көптөгөн чыгармалары киргизилген эмес.

Ошентип, Кусейин Эсенкожоевдин чыгармачылыгынын дыңы 1937-жылы балдар адабиятында, илимий фантастика жанры жөнүндө али сөз боло элек мезгилинде бузулуп, көпчүлүк чыгармалары педагогикалык техникумда окуп жүргөн мезгилинде басылып чыккан.

Педагогикалык техникум – өзүнчө бир тарых. Тээ мурунку учурда тартылып калган эски фотолор саргайып, качанкы окууларды эске салып, тарыхка айланганы чындык. Күлүйпа Кондучалова, Алыкул Осмоновду арманга салган Айдай Жигиталиева жана Аалы Токтогулов, Кусейин Эсенкожоев менен бир сүрөттөн бизди тиктеп турушат. Алар күлгүн куракта түшкөн сүрөт көп нерсени баяндайт.

Кусейин Эсенкожоев 1942 жылы 10 сентябрда жазган катында «Ленинград в борьбе» деген документалдык кинодон К.Кондучалованы көргөнүн жазыптыр.

*«Курман! Кандай жакшы турасыңбы? Андагы ага-туугандар, көргөн-билгендер кандай турушат? Бул катты батыш багыттын бир калың токоюнун арасында, жер кепеде, күз күнүнүн жаанынан жашынып дегендей, төбөдөн чуулдап өтүп жаткан окторго көңүл бөлбөй, жайбаракат стол үстүндө олтуруп алып жазып олтурум.*

*Азыр фронтто болсо да үйдө жүргөнсүп көңүл кеттим. Госпиталдан келе жатып, Калугадан кат жаздым эле, алгандырсың? Мен Ташкенттен кеткенден бери сенден кат албадым. Кат жазып турууңду күтөм.*

*Балким, менин жазган каттарым келбей жаткан дыр. Илийдин жазган катын жетиталдын алдым эле. Иманкул кайда? Зайт Караколдо эле турабы? (Зайт Кыдырбаев — шинкеси. мугалим). Молдогазы жазуучу бала-бакырасы менен жакшы турабы? «Ленинград в борьбе» деген кинодон Абдулинди, Усенбаевди, Кондучаловаңы жана башкаларды көрдүм. Фронттордо болуп жатканды газетадан окуп жатсаңдыр сен. Кыскасы, биздин турмушта шайыр турмуш жок. Кээде биздин Катюша ойноп кетет, самолет картошкасын сээп, жинимет жинасын бүркүп жиберет. Жарадылыштын оюн-шоогу болуп жатканыдай болот да турат. Курман! Кат жазып турушуңду күтөм. Менден тааныгандарга салам.*

*Кош, саламатта бол! Кусейин. 10 сентябрь, 42-жылы.*

Айта кетсек, каргашалуу согуштун чыгышы К.Эсенкожоевдин жогорку билим алуусун улантууга кедерги болуп:

«Жаңылдым искерликке эрким менен.
Ар иштин башын коштум ойлоп терең.
Жактырдым улуу сыймык, улуу ишти,
Тилегим орундалды, жолум кенен» — деп согуш майданына өз эрки менен жөнөгөн.

Кусейиндин майдандан жазган каттары абдан салмактуу жана анын ички дүйнөсүн чагылдырат. Ал өзүнүн тааныш жазуучуларына, туугандарына кат жазып кабар алып, 1944-жылдын март айына чейин жазган материалдарын жөнөтүп турган.

Фронтто Кусейин Эсенкожоев акындар Ж.Турусбеков менен Т.Үмөталиевге жолугуп, Кыргызстан жөнүндө түнү бою сүйлөшүп чыгышкан.

Согуштан Аалы Токомбаевге жазган каты:

*«Эгер, батыш жактан Союздаштарыбыз душманды кысса, биздин жерден жүрдүнүн сүңсүн жыл албай калар эле. Эми жалпы турмуш жаман эмес, ден соолукта кат жазышып турушуңузду күтөм. Андагы ага-туугандарга салам-дуба айтып коюңуз. Кайыр кош, саламатта болушуңуздарды күтүп, кат жазуучу иниңиз Кусейин Эсенкожоев. 7-октябрь, 43-жыл».*

1943-жылы 8-июнда Курман Кыдырбаевга жазган катында Аалы Токомбаевге, Алыкул Осмоновго, Кубанычбек Маликовго жана башкаларга салам жиберген...

*«Аалы агайга, Жоомартка, Догдуровго, Алыкулга, Саманчыга, Кубанычбекке, Эшмамбетовго менден салам... Айтса, Түгөлбайдын «Кең-Суусу» тартылды бекен. Мукайдын «Узак жолу» кыскараар бекен? Жаңы шартка карай кандай тема табышып, аягына чыгалбай жатышты экен?..»*

Кыргыз адабиятынын кыялкеч жазуучусу Кусейин Эсенкожоевдин майдандан жазган каттары жоокердик мүнөзүн чыңдап, мекенге болгон мээримин арттырып, көркөм сөз өнөрүнө болгон мамилесин ого бетер олуттуу деңгээлге жеткиргендигин айгинелейт. Ошондой эле, каттар К. Эсенкожоев согушка чейин эле адабият чөйрөсүндө өзүн алкынып, М. Догдуров, Ж. Бөкөнбаев, Г. Айтиев, А. Осмонов, А. Токомбаев, К. Маликов, К. Эшманбетов, А. Алдашев, М. Токобаев өңдүү кыргыз адабиятынын, маданиятынын өзөгүн түзгөн адамдар менен чыгармачылык алакада болгондугун маалымдайт. Кусейин курдаштарына жазган катында:

Фронтто Кусейин Эсенкожоев акындар Ж.Турусбеков менен Т.Үмөталиевге жолугуп, Кыргызстан жөнүндө түнү бою сүйлөшүп чыгышкан.

Согуштан Аалы Токомбаевге жазган каты:

*«Эгер, батыш жактан Союздаштарыбыз душманды кысса, биздин жерден жүрдүнүн сүңсүн жыл албай калар эле. Эми жалпы турмуш жаман эмес, ден соолукта кат жазышып турушуңузду күтөм. Андагы ага-туугандарга салам-дуба айтып коюңуз. Кайыр кош, саламатта болушуңуздарды күтүп, кат жазуучу иниңиз Кусейин Эсенкожоев. 7-октябрь, 43-жыл».*

1943-жылы 8-июнда Курман Кыдырбаевга жазган катында Аалы Токомбаевге, Алыкул Осмоновго, Кубанычбек Маликовго жана башкаларга салам жиберген...

*«Аалы агайга, Жоомартка, Цвгдурвего, Алыкулга, Самынчыга, Кубанычбекке, Эшмамбетовго менден салам... Айтса, Түгөлбайдын «Кең-Суусу» тартылды бекен. Мукайдын «Узак жолу» кыскараар бекен? Жаңы шартка карай кандай тема табышып, аягына чыгалбай жатышты экен?..»*

Кыргыз адабиятынын кыялкеч жазуучусу Кусейин Эсенкожоевдин майдандан жазган каттары жоокердик мүнөзүн чыңдап, мекенге болгон мээримин арттырып, көркөм сөз өнөрүнө болгон мамилесин ого бетер олуттуу деңгээлге жеткиргендигин айгинелейт. Ошондой эле, каттар К. Эсенкожоев согушка чейин эле адабият чөйрөсүндө оозго алынып, М. Догдуров, Ж. Бөкөнбаев, Г. Айтиев, А. Осмонов, А. Токомбаев, К. Маликов, К. Эшманбетов, А. Алдашев, М. Токобаев өңдүү кыргыз адабиятынын, маданиятынын өзөгүн түзгөн адамдар менен чыгармачылык алакада болгондугун маалымдайт. Кусейин курдаштарына жазган катында:

*«Менин жүрөгүм бирөө болсо, Москва миллиондордун жүрөгү! Ошондуктан ал дүйнө жүзүндөгү ак ниет адамдарга согуп турсун үчүн жүрөгүмдү ошо тосом!»*

дегендей эли-жери үчүн өмүрүн берген.

Акын жана жазуучу Кусейин Эсенкожоев 1944-жылдын 15-мартында Нижнеднестровскидеги Кызыл Туулуу гвардиялык дивизиясынын минометтук взводунун командири катары душмандын огунан көз жумган. Тирүү болсо К.Эсенкожоев Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимнин түзүүгө катышмагын майдандаш калемдеши, досу, Беларус акыны Иван Муравейконун 1944-жылы 24-мартта Кыргызстан жазуучулар союзуна жазган каты маалымдайт.

*«Кечээ, 23-март, 1944-жылы Эсенкожоевдин атына Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик гимнин түзүү жөнүндө кабарлаган кат келди. Бирок... Эсенкожоев тирүү эмес, ошондуктан ал Гимнди түзүүгө катыша албайт. Душмандын огу баатыр жоокерди, минометтук взводдун командирин, гвардиянын лейтенантын, Нижнеднестровск Кызыл Туулуу гвардиялык дивизиянын офицерин өлтүрдү. Душмандын огу биздин досубуз жана солдатты, кыргыз элинин уулун, Россиянын түштүгүнүн жаш жазуучусун окко учурду.*

*Эсенкожоев экөөбүз бир жарым жыл бою бир полкто кызмат кылдык. Ал боорукер, камкор жана таланттуу акын эле. Ал экөөбүз бардык жагынан (жашыбыз, кызматыбыз боюнча) бирдей элек. Экөөбүз эки башка тараптан – мен Белоруссиядан, ал ааламдын экинчи тарабынан болгондугуна карабастан, бир туугандай ачылып сүйлөшүп турганбыз. Ал менин ырларымды кыргыз тилине, мен анын ырларын орус тилине которчу элек. Бирок ал азыр жок.*

*Мен бир нерсеге өтө өкүнөм — анын дептерин алып калып силерге жибере албай калгандыгыма. Анткени алып калууга мүмкүн болбогон шартта курман болду.*

*Кымбаттуу жолдоштор! Эгер мүмкүн болсо мага бир жакшылык кылып, Эсенкожоевдин чыгармалар жыйнагын жиберсеңер (кайсы тилде болсо да). Менин бул суроомду орундатасыздар го деп ойлойм.*

*Кыргыз элинин баатыр уулу, өз Мекенинин жалындуу патриоту жөнүндө эстелик биздин жүрөгүбүздө дайым сакталып калды. Ал душманды акын катары гана кыйратпастан, анын колунан жүздөгөн гитлерчилер кырылды. Анын көкүрөгүн «Эрдик үчүн» медалы менен «Кызыл жылдыз» ордени кооздоп турчу. Анын өлгөндүгүн укпандагы менин кайгымды, жүрөгүмдүн сыздаганын сөз менен айта албайм... Менин тилегим согуш бүткөндөн кийин өзүмдүн эң жакын жолдошумдун жергесине барып келүү...*

*Гвардиялык саламым менен фронт акыны И. Мурaвейко. 24-март, 1944-жыл».*

Бир катында Күсейин Эсенкожоев реалдуу турмушту жана кай бир жазуучулардын «фантазияларын» чагылдырат. 1943-жылы 8-июлда жазган катында ал мындай ой айтат:

*«...Чыныгы турмуштун институту көзүң менен көргөн, колуң менен узарткан, баштан өткөргөн бул дүйнөдө болуп жаткан (ар бир доордогу, ар бир коомдогу) окуялар экен. Мен көптөн бери күндөлүк жазышымы болгонду койдум. Кол бош учурлар боло калганда, жазса жаза бере турганмын. Бирок далпдыксыз жазуу анчейин гана бирдеме болуп калчудай. Ошентсе да, мен болуп жаткан согуштун катышуучусу болсом да,*

*убактылуу, шартка ылайыктуу бир нерсе болуп калуучудай.*

*Курман! Байкап көрчү, азыр дүйнө жүзү кандай абалда экенин? А ал эми биздин жазуучулар кандай «фантазияны» баштарынан чыгарып жатышат экен. Алардын согуш жөнүндө жазып жаткандарын фронтто болуп жаткан чындыктарга салыштырып көрсөң канчалык проценти соответствовать этер эле?»*

Элим өсөт, мен да бирге гүлдөймүн,
Мен да өсүп, жаңылыкка үндөймүн.
Каным бүтүп, денем жерге киргенче,
Элим, жерим туурасында сүйлөймүн!

деп акын ушул төрт сабына бүткүл турмуштук жана чыгармачылык максат-мүдөөсүн сыйдырып, өз тагдыры үчүн сөз айтып кетиптир.

Кусейин Эсенкожоев кыргыз адабият майданына он жети жашында келип, аз гана жашаган өмүрүндө бүгүнкү күнгө чейин окурмандар сүйүп окуган бийик чыгармаларды жаратты. Кусейин Эсенкожоев атындагы коомдук фонду балдар жазуучусунун ысымын алып жүргөн мектептин алдындагы эстелигин жаңыртты. 2011-жылы Ысык-Көл облустук балдар китепканасы жамаатынын Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат жана туризм министрлигине кайрылуусунун негизинде К.Эсенкожоев атындагы Ысык-Көл облустук балдар жана жаштар китепканалык борбору болуп түзүлдү. Котормочу, балдар жана биринчи фантаст жазуучунун чыгармалары, эрдиги келечек муундар үчүн эстелик катары калат жана ар тараптуу изилдөөгө, толуктоолорго муктаж.

***Айша САБЫРБЕКОВА***

# МАЗМУНУ

Кусейин Эсенкожоев ........ 3

## ПРОЗАЛАР

Саякатчы бала ........ 7
Үчүнчү шар ........ 30
Родинанын уулу ........ 56
Шарпе ........ 87

## ЫРЛАР

Канаттуулардын сыры ........ 111
Сагызган ........ 112
Кара карга ........ 113
Ала карга ........ 114
Чөкө таан жана кара таан ........ 115
Жору ........ 116
Жылан сары кулаалы ........ 117
Турумтай ........ 118
Жагалмай ........ 119
Кыргый ........ 120
Ылаачын ........ 121
Куш ........ 122
Итолгу ........ 123
Бүркүт ........ 124
Таранчы ........ 126
Торгой ........ 127
Чыйырчык ........ 128
Чакчыгай ........ 130
Карлыгач ........ 131

Чабалекей ........................................................ 132
Жылкычы кучкач ........................................................ 133
Булбул ........................................................ 134
Үпүп ........................................................ 138
Үкү ........................................................ 139
Көк кытан ........................................................ 140
Күйкө ........................................................ 141
Борбаш ........................................................ 142
Бөдөнө ........................................................ 143
Кекилик ........................................................ 144
Кыргоол ........................................................ 145
Чил ........................................................ 146
Өрдөк ........................................................ 147
Куу ........................................................ 148
Көгүчкөн ........................................................ 149
Улар ........................................................ 151
Жарганат ........................................................ 152
Туулган жерге ........................................................ 154
Сенин уулуң ........................................................ 156
Чынар менен булбул ........................................................ 158
Алыстагы кит ........................................................ 160
Туулган жерге кайтканда ........................................................ 161
Ишке ашкан тилек ........................................................ 165
Биздин учкуч ........................................................ 170
Жаш билек, баатыр жүрөк ........................................................ 171
Кыргыздар (*Өткөн чакта*) ........................................................ 172
Депутат кыз ........................................................ 174
Айыл ........................................................ 176
Биздин жерде ........................................................ 178
Энекем! ........................................................ 179
Лыжачы ........................................................ 180
Ким болууга ........................................................ 181
Торпогум ........................................................ 183
Биринчи май ........................................................ 184

Жаштарга ........................................................................ 186
Кыздарга ........................................................................ 188
Кара деңиз ...................................................................... 189
Турмуш баатырды тарбайт (*Поэмадан үзүндү*) .................. 190
Акен менен Зуке (*Бүтпөй калган поэмадан үзүндү*) ..... 198

## АВТОР ЖӨНҮНДӨ

Кыргыз адабиятынын кыялкеч жазуучусу ........................ 221

*Көркөм-адабий басылма*

**Эсенкожоев Кусейин**

**Чыгармалар жыйнагы**

*Аңгемелер жана ырлар*

Редактору С.Кыдыралиева
Корректору А.Жолдошева
Мукабасын даярдаган М.Кадыров
Компьютерде калыпка салган Р.Терибаева

**Басууга 10.11.2017-ж. кол коюлду.**
**Кагаздын форматы 60x84 1/16.**
**Көлөмү 14.5 б.т. Нускасы 500.**

**«ST.art Ltd» ЖЧК**
**басмаканасында басылды**
**720040, Кыргыз Республикасы,**
**Бишкек ш., Тыныстанов көч., 199–46**